ЫСЫК-КӨЛ 70-ЖЫЛ

ЫСЫК-КӨЛ КЫРГЫЗ



БЕРМЕТИ

26.891.
К-19

А.Г. Каниметов

ЫСЫК-КӨЛ КЫРГЫЗ БЕРМЕТИ

№ 270864

«Турар»
Бишкек 2009

УДК 908
ББК 26.891
К 19

Китеп Ысык-Көл областынын 70 жылдыгына арналып, анын чыгарылышына областтык мамлекеттик администрациясы демөөрчүлүк көрсөтүштү.

Жооптуу редактору:
Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын биринчи орун басары Алышбаев К.К.
Редколлегия:
Осмонбаева А.Б., Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын билим, маданият, жаштар саясаты жана спорт бөлүмүнүн башчысы.
Кайырбеков Ш.

А.Г. Каниметов
К 19 **Ысык-Көл кыргыз бермети.** - Б.: Турар, 2009. - 172 б.

ISBN 978-9967-421-91-2

Эл тарыхы – учу бүтпөс узун дарыя эмеспи. Ата-Журтту, эл-жерди, өткөн тарыхты, областтын аймагындагы түрдүү табигый, экономикалык, социалдык кубулуштарды, табиятты коргоо, жер-суунун аталыш тарыхын билүү ар бир адамдын күнүмдүк муктаждыгы. Бул китепте Ысык-Көл өрөөнүнүн тарыхта баскан жолу, областтын уюшкандыгы менен бир катар аймакка салым кошкон, келечек муундары үчүн өмүрү өрнөк боло турган атуулдарыбыздын өмүр тажрыйбалары камтылып олтурат.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

К 1805080000 - 09

УДК 908
ББК 26.891

ISBN 978-9967-421-91-2

© А.Г. Каниметов, 2009



Урматтуу окурман!

Сиздин колуңуздагы жыйнак касиеттүү Ысык-Көл өрөөнүнүн тарыхы жана анын ичиндеги облусубуз басып өткөн 70 жылдык мааракесине арналат. Бул мезгил кыргыз элинин көөнө тарыхынын мерчеминен алганда аз гана мөөнөттөй сезилет. Бирок, ички мазмуну жагынан бир жылы он жылга, он жылы кылымга татыган 70 жыл ичинде Көл өрөөнү саясий, экономикалык, социалдык, маданий жактан олуттуу өнүгүүгө ээ болду. Жалпы кыргыз калкы менен бирге биздин облустун тургундары да жокчулукту, ачарчылыкты, согуштун апаат жылдарын баштан кечирип, улуу жеңиштин шаңдуу күндөрүнө күбө болушту. Азыркы тарыхый мезгилде Көл кылаасынын эмгекчилери да жалпы элибиздин энчисине тийген эгемендүүлүктүн туусун ар-намыстуулук менен бийик көтөрүп, эркин Кыргызстандын президентинин жүргүзгөн

саясатын талыкпас мээнет, кажыбас кайрат менен турмушка ашырууда.

1939-жылдын 21-ноябрында СССР Жогорку Советинин Указы менен Ысык-Көл облусу түзүлгөн. Ал кезде облустун карамагына Каракол шаары, Балыкчы шаар тибиндеги поселогу, Балыкчы, Жети-өгүз, Ысык-Көл, Каракол, Тоң, Түп райондору кирип, аянты 41,9 миң чарчы км. ди түзүп, анда 174,2 миң адам жашаган.

Азыркы күнү облуста 5 административдик район, 3 шаар, 5 шаарча , 61 айыл өкмөтү жана 182 калктуу пункттар бар. Облустун калкы 437088 миң адамды түзөт. Касиеттүү Ысык-Көл кылаасы адам баласын эзелтен бери өзүнө ынтызарланта тартып келген. Ысык-Көл өрөөнүн адам таш доорунда мекендегенин археологиялык эстеликтер күбөлөп турат. Орто кылым мезгилинде бул аймакта гүлдөгөн шаарлар көп болгон. Улуу Жибек жолунун бир тармагы Көл аркылуу өтүп, экономика менен маданият байыртадан эле өнүккөн деңгээлге көтөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын кайсы гана бурчунда жашабасын ар бир кыргыз Ысык-Көлдү ыйык тутуп, жалпы улуттун сыймыгы деп таанышат. Ысык-Көл өрөөнүнүн климаты, таза абасы жана дарылык касиети бар минералдашкан суусу ден соолуктун чыңдалышына чоң көмөк берет. Ушуну менен бирге көл кылаасы туризм менен эс алуу индустриясын өнүктүрүүдө зор потенциалы бар аймак болуп эсептелет.

Жеке эле Кыргызстан эмес, бүтүндөй Борбордук Азиянын жер сооруусу болгон касиеттүү Ысык-Көл жергесинин өсүп-өнүгүшүнө облусубуздун түзүлгөн күнүнөн баштап өзүлөрүнүн күч кубатын, бүткүл уюштуруучулук жөндөмүн арнашкан, 70 жылдык тарыхыбыздын баракгарына көөнөргүс болуп жазылып калган асыл иштердин башатында турган атуулдарыбыздын ысымдары тарыхта кала бермекчи.

Облусубуздун эли үчүн бүгүнкү күн - өзүнүн жылнаама баракчарына жылдызы жанган күндөрдүн бири катары жазылып калаарында шек жок.

Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрация башчысы-губернатор
К. Исаев

Указ

Президиума Верховного Совета СССР «Об образовании Фрунзенской, Иссык-Кульской, Тянь-Шаньской, Джалал-абадской и Ошской области» в составе Киргизской ССР.

21 ноября 1939г.

Утвердить Постановление Президиума Верховного Совета Киргизской Советской Социалистической Республики:

I. Об образовании Фрунзенской области с центром в г.Фрунзе. В состав Фрунзенской области включить: города фрунзе, Токмак и районы: Буденновский, Ворошиловский, Сокулукский, Калининский, Кантский, Кеминский, Кировский, Ленинпольский, Таласский и Чуйский.

II. Об образовании Иссык-Кульской области с центром в г.Каракол, с переименованием его в г.Пржевальск. В состав Иссык-Кульской области включить г.Пржевальск и районы: Балыкчинский, Джеты-Огузский, Иссык-Кульский, Пржевальский, Тонский и Тюпский.

III. Об образовании Тянь-Шаньской области с центром в г. Нарын. В состав Тянь-Шаньской области включить: г.Нарын и районы: Ак-Талинский, Ат-Башинский, Джумгальский, Кочкорский, Нарынский и Тогуз-Тороуский.

IV. Об образовании Джалал-Абадской области с центром в Джалал-Абад. В состав Джалал-Абадской области

включить: г.Джалал-Абад, поселок Кок-Янгак и районы: Ала-Букинский, Базар-Курганский, Джалал-Абадский, Караванский, Кетмень-Тюбинский, Ленинский, Октябрьский, Таш-Кумырский, Уч-Терекский и Чаткальский.

V. Об образовании Ошской области с центром в г.Ош. В состав Ошской области включить: город Ош, Кызыл-Кия, пос. Сулюкта и районы: Алайский, Араванский, Баткенский, Гульчинский, Кара-Суйский, Куршабский, Ляйлякский, Наукатский, Ошский, Советский, Узгенский, Халмионский и Чон-Алайский.

VI. О ликвидации Джалал-Абадского, Иссык-Кульского, Ошского и Тянь-Шаньского округов.

Председатель Президиума
Верховного Совета СССР **М.Калинин.**

Секретарь Президиума
Верховного Совета СССР **А.Горкин**

Сборник документов: «КПСС и Советское правительство о Киргизстане». (1924-1974). Фрунзе: Кыргызстан, 1974с. 35-36.
Газета: Советская Киргизия, 1939. 23 ноября.

Указ

Президиума Верховного Совета Киргизской ССР об образовании Иссык-Кульской и Нарынской областей в составе Киргизской ССР

Президиум Верховного Совета Киргизской ССР

ПОСТАНОВЛЯЕТ:

1. Образовать в составе Киргизской ССР Иссык-Кульскую и Нарынскую области. В состав Иссык-Кульской области включить города Пржевальск, Рыбачье, и районы: Джеты-Огузский, Иссык-Кульский, Тонский и Тюпский.
Центром Иссык-Кульской области установить город Пржевальск.

   В состав Нарынской области включить: город Нарын и районы: Ак- Талинский, Ат-Башинский, Джумгальский, Кочкорский, Тогуз- Тороуский и Тянь-Шаньский.
Центром Нарынской области установить город Нарын.

2. Сохранить в подчинении республиканских органов города: Фрунзе, Талас, Токмак и районы Калининский, Кировский, Московский, Сокулукский, Таласский и Чуйский.

3. Внести настоящий Указ на утверждение Верховного Совета Киргизской ССР.

Председатель Президиума
Верховного Совета Киргизской ССР **Т.Кулатов**

Секретарь Президиума
Верховного Совета Киргизской ССР **Д.Абдраев**

Фрунзе, 11 декабря 1970 года № 1384-УП

Ысык-Көл облусу

Ысык-Көл облусу Кыргызстандын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан.

1939-ж. 21-ноябрда түзүлгөн. 1959-ж. 27-январда жоюлуп, кайра 1970-ж. 11-декабрда уюшулган. Ал эми 1988-ж. 5-октябрда Ысык-Көл облусуна Нарын облусу бириктирилип, 1990-ж. 14-декабрда алар кайра бөлүнгөн. Борбору - Каракол шаары. Ысык-Көл облусуна тиешелүү 5 административдик район – Ак-Суу, Ысык-Көл, Түп, Жети-Өгүз, Тоң жана Балыкчы, Чолпон-ата, Каракол шаарлары бар. Ошондой эле облуста 61 айыл өкмөтү жана 182 айыл жайгашкан. Түндүгүнөн жана түндүк чыгышынан Казакстан, чыгышынан жана түндүк чыгышынан Кытай, батышынан жана түштүк батышынан Нарын облусу, түндүк батышынан Чүй облусу менен чектешип турат.

Облустун жалпы аянты 43,1 миң чарчы км. ге жетет. Калкынын саны 437088 миң адамды түзөт.

Көп улуттуу, көбү кыргыздар (80%), калгандары орус, украин, казак, өзбек, татар, уйгур, дунган жана башка улуттар жашайт. Шаарлары: Каракол, Балыкчы, Чолпон- Ата, шаарчалары Кажы-Сай, Пристань-Пржевальск, Жыргалаң, Ак-Булак, Орто-Токой. Калк көп жашаган ири айылдары болуп Кызыл-Суу, Түп, Бөкөнбаев, Теплоключенко, Ананьева, Бостери, Саруу, Барскон, Григорьевка, Дархан эсептелет. Чоңдугу жагынан Ысык-Көл өрөөнү Орто Азияда Фергана өрөөнүнөн кийинки – 2 орунда. Анын борбордук бөлүгүн Ысык-Көл ээлейт. Көл түздүктөр менен курчалып, облустун аймагындагы кырка тоолор негизинен кеңдик багытта созулуп, эң чыгыш бөлүгүндө алар бири-бирине жакындашып, эң чоң Кан-Теңир (Муз-Тоо) тоо тоосун пайда кылат. Мында бүт Теңир-Тоонун эң бийик жери – Жеңиш чокусу (7439 м) жайгашкан.

Кен байлыктарынан алтын (Ак-Шыйрак тоосундагы Кум-Төр кени), көмүр (Жыргалаң, Сөгөттү), калай (Сары-Жаз суусунун өрөөнүндө), полиметалл (Жыргалаң полиметалл кендер тобу), вольфрам, жез, висмут кендери, цемент даярдоого жарактуу акиташ теги (Күрмөнтү), айнек куму жана башка курулуш материалдарынын кендери бар. Ошондой эле көл өрөөнүнүн аймагында дарылык касиети бар көптөгөн минералдуу ысык булактардын базасында Жети-Өгүз, Жыргалаң, Ак- Суу, Чолпон- Ата «Көгүлтүр Ысык-Көл», Тамга, «Кыргыз деңизи» жана башка курорт, санаторийлер иштейт. Облуста дары баткактардын ири кендери Покровка, Тамга, Жыргалаң, Күрмөнтү, Долинка, Чолпон- Ата, Чок- Тал, Улахолдо табылган.

Көл өрөөнүн курчап турган кырка тоолор муздак абанын өрөөнгө киришине токоолдук кылып турат . Көлдүн жыл бою тоңбогон суусу өрөөндүн климатын жумшартып, Теңир-Тоодогу башка тоо аралык өрөөндөрдүкүнөн өзгөчөлөнүп турат. Көлдүн батышынан улан, чыгышынан санташ шамалдары согот. Эң катуу шамал уландын ылдамдыгы 25-30м/секга жетет. Улан менен санташ бир убакта согуп, бири бирине беттешсе, көл үстүндө катуу толкунду пайда кылат.

Күнгөй Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн көбү Чоң-Ак-Суунун өрөөнүндө топтолгон. Тескей Ала-Тоонун көп сууларынын (Ак-Сай, Тоң, Тосор, Барскон, Жуку, Чоң-Кызыл- Суу, Жети-Өгүз, Каракол, Ак-Суу, Түргөн-Ак-Суу) башталышында мөңгүлөр бар. Муз каптоонун эң чоң очогу жана ири мөңгүлөр Кан-Тоо жана Жеңиш чокуларынын аймагында. Мында мөңгүлөрдүн жалпы аянты 1517 кмI ден ашат. Ири мөңгүлөрү: түштүк Эңилчек, Кайынды ж.б. Ысык-Көлгө 118 агын суу жана мезгили менен аккан өзөндөр куюп, андан бир да суу агып чыкпайт. Ири сууларына Жыргалаң (узундугу 250 км), Түп (120 км), Каракол, Түргөн-Ак- Суу, Чоң-Ак- Суу, Жети-Өгүз, Жуку, Чоң-Кызыл- Суу, Барскон жана башкалары сугат

иштерине пайдаланылат. Облустун аймагында дүйнөдөгү тоо көлдөрүнүн ирилеринин бири Ысык-Көл жайгашкан.



Ысык-Көл жана анын айланасындагы кыркаа тоолордун космостон көрүнүшү


Ысык-Көл облусунун тарыхы

Ысык-Көл өрөөнүнүн тарыхына карасак, Ысык-Көл кылаасы өтө жагымдуу табигый-климаттык шарттары менен, ыңгайлуу географиялык орду, керемет кооздуктары менен адамзат баласы байыркы мезгилдерден бери жашап келе жатат. Адам баласы областтын азыркы аймактарын байыркы таш доорунан эле өздөштүрүп келген. Бул археологиялык табигый эстеликтер аркылуу күбөлөп турат.



Өрөөндөгү байыркы адамдар палеолит доорунун башталышынан бери жашап келе жаткандыгын билебиз. Археологдор Балыкчы шаарынан 3 км. түштүк тараптагы Саламат-Булак тектирчесинен байыркы адам колдонуп жүргөн куралдарын табышып, байыркы аңчылык жана балыкчылык менен кесиптенишкендер көл кылаасында 140 миң жыл мурда жашаганын билгизип турат. Бул мезгилге тиешелүү Тосор суусунун оң жагынан табылган тургун жай. Ал жайдан 3 миңден ашык таш куралдары табылган.

Бул учурда адамдар «homo sapiens», башкача айтканда «ақ сезимдүү киши» болуп калышкан. Соңку палеолит мезгилинде (40-12 миң жыл мурда) адамдардын бирикмелери энелик уруу жамаатына өтүп, кандаш уруктардан турган уруулар пайда боло баштаган. Ал учурдун материалдык эстелиги Сары-Жаз үңкүрүнөн табылган оттук таштан жасалган куралдар болуп саналат. Б.з.ч . 6-3 миң жыл неолит доорунда байыркы адамдар мал чарбасы дыйканчылыкка өтө баштаган. Бул учурдун тургун жайлары Чолпон-Атага жакын жердеги Сары-Жаз суусунун боюнан табылган. Сары- Жаз суусунун боюнан табылган Ак-Чуңкур үңкүрүндө Кыргызстандагы эң байыркы аска бетиндеги сүрөттөр сакталып калган.




Ак-Чуңкур үңкүрү - неолит мезгилинде адам жашаган үңкүр. Ысык-Көлдүн түштүк чыгышындагы Сары-Жаз суусунун оң өйүзүндө. Үңкүр асканын боорунда, бийиктиги 2-4 м, узундугу 40 м. Бул үңкүрдүн каптал беттеринде тоо текелердин, жыландардын жошо менен тартылган сүрөттөрү жана кийинчерээк орто кылымдагы несториан Динин туткан адамдар калтырган жазуулар кезигишет. Үңкүрдөн байыркы адамдар колдонгон таш куралдар дагы табылган. Көл кылаасында б.з.ч. II миң жылдыктын ортосунан I миң жылдыктын башталышына чейин, бир канча уруулар мекендеп турган аймак катары саналат. Бул аймакта талаа- коло маданиятына кирген уруулар мекендеген жердин бир бөлүгү катары эсептелип, ал «Андронов»

маданияты деп аталган. Андронов маданиятындагы жашаган уруулар мал чарбасы дыйканчылык менен күн көрүшкөн. Металлдан, айрыкча колодон жасалган эмгек куралдары колдонулуп келген.




Ысык-Көлдүн күнгөйүнөн андроновдун маданият эстеликтеринин эң байыркыларынын бири – б.з.ч. XIV-XIII к-га таандык идиш табылган. (б.з.ч. XIV-XIII к-га таандык).



Андроновдуктардын турак жайы жаңа сонку коло доорунун тургун жайларын реконструкциялоо



Андрон маданиятынын карапасы



Канжарлар. Б.з.ч. II к. (Ысык-Көл өрөөнү)

Андронов мезгилинде мал чарбасы башкы орунду ээлеп, дыйканчылык көмөкчү ролдо болуп, көчмөн мал чарбасы абдан өрчүп турган. Көл өрөөнүндө металл иштетүү байыркы очокторунун бири катары саналып, Сары-Жаздагы калай кенчин билсек болот . Соңку коло доорунда Ысык-Көл аймагында кол өнөрчүлүк пайда болуп Каракол шаарына жакын жердеги Каракол суусунун боюнан канжар табылган.



Бул табылга б.з.ч. II миң жылдыкка таандык болуп, канжардын саптары жаныбарлардын сүрөттөрү жана оймо-чиймелер менен кооздолгон. Колодон жасалган *бул тарыхый эстеликтер байыркы* мезгилдеги усталардын сода-сатык үчүн жасалганын белгилеп турат.

Аялдардын фигуралары түрүндөгү курмандык столунун буттары. Б.з.ч. V-III кк. (Ысык-Көл өрөөнү, Челпек айылы)

Б.з.ч. VIII кылымдарда көчмөн мал чарбасы менен кесиптенген Ысык-Көлдүк уруулар көчүп-конуу менен кыш мезгилинде тоо этегинде ал эми жайкысын бийик тоолуу жайлоолордо жүрүү мүнөздүү болгон.

Көл кылаасында жашаган уруулар менен элдер жазма даректерде б.з.ч. I миң жылдыктын жарымынан баштап эскерилет. Мында б.з.ч . I миң жылдыкта (б.з.ч. VII-III к.) сактардын, андан кийин усундардын уруу бирикмелери жашагандыгы чыгыш даректеринен белгилүү. Байыркы перс булактарында орто азиялык көчмөндөр «сактар», ал эми байыркы грек даректеринде Евразиянын талааларындагы байыркы көчмөндөр «скифтер» деп аталган. Ал эми Жети-Суулук жана Ысык-Көлдүк сактар моңолдорго түспөлдөш келип, ар түрдүү тилде сүйлөшкөн деген ой пикирлер бар.

Ысык-Көл аймагындагы сактардын археологиялык эстеликтерине байыркы көрүстөндөр, аска бетиндеги тартылган сүрөттөр кирет. Түп жергесинен табылган ат жабдыктарынын 20сы коло буюмдарынан туруп, аларга оймо-чиймелер, сүрөттөр «айбинет стилинде» тартылып ал буюмдар б.з.ч. VII-VI кылымдарга таандык. Ал эми б.з.ч. V-III кылымдардагы эстеликке Тоң суусунун жээгиндеги Туура-Суу байыркы көрүстөнүнөн табылган буюмдар кирет.

Ошондой эле Көл өрөөнүндөгү Кырчын, Челпек, Таштак жерлериндеги археологиялык казуулардан көптөгөн колодон, металлдан



Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган эт бышыруучу коло казандар, Б.з.ч. V-III кк.

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА им. Н.К. КРУПСКОЙ № 270864



Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган карапалар

жасалган буюмдар (казан, курмандыктар, күзгү, билерик ж.б.) табылганын биле алабыз. Тарыхта сактардын темирди жана башка металдарды иштете алгандыгын далилдеп турат.




Оролгон пантеранын сүрөттөлүшү бар тактача. Ат жабдыгынын бөлүгү. Коло. Б.з.ч. VIII-VII кк. (Ысык-Көл өрөөнү)



Оролгон жырткычтын сүрөттөлүшү , таман астында сайгактын башы.. Коло. Б.з.ч. VI-VI кк. (Ысык-Көл өрөөнү)

Б.з.ч. II кылымда сактар алгач убакта көчмөн юэчжилер, андан кийин чыгыштан ооп келишкен түрк тилдүү усундар тарабынан Ысык-Көл өрөөнүнөн сүрүлгөн.




Коло ооздук - ат жабдыгын бөлүгү. Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган. Б. з. ч. V-III кк.



Жаткан букалардын фигуралары. Коло. Б.з ч. V-III кк. (Ысык-Көл өрөөнү, Челпек айылы)

Көл өрөөнүндөгү аска бетиндеги тартылган жаныбарлардын келбеттери жөнүндө сүрөттөр, ошол учурдагы сактар күнгө, отко сыйынышып, жолборс, карышкыр, ат,



Жолборстун башы түрүндөгү тигилме коло тактачалар. Б.з.ч V-II кк. (Ысык-Көл , Барскоон)



Сак мезгилинини куралдары

буканы урматташканын билгизип турат. Жети-Өгүз топоними ушул ыйык букаларга байланыштуу аталышы мүмкүн, анткени бука жеке эле топонимикалык жомоктордо гана эмес аска бетиндеги сүрөттөрдө дагы чагылдырылган.

Б.з.ч. II кылымдарда сак уруулары алгач көчмөн юэчжилер, андан кийин чыгыштан ооп келген түрк тилдүү усундар тарабынан Ысык-Көл өрөөнүнөн сүрүлгөн менен алардын айрым бөлүктөрү жаңы көчүп келген элдерге аралашып кетишкен. Усундар мезгилинен айырмаланган өзгөчөлүгү алардын акырындык менен биротоло калыптанышы болуп, саясий борбору Ысык-Көл ойдуңунда жайгашкан. Усундар Борбордук жана Орто Азияны мекендеген уруулар. Борбордук Азияда түрктөрдүн түпкү ата-бабалары болгон хунну урууларына кошуна жашашкан усундар б.з.ч. 160-ж. ченде Баркол, Лобнор аймагынан Жети-Сууга анын чегинен Ысык-Көл өрөөнүнө журт которуп келишип, бул аймактан юэчжилерди батышка сүрүп салышкан. Б.з.ч. II-I к. Усун уруулар бирикмесин түзүшкөн. Көчмөн мал чарбачылыгы (негизинен жылкы) менен кесип кылышкан, ошондой эле дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк да өнүккөн. Бул бирикменин борбору Ысык-Көлдүн тескейиндеги Чигу шаары (Кызыл өрөөн шаары) болгон. Мамлекет башында гуньмо («күн-бий») турган. Усундардын чыгыштагы атаандашы кубаттуу хуннулар болгон. Алар Борбордук Азиянын эбегейсиз кең аймагын ээлеп алышып, айрым учурда кыргыз менен динлиндердин жерлерин да каратып жүрүшкөн. Б.з.ч. 125-жылдан кийин Усундар хуннуларга каршы Кытай менен союз түзүшкөн.



Борбордук Азиянын Кытай картасы.
Ысык-Көл жана Кыргыз мамлекети көрсөтүлгөн
(б.з 618-907 жж.)

Байыркы кытай жазмаларындагы маалыматтар боюнча б.з.ч. 107-ж. усундардын күн-бийи Ханзу бегайымына үйлөнөт. Күн-бийдин ордосуна ал бегайымга арнап сарай салынган. Бул орто кытай жазма маалыматтарында «Чигучэн» («Кызыл өрөөн шаары») аталган. Археологиялык экспедициянын материалдарынын негизинде изилдөөчүлөр ал шаарды азыр көл астында калган Сары-Булуң шаар чалдыбарына (Түп району) окшоштурушат. Б.з.ч. 42-ж. Чигучэнди түндүк хуннулар менен каңгүй урууларынын бириккен аскери басып алганы тарыхта маалым.

Усундардын доору Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн ортосундагы согуштар менен гана чектелбестен, ошол учурдагы аймактагы элдердин өз ара маданий чарбалык байланыштары менен мүнөздүү деп айтсак болот. Усундардын



мезгилинде жана алардын коңшу аймактары аркылуу өткөн «Улуу жибек жолу» пайда болгонун жана өрчүгөнүн биле алабыз.



Усун мезгилиндеги чопо идиш (Чигу ш.)

Ысык-Көл өрөөнүндө усун уруу союзуна тиешелүү ар түрдүү байыркы көрүстөндөр табылган. Маселен, Челпек көрүстөнүндө адамдардын сөөгү менен бирге карапа идиштери жана металл жасалгалары коюлса, ал эми Жыргалаң суусунун боюнан ошондой эле Жергездеги табылган көрүстөндөрдө мүрзөлөрдүн оюгу устундар менен жабылган. Булардын баары Усун мамлекетиндеги калктын этностук курамы ар түрдүү элесин айгинелеп турат. Усундар Ысык-Көл аймагында б.з . I-V –кылымында деле саясий жактан башкы орунда туруп, бул аймакка Борбордук Азиядан монголоид тобуна кирген урууларды (хунну, эфталиттер) топтору улам күчөп келе башташкан. Усундар мамлекети качан кулагандыгы

жөнүндө тарыхый маалымат жок, тек гана ал мамлекеттин Дун Жин деген элчиси Кытайга б.з. 435-ж., ал эми кийинки 437-ж. келгендиги маалым. Б.з. V-кылымында бул өлкөнүн аймагын чыгыштан келген көчмөн жуан-жуандар (аварлар) басып алышкан, айрым жерлери эфталиттердин мамлекетине кирген. Административдик жагынан Усун мамлекети 3кө бөлүнгөн: сол (чыгыш), оң (батыш) жана борбордук бөлүгү күн бакка баш ийген. Ар бир бөлүктүн 10 миң колдон турган туруктуу аскери болгон. VI-кылымда түрктөр усундарды багындырып, алардын аймактары Батыш түрк кагандыгына кирет.

Орто кылымдардын алгачкы мезгилдеринде Ысык-Көл аймагынын саясий тарыхы түрк кагандыктары жашаган доор менен маанилүү тарыхый окуяларга тыгыз байланыштуу болгон. Түрктөрдүн кол башчысы Бумын 551-ж. каган титулун алган. Түрк кагандыгы Борбордук Азиядагы мамлекет болуп, чыгышында Кытай, батышында Византия, түштүгүндө Иран менен чектешкен алгачкы орто кылымдагы Борбордук Азияда үстөмдүк кылган жужандарга көз каранды болуп, аларга салык төлөп турушкан. Алтайдын мал чарбачылыкка ыңгайлуу жайлоолору, темир кендери алардын саясий-экономикалык жактан өсүшүнө туруктуу болгон. Коңшулаш жергиликтүү калкттарды баш ийдиришкен . Алардын уруу бирикмесинин саясий жогорулашына байланыштуу «түрк» деген жаңы аталыш пайда болгон. Алгач убакта ал ашина ак сөөктөрүнө, бийлик өкүлдөрүнө гана тиешелүү болсо, бара-бара уруулар союзунун, андагы калктын, кийин мамлекеттин атына айланган. 545-жылы Түрк кагандыгынын негиздөөчүсү Бумындын ордосуна Батыш Вей императору Тайцзудан элчи келген. Кийин Бумын Батыш Вей императору Вэнди менен жужандарга каршы келишим түзүп, анын кызына үйлөнгөн. 552-ж. Бумын жужандарды талкалап, илик каган титулун алган. Мына ошентип, 552-жылы Улуу Түрк кагандыгы түзүлгөн. Бумындын мураскору Мукан кагандын (553-572) тушунда Түрк кагандыгынын курамына чыгыштан-батышка

(Ляодун булуңунан Уралга), түштүктөн карай (Кытайдан Байкал, Саян Алтай тоолоруна) чейинки аймактар кирген. Түрк кагандыгы Византия, Иран, Кытай менен саясий-экономикалык байланышта болгон жана (Улуу жибек жолу) көзөмөлдөө үчүн күрөш жүргүзгөн. 603-жылы Түрк кагандыгы экиге: Батыш жана Чыгыш болуп бөлүнүп кеткен. Орто Азияда Батыш Түрк кагандыгы, Борбордук Азияда Чыгыш Түрк кагандыгы түзүлгөн.

Ысык-Көл өрөөнү Улуу түрк кагандыгынан батыш бөлүгүн түзгөн. Мамлекеттин бул бөлүгүн улуу каган Бумындын атынан анын иниси Истеми каган (552-575) башкарып, жеңиштүү жүрүштөрүнүн негизинде түрктөрдүн батыш жерлерин кеңейткен. Батыш түрк кагандыгын борбору Чүй өрөөнүндөгү Суйаб шаары болгон. Батыш түрк кагандыгынан негизги калкы «он ок эли» аталып, ар бир «ок» («жебе») түмөн (он миң сандагы аскер) чыгарууга тийиш болгон. Ысык-Көл аймагы Батыш түрк кагандыгынын бирикмесине-дулу аталган беш «жебе» бирикмесине кирген. Ал бирикмени 5 улуу чоро бийлеген. VII-кылымдын башында Батыш Түрк кагандыгы абдан гүлдөп, ага Самаркан менен Бухараны ээлеген Согду мамлекети жана Чыгыш Түркстандын эли (дулу жана нушиби уруулук бирикмелеринен турган «он ок эли») кирген. Батыш түрк кагандыгы 704-жылы Түргөш кагандыгынын курамына кошулган.

Түргөш династиясын негиздеген Үч элик каган Батыш Түрк кагандыгы бийлеп келген ашина уругунун батыш бутагынан чыккан династиянын акыркы каганын өлтүрүп, Түргөш кагандыгын түзгөн. Анын борбору Суйаб шаары (Чүй өрөөнүндөгү Ак-Бешим шаар чалдыбарынын орду) болгон. Түргөштөр бир бөлүгү Ысык-Көл өрөөнүндө жашап келген «он ок эли» конфедерациясынан чыккан. Түргөштөргө үч багытта-батышта араб баскынчыларына, Чыгыш Түркстанда Тан империясына жана Тарбагатай менен Алтайда экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына каршы күрөш жүргүзүүгө туура келген. 751-жылы июлда Талас суусунун боюндагы Атлах калаасынын жанындагы салгылашта түргөш жана карлуктар арабдар менен

биринчи, кытайлык аскерлерди талкалашкан. Араб тарыхчысы Ибн Ал-Асирдин маалыматы боюнча Атлахта кытайлардын 50 миңи өлтүрүлүп, 20 миңи туткунга алынган. Талкаланган аскерлердин калганы Талас дарыясын бойлой тоого чыккан. Туткундардын көпчүлүгү Самаркан жана Иракка айдалган. Бул тарыхый салгылашуу жергиликтүү калктардын арабдар тарабында согушкандыгынын гана күбөсү болбостон, Кытайдын толугу менен артка чегинишинин жана Орто Азиянын Тан империясынан көз карандысыздыгын бекемдеген. Ушундан кийин кытайлыктар бул жакка экинчи көз арткыс болууну чечишкен. Булардан Чыгыш Түркстан дагы бошонгон.

766-жылы Теңир-Тоодо саясий бийлик толугу менен карлуктардын жабгусуна өткөн. VI-VIII-кылымдагы Түрк каганаттары түрк элдеринин мамлекеттүүлүгүнүн, тил жалпылыгынын, маданиятынын өнүгүшүндө зор тарыхый роль ойногон. Энесай жазма эстеликтеринде энесайлык кыргыздар менен теңир-тоолук түргөштөр ортосундагы өлкөлөр жөнүндө өтө маанилүү маалыматтар бар экенин белгилесек болот. Байыркы Түркчө жазуусу бар таш Ысык-Көл өрөөнүндөгү Кой-Сарыдан да табылган. VI-VII –кылымдардагы Түрк кагандыктары доорунда көптөгөн балбалдар жасалган. Алар



Таш балбалдар. VI1 -X кк.

Ысык-Көл чөлкөмүндө да (Кырчын, Жыргалаң, Кара-Ой, Күрмөнтү ж.б.) табылган.

Уйгур кагандыгынын талкаланышынын натыйжасында уйгурлардын жана энесай кыргыздарынын бир бөлүгү Чыгыш Теңир-Тоого жалпы эле Чыгыш Түркстанга ооп келип , IX-кылымдын орто ченинде этностук кырдаал кыйла өзгөргөн. Карлук уруулары ар кайсы аймактарда топ-топ болуп жашап калган. Кашкар тарапта алар менен йагма уруулары таймашып турган. Ысык-Көл өрөөнү акырындык менен чигилдердин колуна өткөн.

Фарсы тилиндеги автору белгисиз географиялык «Худуд ал-алам» («Дүйнөнүн чеги »; 982-ж.) деген эмгекте болжол менен IX-к-н аягы – X-к-дын башына тиешелүү кызыктуу маалыматтар берилген: «Онунчу көл Туз - Көл (кейпи Соң-Көл) карлуктардын аймагында, он биринчиси – бул чигилдер менен тогуздардын ортосунда Ысык-Көл, ал эми Барскан шаары ушул көлдүн жээгинде жайгашкан». Мына ошол эмгектин башка бир жеринде : «Тоң жана Талхиза – чигилдер менен карлуктардын так чек арасындагы, тоо арасындагы эки шаарча, Ысык-Көлгө жакын жерде. Булардын калкы жоокер, эр жүрөк жана каарман болгон. Барскан-көл жээгиндеги бай шаар болгон. Анын башкаруучусу карлуктардан болот, бирок шаар калкы тогуз-огуздар тарапка ыктайт».

Барскан-орто кылымдардагы (VIII-XIII-к.) шаар. Ысык-Көлдүн түштүк жеринен орун алып, шаар аркылуу Улуу Жибек жолунун бир тармагы өтүп, Чыгыш менен Батышты байланыштырган түйүн болуп, түргөш, карлук, караханий жана кидан мамлекеттеринин саясий, экономикалык жана маданий турмушунда маанилүү роль ойногон. IX-XIII-кылымдардагы мусулман жазма булактарында эскерилет. Барскан шаарында туулган улуу түрк окумуштуусу Махмуд Кашкаринин «Диван-лугат ат-түрк» эмгегиндеги дүйнөнүн тегерек картасына Барскан шаарын да түшүргөн.



Махмуд Кашгаринин дүйнөнүн тегерек картасы

XI-кылымдагы Перс саякатчысы Гардизинин билдирүүсүндө «Ысык-Көл өрөөнүн бүтүндөй чигил уруулары ээлейт». Ушул татаал кырдаалда (X-к-н башына чейин) Ысык-Көл аймагында чигилдер, тухсилер, аздар жана кээ бир башка уруулар жашап, алар карлуктарга, тогуз-огуздарга жана уйгурларга көз каранды болушкан. Кийинчерээк уйгурлардын таасири Чыгыш Түркстандагы Турпан ойдуңу менен гана чектелип калган. X-кылымдын ортосунан тартып Ысык-Көл аймагы толугу менен жаңы пайда болгон күч кубаттуу мамлекет Караханийлер кагандыгынын (940-1212) курамына

кирген. Караханийлер мамлекетинин калыптануусуна ошол учурда Борбордук Теңиртоодо жашаган чигил (жикил), ягма, карлук, аз, тухси уруулары чоң роль ойногон. Башкаруучу династия чигил уруусунан чыккан. Караханий мамлекетинин башкаруучусу Сатук Абд ал-Керим Карахандын ысмынан аталган. Сатук Абд ал-Керим 955-ж. каза болуп, анын сөөгү Кыргызстандын аймагындагы ошол учурдагы ири шаарлардын бири Артушка коюлган. Анын эки уулу (Байраш Муса жана Сулайман Илек) болгон. Мамлекетти башкаруу иши тун уулу Мусага тийген. Арслан- хан деген наам менен падыша болуп жарыяланган. Ислам динин чыңдоо максатында 960-ж. Баласагун шаарында ислам мамлекеттик дин деп жарыяланып, атайын мыйзам менен бекитилген. Ысык-Көл өрөөнүндөгү жарым-жартылай отурукташкан көчмөн түрктөр батыштагы мусулман өлкөлөрүнүн күч колдонгон кысымысыз эле өз эркинче Чыгыш мусульман аймагынын бир бурчуна айланган. IX-X-кылымдарда Ысык-Көл кылаасы Улуу Жибек жолунун




Баласагын шаар чалдыбарынын урандылары

түндүк тармагындагы маанилүү аймакка айланган. Кербендер өрөөндөгү Тоң, Йар, Барсхан шаарлары аркылуу өткөн.

Караханий кагандыгынын доору орто кылымдын Ысык-Көл чөлкөмүнүн социалдык-экономикалык жана маданий гүлдөшүнүн мезгили болгон. Барскан шаары Караханийлердин Ысык-Көл акимдигинин административдик борбору. Бул шаарда акимдиктин башкаруучулары тыйын чыгарып турушкан. Араб тарыхчысы Ибн ал-Асирдин «Кынтыксыз тарых» деген эмгегинде Барскан бийлөөчүсү Йинал-тегиндин аты айтылып кетет. Барскан Караханийлердин атактуу тарыхый шаарларынын бири болгон. Улуу түрк изилдөөчү-тилчи, энциклопедиялык кенен билимдүү илимпоз Махмуд ибн Хусейн ибн Мухаммед ал-Кашгаринин билдирүүсүнө караганда Барсхан топоними атактуу түрк баатыры жана кол башчы Алп Эр Тоңдун уулу Барсхандын атынан келип чыккан. Барсхандын калкы өзгөчөлөнгөн диалектиде сүйлөгөн. Махмуд Кашгари өзүнүн «Диван лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөздүгү »; 1072-1077-ж) аттуу эмгегинде «бугдайды» (азыркы кыргызча-буудай) барсхандыктар«бугдай» дешкенин жазат. Ушундай тил өзгөчөлүктөрүнөн улам аларды башка жерлердеги түрктөрдөн оңой ажыратышкан. Шаардык барсхандыктар Ысык-Көл кылаасындагы көчмөн жана жарым көчмөн отурукташкан башка түрктөрдөн өзүнүн шаардык менталитети менен кыйла өзгөчөлөнгөн. Ысык-Көл чөлкөмүнүн, жалпы эле Теңир-Тоонун калкы жөнүндөгү толугураак маалыматты Махмуд Кашгари калтырган. Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча ал Барсхан шаарында туулган. XI-кылымдагы түрк элдеринин этнографиясын, диалектикалык айырмачылыктарын жана элдин турмуш тиричиликтерин изилдеген. Махмуд Кашгари өзү түзгөн дүйнөнүн тегерек картасында («Диванга» киргизилген). Жердин борборун өзүнүн мекени Ысык-Көлгө жайгаштырган; ал эми ошо кездеги мусулман дүйнөсүндө жердин борбору катары Меке менен Медина турган жерлерди көрсөтүү


саясатка айланган болчу. Ысык-Көлдүн ошол мезгилдеги сабаттуу калкы Чүйдөгү Баласагун шаарында туулуп-өскөн Жусуп Баласагунинин дидактикалык поэмасы «Кут билимин» («Кутадгу билиг») кумарданып окушкан.



Куттуу билимдин кол жазмасынан фрагмент

Ысык-Көл өрөөнү караханий учурунда отурукташкан дыйканчылыгы өнүккөн аймактарынын бири болгон. Ошол мезгилдеги көпчүлүк шаар-кыштактар өрөөндүн тескей тарабында болгон. Археологдордун изилдөөлөрү боюнча өрөөндөн 100дөн ашык ар түрдүү типтеги калктуу пункттарды ачышкан. Күнгөй өрөөнүндө Тору-Айгыр, Сары-Булак, Тескейде Улахол, Бар-Булак, Тоң, Барскоон, Дархан, Кой-Сары шаар урандылары бар. Ошондой эле Көл өрөөнүндө Караханийлер доорунда металл эритүү болуп, 1977-жылы жана 1979-жылдарда Д.Винник Балыкчы шаарынан 9 км. түш. жактагы Сары-Булуң тургун жайын изилдеген. Чалдыбардын негизги дубалынын ич жагында 22 бөлмө

болуп, алардын көбү өндүрүшкө арналган. Бөлмөлөрдө темир эрите турган мештердин калдыктары табылган. Махмуд Кашгаринин эмгегинде металлдарга байланыштуу кыргыздар жана кыпчактар алдыга сунулган темир кылыч алдында ант берерин айткан. Ал эми Абу Райхан Беруни бул аймакта жасалган металл эритинди бирикме жөнүндө айтып , андан «Кашкарда коңгуроо, Ысык-Көлдүн жээгиндеги Барсханда казан жана башка идиштер коюларын» жазган. Мындай кабарлар Ортоңку Чыгышка тарап, Ысык-Көл кылаасындагы металлургия жана кол өнөрчүлүк очогдору батыштан чыгышка жана чыгыштан батышка каттаган кербендерди өзүнө тарткан.





Караханийлер мезгилиндеги карапалар







Карапа чырак X-XII кк.

XII-кылымдын I-чейрегинин аягында маанилүү саясий окуялар болуп өтүп, чжурчжендер Улуу Ляо мамлекетин талкалагандан кийин моңгол тилдүү кидандардын Елюй Даши башкарган бөлүгү Түндүк Кытайдан Моңголиянын аймагын чегинишип, бул жерде мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирген. Елюй Даши Бей Ляо (Түндүк Ляо) мамлекетин негиздеп, өзүн император жарыялаган. 1128-ж. анын

аскерлеринин алгачкы тобу Кашкарга кол салып, 1130-жылы Караханийлер мамлекетин басып алган. Өзүн «гурхан» (көл хан, улуу каган) жарыялаган. Борбору Баласагун шаары болгон. Кара кытай мамлекетине Түндүк Кыргызстан гана баш ийип турган. Башка аймактарды жергиликтүү Караханийлер династиясынын өкүлдөрү башкарган. Калкы ар кыл динди (ислам, несториан, буддизм, теңирчилик ж.б.) туткан. Кара кытайлар буддачылар болушкан, бирок алар менен бирге бул жакка ооп келишкен борбордук азиялык уруулардын ичинде теңирге сыйынышкандыктары, шаманчылыкты туткандыктары болгон. Ар кыл диндин болушу ар түрдүү алфавиттин болушун шарттаган. Кара-кытайлыктар менен бирге Ысык-Көл өрөөнүнө Чыгыш маданиятынын жаңы элементтери келип кирген.

1210-жылы Чыңгыз хандан жеңилген найман ханынын уулу Күчлүк (Батыш Монголия) Жети Сууга келип, аны гурхан кабыл алган . 1212-жылы Күчлүк козголоң чыгарып, бийликти тартып алып , 1218-жылга чейин мамлекеттин кыйла бөлүгүн башкарган. Кара кытай мамлекетинин калкынын негизин түрк элдери түзгөндүктөн, кидандар аларга жуурулуп кеткен.


XIII-кылымдын башында Моңголияда болуп өткөн окуялар кийин Евразиянын бүт талааларына орошон таасирин тийгизген. Татарлар, наймандар жана башка элдер Темучин башында турган моңголдорго жеңилүүгө дуушар болгон. Темучин (1155, Онон дарыясынын боюндагы Делпун-Болдан деген жер – 1227, Си-ся мамлекетинин аймагы) – Улуу моңгол империясынын негиздөөчүсү. Есугей баатырдын уулу. Өз аты Темучин (Есугей баатырдын жеңилген уруу башчысынын атынан коюлган). Жолбашчы болгон Темучин 1206-жылы моңголдордун биринчи курултайын чакырып, өзүн Чыңгыз хан («чыңгыз» түрк тилдеринде «деңиз») деп жарыялаган. 1206-жылы Чыңгыз хан Таңгут өлкөсүнө (Си-ся мамл.) каршы жортуулга аттанып, чоң олжо менен кайтып келген. XIII-кылымда Энесай, Саян-Алтай, Теңир-Тоо аймагы



Орто кылымдагы карапа амфора (Ысык-Көл).

моңголдордун империясына киргенден кийин көпчүлүк кыргыз уруулары Энесайдан Теңир-Тоого көчүрүлгөн. Ысык-Көл өрөөнү дагы моңгол хандарынын бийлигине өткөн. Жергиликтүү эл моңголдордун баскынчылык согуштарын улантууга керектүү унаа жана башка материалдык каражаттар ошондой эле аскер күчүн берип турууга милдеттүү болушкан. Мына ушул моңголдордун баскынчыл согуштары Ысык-Көлдүн отурукташкан дыйканчылык маданиятына оор сокку урган. Шаарлар талкаланып, дыйканчылык кол өнөрчүлүк бүлүнгөн. Көл өрөөнүнө моңголдордун жана борбордук азиялык айрым түрк урууларынын уламдан-улам көчүп келиши этностук кырдаалды кескин өзгөртүүгө алып келген. Саясий бийлик узак мезгил ичинде моңголдордун, андан кийин кыргыздашкан алардын укум-тукумунун колунда болгонуна карабастан бул аймакта жашаган ар кыл этностордун ичинен кыргыздар акырындап негизги этностук-бириктирме элементке айланган. Чыңгызхан 1227-жылы капысынан каза тапкан. Анын сөөгү Моңголияга алынып келинип, Онон жана Керулен өзөндөрүнүн башаты болгон Бурхан-Халдун тоосуна коюлган. Чыңгыз хан өлгөндөн кийин Ысык-Көл кылаасы анын экинчи уулу Чагатайдын кеңири аймакты ээлеген улусунун бир бөлүгүнө айланган. Бул улустун негизги бөлүгү Ил-Аларгу аталып, борбору Алмалык шаары Иле дарыясынын өрөөнүндө болгон . 1269-жылы Талас суусунун боюнда өткөрүлгөн моңгол нойондору менен хандарынын

курултайында Үгөдөй-хандын небереси Хайду Үгөдөй жана Чагатай улустарынын жалпы ханы деп жарыяланган. Хайду-хан (1301-ж. өлгөн). Чагатай мамлекетинин борборун Кебек хан тушунда Теңир-Тоодон Мавераннахрга (Карши ш.) көчүрүү келечекте Теңир Тоонун борбордук бийликтен бөлүнүүсүнө түрткү берген. Түрктөшкөн моңгол уруусу дуглаттан (дуулат) чыккан эмирлер (аскер башчысы) Пуладчи жана анын бир тууганы Камар ад-Дин XIV-кылымдын 40-жылдарында Теңир-Тоонун кенен аймагын, анын ичинен Ысык-Көл өрөөнүн дагы бийлеп калышкан. Бул жерлер тарых адабиятында



«Моголстан» аталып, башкача айтканда моңгол хандары менен феодалдарынын түрктөшкөн укум тукуму бийлеген өлкө болгон. Эмир Пуладчи өз бийлигин чыңдоо максатында 1348-жылы Тоглук Темирди хан жарыялаган. Моголистандын башкы аймагы «Маңглай-Субени» башкарган Моголистандын





Санташ коргону археологиялык казууга чейин жана андан кийин

түштүк-батышы «Маңглай-Субе» деп аталган жана ал дуулат эмирлеринин ээлиги катары Фергананын чыгышы, Чыгыш Түркстандын бөлүгү жана түндүктө Ысыккөлгө чейинки жерлерди камтыган. Моголистанда ич ара чыр-чатактар башталып, атактуу кол башчы Аксак Темир Мавераннахрда бийликти ээлеп алып, 1371-жылы Аксак Темир Моголистанга кол салып, анын колу Ысык-Көлгө чейин жеткен. Ысык-Көл өрөөнүнүн бүтүндөй бир мууну мавераннахрдын баскынчылар менен кармашуу шартында жашаган. Мунун баары өрөөндүн социалдык-экономикалык турмушуна оор сокку урган. Ошондой эле Ысык-Көлдө несторианчылар калтырган сирия жазма эстелиги XIV-кылымга таандык болгон. 1375-жылы Каталон картасына ылайык Ысык-Көлдө армян кечилканасы болгон. XII-к – XIV-кылымдын ортосунда христианчылык менен атаандаш болгон ислам дини XIV-кылымдын аяк ченинде кайрадан негизги динге айланган. Көчмөндөрдүн көбү мусулман динин үстүртөдөн гана тутушкан. Аксак Темирдин небереси, астроном жана математик Улугбек (1394-1449) 1424-жылы Моголистанды басып кирген. Анын аскерлери Ысык-Көл өрөөнүндө Камар-ад-Диндин уулу Жахан шахтын аскери менен кагылышкан. Улугбек Алтайдан кайтып келген


жергиликтүү көчмөндөрдүн аскерлерин Ысык-Көлдөн сүрүп чыкканы менен баары бир ал көчмөндөр Тимурийлерге көз каранды болгон эмес.



Мухаммед-кыргыз

XV-к-н аягы-XVI-кылымдын башында моголдор ханы Ахмед, андан кийин анын уулу Султан-Халил-Султан менен бирдикте кыргыз кол башчылары өз жеринин анын ичинен Ысык-Көл өрөөнүн дагы коргошкон. Кыргыздардын мыкты бийлөөчүлөрдүн бири Мухаммед Кыргыз болгон. Мухаммед кыргыз (санжырада Тагай бий) – XVI-кылымдын башында Теңир тоодогу кыргыз урууларынын бирикмесинин башкаруучусу, ал башкарган аймак «кыргыз улусу» деп аталган. 1514-жылы могол ханы Султан Саидге Кашкарды, Жаркенди жана Хотанды каратууга жардам берген. Андан кийин ал Султан Саидге көз карандылыктан кутулууну каалаган. 1517-жылы күзүндө могол ханы Мухаммед-кыргызга каршы жүрүш жасаган. Ысык-Көл өрөөнүндөгү Барскон шаарынын хандыгы болгон согушта Мухаммед-Кыргыздын колу жеңилип, өзү туткунга түшүп Чыгыш Түркстанга алып кетилген. Мына ушул мезгилдерде Көл өрөөнүндө бир нече салгылаштар болуп, буларга бир жагынан моголдор менен шейбанилик өзбектер, экинчи жагынан кыргыз менен казактар катышкан. Ушундай кармаштарда кыргыз бектери

өз жеринин көз карандысыздыгын сактап турган. Ошондой эле Ысык-Көлдүк кыргыздар XVI-XVIII-кылымдарда орто азиялык жана чыгыш түркстандык элдердин баскынчы ойротторго (калмактарга) каршы күрөшүнө катышкан. Булардын ортосундагы катуу салгылаштар айрыкча Жунгар хандыгы түзүлгөндөн башталган. Хандыктын негиздөөчүсү Баатыр-коңтайшы болгон. XVIII-кылымдын башында Ысык-Көл өрөөнүн ээлеш үчүн кыргыздар менен калмактар такай таймашып турушкан. XVIII-к-дын 50-жылдарынын аяк ченинде Жуңгар хандыгынын өзү цин-манжур баскынчыларынын агрессиясына туш келген . 1758-жылы I млндон ашуун калмактарды цин-манжурлар кырышкан. Аман калганы Россияга, Орто Азияга качат. Алардын бир бөлүгү кыргыз журтка баш калкалап, кийин сарт калмак деген жаңы урууну түзгөн. Эркиндикти эңсеп кан төккөн калк кытайлык аскерлердин аёосуз жазалоосунан баш калкалап жер кезип кетүүгө, кыргыз казактардын арасында корголоого мажбур болушкан. Сарт калмактар 1866-жылы Жети-Сууга көчүп келишет, 1869-жылы Орусия мамлекетинин букаралыгына



кабыл алынышат. Булардын уругу зорган деп аталып, качкындардан алгач эки болуштук: бири Ысык-Көлдө - Текес өрөөнүнүн төрүндө, экинчиси Верный уездинде уюшулат. 1882-жылы Кытай менен Орусиянын ортосундагы жаңы чек ара такталгандан кийин сарт калмактар 1884-жылдары гана Ысык-Көл өрөөнүнө көчүп келишет. Каракол, Ырдык өзөндөрүнүн аралыгында Бөрү-Баш, Челпек, Таш-Кыя аймагы алардын конушуна айланган.

Ысык-Көлдүк кыргыздар Чыгыш Түркстандын шаарлары менен соода жүргүзүп, Орто Азиянын батышынан жана түндүгүнөн Чыгыш Түркстанга өрөөн аркылуу өткөн соода жолдорун көзөмөлгө алган.

XIX-кылымдын башында Ысык-Көл өрөөнүндө негизинен бугу уруусу саяктар менен сарбагыштар жашашкан. 1813-жылы Мыркубан Ниязов башында турган россиялык соода кербени Чыгыш Түркстандан кайтып Ысык- Көл өрөөнүндөгү бугу уруулары менен кездешип, россиялык бийлик төбөлдөрү менен байланыш түзүү жөнүндө кат жазууларга бугу уруулары макулдугун беришкен. М.Ниязовдун кербенине кошулуп, бугу уруусунун элчилери-Шералы бийдин уулу Качыбек, Жакыпбек бий, дагы экөө болуп, 1813-жылы 21-ноябрда Ысык-Көл өрөөнүнөн чыгышкан. 1814-жылы 5-январда Семей чебине жетип, кийинчерээк Тобольскиде Сибирдин генерал-губернатору менен сүйлөшүү жүргүзүшкөн. 1915-жылы элчиликке баргандар сыйлыктары менен өз жерине кайтып келишкен. Академик В.В. Бартольдун маалыматы боюнча Семей көпөсү С.Поповдун соода жүргүзүүчүсү Казан татары файзулла Сейфуллин XIX-к-н 20-жылдарынын башында «бугу уруусунун үч уругунун (желдең, арык жана белек тукуму) байларын Россиянын букаралыгына өтүү максатында элчилик жиберүү жөнүндө макулдашылган».

1824-жылы бугу урууларынын Омскиге барган элчиликтеринин курамында желдең уругунан Алымбек, белектен Алгазы, арык уругунан Алымбектер Батыш Сибирь

генерал-губернатору менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшкөн. Элчиликтер өз жерине кайтканда хорунжий Нюхалов башында турган кошуун коштоп келген. Нюхаловдун кошууну Ысык-Көлгө келгенде бул жерге Кокон ханы Мухаммед-Али (Мадали хан 1822-42) көлдүк кыргыздардын Фергана хандыгына баш ийип берүү талабын коюп жиберген элчилиги да келип калган. Нюхаловдун кошуунун коштоп келген аскер дарыгери Фаддей Зибберштейндин билдирүүсүнө караганда ысык-көлдүк кыргыздардын бугу бийлери Олжобай менен Жапалак Кокон хандыгынын талабын четке каккандыгын айткан.

Документтүү материал

Кыргыздардын желдең уруусунун бийлери: Япалак, Кутлин , Байтелин, Карга Мендегулов, Шарук Туйбин, Куккуз Куйкин, Байгожо Жантемин, Калижан Тимуров жана Уроза Бектемировдун Омск областынын начальниги гвардия полковниги С.Б.Броневскийге 1824-ж. 6-декабрда жазган катынан:

-1825-жылы күзүндө Жыргалаң суусунун боюнда бугу уруусунун бийлери курултайга чогулушуп, Россиянын же Кокондун хандыгынын букаралыгын кабыл алуу маселесин талкуулашат. Мына ушул курултайда Коконго караганда Россиянын букаралыгына өтүүнү жактагандар көп бөлүп, Россияга кошулуу жөнүндө чечим кабыл алышкан. Ысык-Көл кыргыздарынын 1813-1825 – жж. Россия менен болгон байланыштарынын натыйжасында кыргыздар орус администрациясынын алдында төмөнкү милдеттенмелерди алышкан:

1. Орус соодагерлеринин Ысык-Көл өрөөнүндө эркин жана бажы акысыз соода кылышын камсыз кылуу;
2. Аларды Орто Жүз жана Улуу Жүз казактары менен Чыгыш Түркстандын шаарларынын ортосундагы аралыкта коштоп жүрүү;
3. Башка урууларды каракоолорунан коргоп, кол салган урууларды Батыш Сибирь администрациясына

билдирип туруу. Мына ошентип Ысык-Көл кыргыздарынын ири уруу төбөлдөрүнүн Россия мамлекетинин курамына кирүүгө умтулушунун натыйжасында алгачкы дипломатиялык байланыштар жөнгө салынган.

XIX- кылымдын 30-жылдарынын башында ысык-көлдүк кыргыздарды Кокон хандыгы каратып алып, бул жерлерде Барскоон, Конур-Өлөң, Каракол жана башка жерлерде кокондуктардын аскер чептери курулуп, алар хандыкка салык жыйнап туруу аймагына айланышкан.

XIX- кылымдын 40-жж. Түндүк Кыргызстанда саясий кырдаал белгилүү өлчөмдө анык талган. Анткени, бул жакта айрым уруулар саясий жактан биригүүгө, кээ бирлери уруулук-уруктун деңгээлдеги өз алдынчалыкты камсыз кылууга аракет кылгандыгы байкалат.



Ормон хан

Түндүк Кыргызстандын чегиндеги саясий биримдикти орнотууга багытталган сарыбагыш манабы Ормон Ниязбек уулунун аракеттери айрым уруу төбөлдөрүнүн сепараттык маанайдагы мүдөөлөрү менен коштолгон. Сарыбагыш манабы Ормон Ниязбек уулу (1791-1854) өзүн түндүк кыргыздардын ханы деп жарыялоого болгон аракети мисал болот. Бул окуя 40-жылдардын башында Күтөм алдыга жакын жердеги Кызыл-Токой деген жерде болуп, курултайга сарыбагыш, солто, саяк жана бугу урууларынын жол башчылары

катышкан. Бугу уруусунун жол башчыларынын дымагы да Ормон хандыгынан кем болгон эмес. Ысык-Көл кыргыздары Ормондун хан жарыяланышына жооп кылышып манап Боромбай Бекмурат уулун бугу уруусунун башчылыгына көтөрүшкөн.

Сарыбагыш жана бугу урууларынын бий-манаптарынын өз ара тирешүүсү алардын тышкы саясатына да терең таасирин тийгизген. Ормон хандын мамлекеттик биримдик түзүп, орустар менен мамилени так аныктоо боюнча мүдөөлөрүн бугу манаптары колдогон эмес. Анын натыйжасында орус администрациясы бугу кыргыздары менен тыгыз саясатын жүргүзүп, бугуларды алгачкылардан кылып Россиянын курамына кабыл алган. Сарыбагыш жана бугу урууларынын ич ара тирешүүсү XIX- кылымдын 50-жж. жаңжалга – бугу-сарыбагыш чабышына алып келген. Ормон хан бугуларга каршы согуштук аракеттерди жүргүзүү менен Ысык-Көл кыргыздарын өзү курууга ниеттенген хандыкка толук моюн сундурууга ум-тулган. Экинчиден, Ысык-Көл кыргыздарынын бейжоop Россия менен жакындашысы Ормон ханга жаккан эмес. Мындай жаңжалдагы чабыштардын биринде, 1854-ж. Ормон хан колго түшүп, өлтүрүлөт. Ормондун кунун кууган сарыбагыштар, Ормондун кол башчысы Төрө-гелдинин жана Ормон уулу Үмөтаалынын жетекчилиги менен кайра-кайра жортуул уюштуруп, бугулардын тынчын алган. Боромбай баш болгон бугунун бир топ айылы Каркыра менен



Качыбек Шералы уулу сыйланган юбилейлик медаль



Кыргыз элчилери Омскиде



Боромбай Бекмурат уулу

Текеске чегинишкен. Мына ушундай коогалаңдуу шартта бугунун баш манабы Боромбай кыргындан кутулуунун бирден-бир себеби Россиянын курамына өтүү деген чечимге келет. Ушундай максат менен Качыбек Шералин баштаган бугунун элчилиги 1854-жылы 26-сентябрда Батыш Сибирь генерал-губернаторлугунун борбору Омск шаарына барышкан. 1855-жылдын 17-январында Омскидеги ак сарайда өз элинин ишенимдүү жана ыйгарылган өкүлү катары Качыбек Шералин Россиянын карамагына өткөндүгү жөнүндө куран кармап ант берген. Ысык-Көл кыргыздарынын Россияга расмий түрдө кошулушу кыргыздардын тарыхында маанилүү окуя катары бааланат. Ушул окуядан кийин сарыбагыш менен бугу урууларынын ортосундагы жаңжал басаңдаган. Бирок, эки уруунун ортосундагы чырчатак Түндүк Кыргызстан Россиянын карамагына толук киргизилгенге чейин (1868-ж.)

тыйылган эмес. Бугу уруусун башкаруучулардын бир тобу Россиянын букаралыгына өтүүнү каалашкан эмес. 1856-ж. июнь айында бугулуктар Ысык-Көлдүн батыш жээгинде байкоо жүргүзүп жүргөн Жеребьятевдин чакан кошуунуна жиберилген почтого кол салышкан. Өз мекенин Россияга бириктирилишине каршы ойдогу бугу уруусунун таасирлүү кишилеринин бири Балбай баатыр Эшкожо уулу болгон. Балбай баатырды Мураталы, Тилекмат, Чоң-карач сыяктуу көрүнүктүү бийлер колдошкон. 1856-жылдын май-июнь айларында Ысык-Көл өрөөнүнө казактын улуу илимпозу Чокан Валиханов, полковник М. Хоментовскийдин аскер-илимий экспедициясынын курамында болуп Ысык-Көлдүн флорасын, фаунасын жана тарыхый эстеликтерин комплекстүү изилдөөгө катышкан. Мындан сырткары Ч.Валиханов кыргыз урууларынын санжырасына, этнографиясына, жашоо турмушуна кызыгып жазып кеткен. Ч.Валихановдун аркасы менен орус чыгыш таануучулары



Чокан Валиханов «Манас» эпосунан үзүндүнү биринчи жазып алган



Сагымбай Орозбаков

тыйылган эмес. Бугу уруусун башкаруучулардын бир тобу Россиянын букаралыгына өтүүнү каалашкан эмес. 1856-ж. июнь айында бугулуктар Ысык-Көлдүн батыш жээгинде байкоо жүргүзүп жүргөн Жеребьятевдин чакан кошуунуна жиберилген почтого кол салышкан. Өз мекенин Россияга бириктирилишине каршы ойдогу бугу уруусунун таасирлүү кишилеринин бири Балбай баатыр Эшкожо уулу болгон. Балбай баатырды Мураталы, Тилекмат, Чоң-карач сыяктуу көрүнүктүү бийлер колдошкон. 1856-жылдын май-июнь айларында Ысык-Көл өрөөнүнө казактын улуу илимпозу Чокан Валиханов, полковник М. Хоментовскийдин аскер-илимий экспедициясынын курамында болуп Ысык-Көлдүн флорасын, фаунасын жана тарыхый эстеликтерин комплекстүү изилдөөгө катышкан. Мындан сырткары Ч.Валиханов кыргыз урууларынын санжырасына, этнографиясына, жашоо турмушуна кызыгып жазып кеткен. Ч.Валихановдун аркасы менен орус чыгыш таануучулары



Чокан Валиханов «Манас» эпосунан үзүндүнү биринчи жазып алган



Сагымбай Орозбаков



Саякбай Каралаев

биринчи жолу «Манас» эпосунун үзүндүсү менен таанышып, бул эпосту энциклопедия жана талаа Илиадасы деп мүнөздөлгөн. «Манас» айтуучулардын чулардын ысык-көл «мектеби» чоң манасчылар Акылбек, Чоң-баш (Нармантай), Назар ырчы, Тыныбек Жапый уулу, Чоюке уулу жана XX кылымдын «гомерлери» Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев болгон.

Орус географы, статистик, илимпоз жана саякатчы П.П.Семенов - Тянь-Шанский биринчи жолу Ысык-Көлгө келип, көлдүн чыгыш аймактарын изилдеп, кийинчерээк кайра экспедиция уюштуруп Ысык-Көлгө батыш тарабынан Чүй өрөөнү менен Боом капчыгайы аркылуу барган.



Н.М. Пржевальский

П.П.Семенов – Тянь-Шанский кеминдик жана ысык- көлдүн батышындагы сарыбагыштар менен кезигип сүйлөшүү жүргүзүүдө орус бийлигинин мамилесин ондоого түрткү берген. 1856-жылдын аягында Иле жергесинде Ала-

Тоо округу түзүлүп, ал түндүк кыргыздардын жерлерин басып алууга пландары болгон.

1867-ж. июлда курамында Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустары болгон Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөн. Жаңы уюшулган Ысык-Көл уезди «Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү жобого» ылайык Жети-Суу облусунун курамына кирген. Ысык -Көлдөгү алгачкы аскер чептери Ак-Суу (1864) жана Каракол (1868) – колониялдык бийликтин таянычы болгон. Каракол шаарына 1889-ж. 7-мартта орус географ-саякатчысы, Борбордук Азиянын изилдөөчүсү Н.М.Пржевальскийдин ысымы берилген. Каракол (Пржевальск) жеке эле аскер-администрациялык борбор болбостон, 1869-жылдан тартып ал европалык типтеги чакан шаар катары өнүгүп, Ысык -Көл өрөөнүнүн соода-сатык жана маданий агартуу очогуна айланган. Ысык-Көл кылаасында XIX кылымдын 70-жылдарынан баштап орустардын жана украиндердин Сазановка, Алексеевка, Преображенский, Теплоключенка, Покровка жана башка кыштактары пайда боло баштаган.



Жети-Суулук көпөстөр менен болуштар(1878)

Кытайлык бийлик тарабынан Чыгыш Түркстандагы, Шэнси жана Гансу провинцияларындагы улуттук-боштондук кыймылы талкалангандан кийин көптөгөн дуңган көтөрүлүшчүлөрү Жети-Суу өрөөнүнө качууга аргасыз болушкан. Дасифу башында турган гансулук дуңгандар Бедел, Кашка-Суу ашууларын ашып, 1877-ж. ноябрдын башында Каракол шаарына 1166 киши келип жайгашышкан. Кытайдан качып келгендердин арасында уйгурлар дагы болгон. Жакупбектин Кулжага жасаган чабуулун (1871-ж., июль) пайдаланып Россия империясы Иле (Кулжа) аймагын убактылуу ээлеген. Жети-Шаар мамлекетинин кулашы (1877) падышалык өкмөттү Кулжа аймагын Кытайга кайрып берүүгө аргасыз кылган. (1881). Мына ошондо көп дуңгандар, уйгурлар, казактар жана сарт калмактар бул аймакты таштап, көчүп кетишкен. Булардын айрым бөлүктөрү Ысык-Көл өрөөнүнөн орун-очок алышып, негизинен дуңгандар Ырдыкта, сарт калмактар Челпекте туруп калышкан. Кыргыздар Кытайдан келген качкындардан жардамын аяган эмес.

XIX-кылымдын II-чи жарымы – XX-кылымдын башталыш мезгилинде кыргыз эли бай маданиятты мурастап алган.




Тыныбек Жапый уулу,

«Манас» эпосун айтуучулардын ысык-көлдүк мектебин өзгөчө белгилөөгө татыктуу. XIX-кылымда Ысык-Көлдө Акылбек, Чоңбаш, Назар ырчы, Тыныбек Жапый уулу, Чоюке Өмүр уулу сыяктуу манасчылар жашашкан. Булардын жолун таланттуу Сагымбай Орозбак уулу (1867-1930) менен Саякбай Карала уулу (1894-1970) улантып келишкен. Алар «Манас» эпосунун өздөрүнө

тиешелүү варианттарында көз карандысыз кыргыз мамлекети, кыргыздардын коңшу баскынчыларына каршы жеңиштүү күрөштөрү, ар кыл элдердин уулдарынын бекем достугу жөнүндөгү идеяларды өрчүтүшкөн.

Ысык-Көлдүк кыргыздардын бул жакка ооп келишкен орус, украин, уйгур, дуңган, татар, башкырт, сарткалмак ж.б. ар түрдүү элдердин өкүлдөрү менен этнос аралык маданий алакасы өнүп-өрчүгөн. XX-кылымдын башында Ысык-Көл кылаасы ар кыл социалдык кыймылдардын алкагына тартылган. Бул жердеги мусулман калкка мусулман-реформатордук идеялары жана түрк-мусулман мамлекетин түзүү үмүтү жакын болсо, ал эми орус тилдүү, европалык калк арасына социал-демократиялык революция идеялары тараган. Россиядагы 1905-1907жж. революция падышалык өкмөттү столыпиндик агрардык реформаны жүргүзүүгө аргасыз кылган. Мунун башкы жыйынтыктарынын бири - Россиянын ичкерки жактарынан, Урал өндүрүнөн жана Батыш Сибирден дыйкандарды Кыргызстанга көчүрүүнү уюштуруу кесепетинен жергиликтүү калктын улам өз жеринен ажырап отуруусу болгон. Биринчи дүйнөлүк согуш Россия империясынын ички социалдык проблемаларын ого бетер ачыкка чыгарган. Ал эми колониялдык администрациянын катаал зордук-зомбулугунан улам Түркстандын жергиликтүү калкы аёосуз эзилген элдер болуп калган. Падышачылыктын запкысы жанына баткан бул регион, кичине эле учкундан жалбырттап жалындоочу аймакка айланган. 1916-жылы бүт Түркстан, элдердин кубаттуу улуттук-боштондук көтөрүлүштүн кучагында калган. Падышачылыкка каршы багытталган алгачкы чыгуу 1916-жылы 4-июлда Хожент шаарында башталган. Бул толкун Түркстандын башка уездерине жайылып, көтөрүлүштүн чыгышына падышанын 1916-ж. 25-июнда чыккан жергиликтүү калктын 19-43 жаштагы эркектерин аскер-оорук жумушуна алуу жөнүндөгү указы шылтоо болгон. Түндүк Кыргызстандын аймактарында улуттук көтөрүлүш айрыкча айыгышкан түрдө




Кыргыздардын XIX к. элдик-боштондук кыймылы.

өткөн. 1916-ж. августта кеминдик кыргыздар Мөкүш Шабдан уулун хан көтөрүшкөн, ал эми кочкорлук жана жумгалдык



1916-ж. кыргыздардын көтөрүлүшү. Көтөрүлүшчүлөрдү жазалоо.



Кыргыздардын XIX к. элдик-боштондук кыймылы.


өткөн. 1916-ж. августта кеминдик кыргыздар Мөкүш Шабдан уулун хан көтөрүшкөн, ал эми кочкорлук жана жумгалдык



1916-ж. кыргыздардын көтөрүлүшү. Көтөрүлүшчүлөрдү жазалоо.

кыргыздар ири манап Канаат Абуке уулун өздөрүнүн ханы деп жарыялашкан.

1916-жылы 9-августта Ысык-Көл өрөөнүндө дагы стихиялуу толкундоолор башталып, ал жалпы көтөрүлүшкө айланган. Колониялык эзүүгө каршы көтөрүлгөн кыргыздарга ысык-көлдүк дуңгандар, сарт-калмактар, казактар да кошулган. Элдик кыймылды тез басуу үчүн падышалык акимдер Түндүк Кыргызстанга 2 казак-орус полку, 6 жүздүк, 30 дан ашуун рота жиберилген . 8-августта Токмокко жакын жайгашкан айылдарда көтөрүлүш башталган. 9-августта Боом капчыгайында Ыбрайым Төлө уулу баш болгон кыргыз кошууну көлгө бараткан аскерлердин жолун тоскон. Ысык-Көл кылаасындагы куралдуу көтөрүлүш өзгөчө курч мүнөздө өткөн. Көтөрүлүшкө Ырдык кыштагынын дуңгандары 11-августтан тартып активдүү катышкан. Алар Ырдыкка келе жаткан аскерлердин жолун тосуп, андан соң Караколго чабуул коюшкан . 12-августта Каракол түрмөсүндө 300 дөн ашуун кыргыз, дуңган, уйгур козголоң чыгарышкан. 13-14 августта Челпек, Бөрүбаш айылдарындагы калмактар күрөшкө тартылган. Көтөрүшчүлөр менен жазалоочу аскерлердин ортосундагы акыркы ири салгылашуулар августтун аягында



Кытайга качкан кыргыздар.

23-августта Караколдун жанында , 28- августта Түптө болгон. Ага 7 миңден ашык киши катышкан. Падышалык аскерлердин ырайымсыз кысымына туруштук бере албасына көзү жеткен эл жан айласы кылып, ата-журттан качууга аргасыз болушкан. Мына ошентип кеч күздө кайгылуу Үркүн трагедиясы башталып, 39 болуштуктун эли үркөн . Кытайга качкан 45 миң түтүн элдин жалпы саны 160 миң адамдан ашып, аны 130 миңге жакыны кыргыздар болгон. Пржевальск уездинде гана 2,5 млнго жакын талоон болгону маалым . 1917-жылдын башына карата Жетисуу облусунда 38 миң түтүн же 150 миң адам зыянга учураган. Ошентип көтөрүлүш жеңилүү менен аяктаган. Анын негизги себеби көтөрүлүштүн алдын ала жакшы даярдалбагандыгы болгон. Жеңилип калганына карабастан, көтөрүлүштүн тарыхый мааниси зор. Кыргыз эли Ата журтун бошотуу үчүн, өз алдынчылык үчүн көтөрүлүшкө чыккан. 1916-жылдагы кайгылуу окуя кыргыз элинин XIX-кылымдын экинчи жарымы XX – кылымдын башындагы улуттук-боштондук кыймылдарынын эң ириси. Ал элдин эсинде «Үркүн» деген ат менен түбөлүккө сакталып калды.

1917-жылдын март айында Каракол шаарында Россиянын убактылуу өкмөтүнүн аткому уюшулган. Бул учур саясий уюмдар менен партиялардын коомду андан ары өнүктүрүү жолдорун издөө мезгили болгон. Ысык-Көлдүк мусулмандар арасында «Шура-и ислам» комитетинин таасири күчтүү болуп, казак жана кыргыз улуттук партиясы «Алаштын жолун жолдоочулар да пайда болгон.

1917-жылдын жайында Пишпекте А.Сыдыковдун жетекчилиги астында «Алаш» улуттук партиясынын жергиликтүү бөлүмү түзүлгөн. Бул партия 1917-ж. майда Казакстанда (Оренбург) шаарында негизделип, анын башында А.Букейханов менен А. Байтурсынов өндүү буржуазиялык-демократиялык багыттагы казак интеллигенциясынын өкүлдөрү, демократиялык маанайдагы майда буржуазия, байлар, жумушчулар менен дыйкандардын бир бөлүгү, дин кызматкерлери кирген. Улуттук «Алаш» партиясынын негизги максаты казак жана кыргыз элинин өз алдынча мамлекетин

түзүү болгон. Бул партиянын жергиликтүү уюмдарын түзүүгө кыргыз интеллигенттеринен И.Арабаев, К.Тыныстанов, Н.Тулин, Д.Сооронбаев, С.Чукин жана башкалар жигердүү катышышкан. «Алаш» партиясынын уюмдары негизинен Түндүк Кыргызстанда түзүлгөн.

Октябрь революциясынын алдында Ысык-Көл өрөөнүндө да көп партиялуулуктун негизи түзүлгөн. Демократиялык маанайдагы көп уюмдар Кытайга качкан кыргыздардын кайра келишине шарт түзүп берүүнү талап кылышкан. Кыргыз качкындары 1916-жылдын күзүнөн баштап Чыгыш Түркстандын ар кайсы жерлеринде жашап турушкан.

Кыргызстандын аймагында Совет бийлиги орногондон кийин 1916-жылкы көтөрүлүшкө катышкан кыргыздарды жазалоо, куугунтуктоо токтогон. Совет бийлиги качкын кыргыздардын калгандарын мекенине көчүрүп келүүгө жардам берүү үчүн Батыш Кытайга атайын комиссия жөнөткөн. Бул комиссия Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин 1920-ж. 2-февралдагы чечими менен түзүлгөн. Комиссияга качкын кыргыздарды мекенине кайтаруу, жерлерин кайтарып берүү, аларга зомбулук көрсөтүүнү токтотуу, кулдукка сатылып кеткендерин куткаруу, материалдык жардам берүү жана орустар менен кыргыздардын касташуусун токтотуу милдеттери жүктөлгөн.

Совет бийлиги орногондон кийин, 1916-жылы Кытайга Жетисуу облусунан качкан 332 миң кыргыз-казактын 300 миңдейи Ата Мекенине кайтып келишкен. Кайтып келген кыргыздарга жардам иретинде өкмөттүн эсебинен 100 млн. сом бөлүнүп, мунун эсебинен качкын кыргыздарга акысыз мал, айыл чарба шаймандары, боз үйлөр, курулуш ж.б. материалдары берилген.

Ысыккөл өрөөнүндө, өзгөчө Пржевальскиде, Түп, Теплоключенка сыяктуу айрым кыштактарда бай орус дыйкандары, казак орустар көп болгондуктан, алар Совет бийлигин орнотууга айыгышкан каршылык көрсөтүшкөн. Бул жерде контрреволюциячыл күчтөрдү басуу 1918-ж. жайына чейин созулган. 1918-ж. июнь айынын аягында Верныйдан

келген кызыл гвардиячыл кошууну Пржевальскидеги Убактылуу өкмөттүн бийлигин жоюп , 26-июнда Советтердин уездик съездин чакырууга көмөктөшкөн. Съезд Советтердин эски курамын таратып, жаңы курамды шайлаган. Советтердин жаңы курамы Пржевальскидеги бийликти колуна алган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Каракол уездинин жергиликтүү органдарынын алдында чарбалык жана маданий курулуштун өтө татаал маселелери турган. Ошол кырдаалдагы орчундуу проблемалардын бири агрардык маселе болуп, жерсиз дыйкандарга жер бөлүнүп бериле баштаган.

1918-жылдын аягында Ысык-Көл өрөөнүндө жер-суу комитеттери иш жүргүзүп, коллективдүү чарбага бириге башташкан. Ысык-Көл уездинде алгачкы коллективдүү чарба 1918-ж. Дархан айылында орус жана кыргыз чарбаларынын «Эмгек» артели деген ат менен түзүлгөн.

1921-жылы Пржевальск уездинде 20 дан ашык колхоздор уюшулган. Ушул эле жылы «Кошчу бирлиги» деген уюм түзүлүп, бул уюм бардык улуттардын кедей-кембагалдарынын тынч кызматташуусун камсыз кылган, айылдык кедей-кембагалдардын биримдигин чыңдаган, кулактар менен бай-манаптарга каршы күрөшкөн.

1927-жылы Каракол кантонунда 8 болуштук, 94 айылдык дыйкандар комитети түзүлгөн. Булар чарбаларга материалдык жардам көрсөтүшкөн, кыргыз айылдарында өндүргүч күчтүү көтөрүүгө көмөктөшкөн, кедейлерди бай, манаптарга, кулактарга каршы күрөшүүгө бириктирген.

Өнөр жайды өнүктүрүү боюнча да чаралар көрүлүп, 1918-жылы 14 булгаары завод, 15 тегирмен жана Каракол шаарында 45 жумушчусу бар кийим тигүүчү мастерской ачылган. Жергиликтүү бийлик 1921-22-ж. Жер-Суу реформасын ишке ашырууга көңүл бурулган. Реформаны баштаарда, уездде батрактар менен кедейлердин 19 уюму уюшулган. 1926-жылы Каракол шаарында жылдык кубаттуулугу 3,2 миң т. келген май заводу курула баштап, Каракол кычы, зыгыр, күн карама, кара куурайдан май алуучу 24 май цехи иштей баштаган. Эмгекчилер Ысык-Көлдөгү кеме, баржаларды калыбына

келтиришип, Каракол пристанында чакан кемелерди ремонттоочу жана куруучу мастерскойлор ачылган. 1926-жылы Ысык-Көлдө жүк-жүргүнчүлөрдү ташуучу «Прогресс Кыргызстана» кемеси жүрө баштаган.

30-жылдардын башында Каракол жана Түп май заводдору, Каракол жана Балыкчы жылуулук электр станциялары ишке киргизилип, ири өнөр жай ишканалары пайдаланууга берилген. Маселен, Каракол нан заводу, Караколдогу «Кырметровес» ишканасы (1935ж.) Түп кыш-черепица заводу (1939), Каракол кыш заводу (1939), Күрмөнтү цемент заводу (1939) кубаттуулугу 25 миң т. келген Жыргалаң таш көмүр рудниги иштей баштаган.

Мындан сырткары Бишкек- Балыкчы-Каракол, Балыкчы-Нарын автомобиль жолдорун курууга көп күч жумшалган. 30-жылдардын аягында Бишкек-Балыкчы автомобиль жолу ишке киргизилген. 1939-жылы жайында узундугу 180 км. келген Балыкчы-Чолпон-Ата-Лизогубовка-Жыргалаң шоссе жолу салынган. Өнөр жай ишканаларынын курулушуна карабастан Улуу Ата Мекендик согушка чейин Ысык-Көл өрөөнү агрардык аймак болуп калган. 1930-жылдарда Каракол кантонунда чарбалардын жалпы санынын 47%и коллективдештирилген. 1932-жылы Каракол районунда 84, Жети-Өгүздө 28, Балыкчыда жана Ысык-Көл районунда кулак чарбалары иштей баштаган. Колхоздорду уюштуруу-чарбалык жактан чыңдоого машина трактор станциялары орчундуу иш жүргүзүшкөн. 1931-жылы МТСи ал эми 1932-жылы январда Жети-Өгүз жана Ысык-Көл МТСтери уюшулган. 1940-ж. Ысык-Көл облусундагы МТСтерге кубаттуулугу жалпысынан 10,5 миң ат күчү келген 500 трактор, 186 комбайн, 79 жүк ташуучу машина болгон. 1933-жылы Ысык-Көл өрөөнүндөгү бардык МТСтер менен совхоздордо саясий бөлүмдөр түзүлгөн. Саясий бөлүмдөр Теплоключенко МТСинде – «Колхоз» курулушунда», Жети-Өгүз МТСинде «Большевиктин колхоз үчүн», Ысык-Көл өрөөнүндө «Колхоз турмушу» деген гезиттерди чыгарышкан.

Совет бийлигинин бардык күчү сабатсыздыкты жоюуга жана кыргыздарды илим-билимге тартууга, эл агартуу үчүн зарыл



Каракол педагогикалык окуу жайынын имараты.

болгон шарттарды түзүүгө багытталган. Кыргыз малчылары үчүн көчмө мектептер, кыз-келиндер үчүн атайын мектептер түзүлүп, окутуунун жекече топтук ыкмасы пайдаланылган.

1926-27-окуу жылында эле Каракол уездинде сабатсыздыкты жоюучу 17 мектеп иштеп, ал эми 1930-ж. март айларында 62 мектеп уюшулган. 1920-21-окуу жылында Каракол уездинде 620 окуучусу бар 50 кыргыз мектеп болгон. 1920-жылдын башында 62 кишиге эсептелген алты айлык кыргызча курс Караколдо ачылган . 1925-ж. Караколдо 9 жылдык кыргыз мектеп айыл чарба техникумуна айландырылган, кыз-келиндер кесиптик тех. окуу жайы ачылып, ал 1928-ж. кыргыз кыз-келиндеринин сабатсыздыкты жоюучу мугалимдерди даярдоо боюнча үч жылдык мектеп болуп кайра түзүлгөн. 1940-ж. 150 кишилик 2 жылдык мугалимдерди даярдоочу институт ачылган. Маданий-агартуу мекемелеринин саны көбөйгөн . 1936-ж. Каракол шаарында медсестралардын эки жылдык мектебинин базасында орто медицина окуу жайы уюштурулган.

Ал эми 1930-40 жылдардагы сталиндик репрессия бүт өлкөдөгүдөй эле облустун эмгекчилеринин башына түшкөн оор мүшкүлгө айланган. Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан көптөгөн өндүрүштүн уюштуруучулары, адистер, жумушчулар менен колхозчулар, чыгармачыл жана жетекчи кызматкерлер репрессиянын курманы болушкан. Алардын арасында Ж. Абдрахманов, К.Тыныстанов, С.Чоңбашев, Х.Жээнбаев, К.Шоруков, К.Кененбаев жана башка көп инсандар болгон.

Фашисттик Германиянын СССРге кол салышы бардык совет элиндей эле, ысык-көлдүктөрдүн да тынч эмгегин үзгүлтүккө учураткан. Согуш жылдары Караколдо чоюн куючу завод, Сөгөттү шахтасы, балык консерва заводу курулган Жыргалаң таш көмүр кени кеңейтилген. Ысык-Көлдүн күңгөйүндө цемент заводунун, Балыкчы эт комбинатынын курулушу башталган. 1943-ж. 14-ноябрда Мамлекеттик коргоо комитети Каракол ГЭСин куруу жөнүндө токтом кабыл алган. Кийин, бут-кийим тигүү комбинаты ишке киргизилген. Согуш жылдары Ысык-Көлдө көчүрүлүп келген мекемелер иштеген. Караколдо Николаев кеме куруу институту, Ленинград ветеринария институту жайгашкан. Түп районунун Сары-Булак айылында поляктардын балдар үйү ачылган. Арашан Жети-Өгүз, Кой-Сары курортторунда согуштан жарадар болгондор жайгаштырылган. Кант–Балыкчы темир жолунун курулушу негизинен аяктаган.

Ысык-Көлдүктөр тылда дагы эрдик көрсөтүшпөстөн, майданда да баатырдык менен салгылашкан. 28 баатыр панфиловчулардын арасында ысык-көлдүк жоокерлер-Советтер Союзунун Баатырлары Н.Я.Ананьев, Г.Е.Конкин, И.В.Москаленко, Г.А.Петренко, Г.М.Шемякин болгон. Ысык-Көлдүк Ж.Асаналиев, К.Жаркымбаев, В.М.Кайкин, П.Ф.Колесников, Е.Г.Курочкин, Е.Е.Михайленко, Е.Б.Пасько, В.И.Сухов, А.А. Титов, К.Усенбековдор Советтер Союзунун Баатырлары наамына татыктуу болушкан.

ЖУМАШ АСАНАЛИЕВ



Жумаш Асаналиев 1923-жылы Кыргыз ССРинин Жети-Өгуз районунун Отуз-Уул айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. Комсомолдун мүчөсү. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин колхоздо иштеген. 1942-жылдан тартып Советтик Армияда кызмат өтөйт. Гвардиянын ефрейтору. Пулеметчу.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында көп салгылашууларда кайраттуулук менен кармашкан. 1943-жылдын июлунда Курск алдындагы салгылашууда биринчи ирет согушка катышкан. Эки жолу катуу жарадар болуп, айыккан соң кайра катарга кошулган.

1944-жылы 24-июнда Витебскинин айланасындагы Лабейка калктуу пунктунун жанында Батыш Двинаны кечип өтүү үчүн салгылашууда өзгөчө зор эрдик көрсөткөн.

Советтер Союзунун Баатыры деген наамга 1944-жылы 22-июлда өлгөндөн кийин татыктуу болгон.



АНАНЬЕВ НИКОЛАЙ ЯКОВЛЕВИЧ



Николай Яковлевич Ананьев 1912-жылы Кыргыз ССРинин Ысык-Көл районунун Сазановка айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. Айылда колхоз жаңы уюшулган кезде, ал ага алгачкылардан болуп кирген. Өзүнүн эмгекчилдиги жана карапайымдыгы, жайдарылыгы жана ак ниеттиги аркасында айылдаштарынын арасында кадыр-баркка ээ болгон. 1941-жылы июль айында фронтко барып, 316-аткычтар дивизиясына кошулган. Катардагы жоокер. Аткыч.

Москванын жанында Волоколамск шоссесинин айланасында борбор шаарыбызга кире бериш багытты коргогон 28 панфиловчу менен кошулуп салгылашкан.

Көрсөткөн каармандыгы, эрдиги, тайманбастыгы үчүн Советтер Союзунун Баатыры деген наамга өлгөндөн кинин 1942-жылы 21-июлда татыктуу болгон.



КАЗАК ЖАРКЫМБАЕВ



Казак Жаркымбаев 1911-жылы Кыргыз ССРинин Ысык-Көл районундагы Таштак айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. Ата-энесинен беш жашында калып, эмгек жолун эрте баштаган. Коллективдештирүү мезгилинен тартып колхоздо иштеген. 1941-жылдын ноябрында Советтик Армиянын катарына чакырылган. Гвардиянын улуу сержанты. Замбиректин командири.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында 2-жана 3-Украин фронтторунда салгылашкан. Днестр плацдармы үчүн болгон салгылашта эрдик көрсөткөн.

Эрдиги, каармандыгы жана баатырдыгы үчүн 1945-жылдын 24-мартында Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.

К. Жаркымбаев согуштан кийин туулуп-өскөн колхозуна кайтып келип, эмгек жолун уланткан. 1969-жылы каза болгон.



КОНКИН ГРИГОРИЙ ЕФИМОВИЧ



Григорий Ефимович Конкин 1911-жылы Кыргыз ССРинин Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Покровка айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. Согушка чейин колхоздо иштеген. 1941-жылдын июлунда Советтик Армиянын катарына чакырылган. Августтун аягында майданга аттанын, 416-аткычтар дивизиясынын жоокери болуп калган. Катардагы жоокер. Аткыч.

Москванын алдында, Волоколамск шоссесинин аймагында борборго кире бериш жерди коргогон 28 гвардиялык-панфиловчулардын катарында салгылашкан.

1941-жылдын 16-ноябрындагы катуу салгылашта Дубосеково разъездинин жанында душмандын 50 танкасынын кысымын токтотуп, өлбөс-өчпөс эрдик жасаган. Көрсөткөн каармандыгы, эрдиги жана баатырдыгы үчүн өлгөндөн кийин 1942-жылы 21-июлда Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.



КОЛЕСНИКОВ ПЁТР ФЕДОСЕЕВИЧ



Пётр Федосеевич Колесников 1922-жылы Кыргыз ССРинин Ысык-Көл районундагы Семёновка айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. КПССтин мүчөсү. Советтик Армиянын катарына 1942-жылдын октябрында чакырылган. Лейтенант. Өзү жүрүүчү артиллериялык полктун батарея командири.

Улуу Ата Мекендик согушка 1-Украин, 1-Белорус фронтунун составында катышкан. Анын аскердик эрдиги Мекен тарабынан I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени жана эки Кызыл Жылдыз ордендери менен белгиленген.

Пётр Федосеевич Колесников 1945-жылдын 27-февралында эрдиги, каармандыгы жана баатырдыгы үчүн өлгөндөн кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.



КАЙКИН ВАСИЛИЙ МАТВЕЕВИЧ



Василий Матвеевич Кайкин 1910-жылы Ысык-Көл областынын Түп районундагы Түп айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. МТСте тракторчу болуп иштеген. Советтик Армиянын катарына 1942-жылы чакырылган. Гвардиянын улуу сержанты. Станкалык пулемёттун расчетунун командири.

Улуу Ата Мекендик согушта Сталинград, Борбордук жана 1-Белорус фронттарында, Волга боюнда салгылашкан, Днепр жана Висла дарыяларынан салгылашып өткөн. Одерде баатырлыкты көрсөткөн. Мекен анын каармандык эмгегин Кызыл Жылдыз жана III даражадагы Даңк ордендери менен белгилеген.

1941-жылдын 27-февралында В. М. Кайкинге теңдешсиз эрдиги үчүн өлгөндөн кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.



КУРОЧКИН ЕФРЕМ ГЕОРГИЕВИЧ



Ефрем Георгиевич Курочкин 1921-жылы Кыргыз ССРинин Пржевальск шаарында туулган. Улуту орус. КПССтин мүчөсү. 1940-жылдын октябрынан тартып Советтик Армияда кызмат өтөгөн. Гвардиянын сержанты жана замбирек командири болгон.

Улуу Ата Мекендик согуштун салгылашууларына 1941-жылдын июль айынан баштап катышкан.

Узляны кыштагынын аймагында болгон салгылашууларда көрсөткөн эрдиги, майтарылбас кайраттуулугу үчүн 1944-жылы 28-августта Е. Г. Курочкинге Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган. Согуш жылдарында «Каармандыгы үчүн» жана «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн» медалдары менен сыйланган.



МИХАИЛЕНКО ЕВГЕНИЙ ЕФИМОВИЧ



Евгений Ефимович Михайленко 1921-жылы Кыргыз ССРинин Пржевальск шаарында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. КПССтин мүчөсү. 1941-жылы Чкаловдогу аскердик авиация окуу жайын бүткөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда 1942-жылдын июлунан баштап болгон. Гвардиянын улуу лейтенанты, эскадрильянын командири, штурмалоочу учкуч. Калинин, Воронеж жана 1-Украин фронтторунда салгылашкан. Душмандын аскерлерин жана техникасын штурмалоо боюнча согуштук тапшырмаларды аткарып, «ИЛ-2» самолётунда 108 жолу учуш жасаган. Баатыр учкуч Львов областындагы Сокаль шаарынын жанында болгон аба салгылашында курман болгон.

Күжүрмөн тапшырмаларды үлгүлүү аткаргандыгы, каармандыгы, эрдиги жана баатырдыгы үчүн Е. Е. Михайленкого СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1944-жылдын 26-октябрындагы Указы менен Советтер Союзунун Баатыры деген наам өлгөндөн кийин берилген. Ал ошондой эле эки Кызыл Туу ордени, Кызыл Жылдыз ордени жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.



МОСКАЛЕНКО ИВАН ВАСИЛЬЕВИЧ



Иван Васильевич Москаленко 1912-жылы Казак ССРинин Кордой районундагы Георгиевка айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту украин. Атасынан эрте калып, үй-бүлөнү багууда энесине жардам берип колхоздо иштеген.

Армияга чакырылганына чейин Ысык-Көл областынын байланыш бөлүмдөрүндө сегиз жыл бою эсепчи болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы күндөрүндө согушка кеткен. Катардагы жоокер. Аткыч. Кааpман жоокер 316-аткычтар дивизиясынын составында Москванын алдында эрдик менен салгылашкан.

Москва алдында болгон салгылаштарда Волоколамск шоссесинин аймагында борборго кире бериш жерлерди коргошкон легендарлуу панфиловчулар өлбөс-өчпөс эрдикти көрсөтүшкөн. И. В. Москаленко 1941-жылы 16-ноябрда Дубосеково разъездинин жанында душмандын 50 танкасынын кысымынын мизин кайтарууда тендешсиз эрдикти, темирдей бекемдикти жана рухий айкөлдүктү көрсөткөн. Ал душмандын Москвага өтмөкчү болгон жолун бөгөп, башка панфиловчулардын катарында теңдешсиз салгылашта курман болгон.

Көрсөткөн каармандыгы, эрдиги жана баатырдыгы үчүн ага 1942-жылы 21-июнда Советтер Союзунун Баатыры деген наам өлгөндөн кийин берилген.



ПАСЬКО ЕВДОКИЯ БОРИСОВНА



Евдокия Борисовна Пасько 1919-жылы Кыргыз ССРинин Жети-Өгүз районундагы Липенка айылында дыйкандын үй-бүлө-сүндө туулган. Улуту украин. КПССтин мүчөсү. Пржевальск шаарындагы орто мектепти 1938-жылы бүткөндөн баштап - Москвадагы Ломоносов атындагы мамлекеттик университеттин механика-математика факультетинин студенти болгон. ВЛКСМ БКнын чакырыгы боюнча 1941-жылы октябрда армияга өз ыктыяры менен жөнөгөн.

1942-жылдын майынан 1945-жылдын майына чейин аялдардын гвардиялык 46-авиаполкунун составында салгылашкан. Гвардиянын улуу лейтенанты, түнкүсүн бомбалоочу самолёттор эскадрильясынын штурманы. Душмандын согуш техникасын, адам күчүн, чындоолорун жок кылуу боюнча 800 жолу күжүрмөн учуш жасаган.

Мекендин алдында сиңирген күжүрмөн эмгеги үчүн Е.Б. Пасько Кызыл Туу, I даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, эки жолу Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. 1944-жылы 26-октябрда ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.



ПЕТРЕНКО ГРИГОРИЙ АЛЕКСЕЕВИЧ



Григорий Алексеевич Петренко 1909-жылы Кыргыз ССРинин Тоң районунун Бөкөнбаев айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту украин. Улуу Ата Мекендик согуш башталганга чейин өзү туулуп өскөн айылында жашаган жана иштеген. 1941-жылы июлда Советтик Армияга чакырылып, 316-аткычтар дивизиясынын составында фронтко келген. Катардагы жоокер болгон.

Легендарлуу 28 панфиловчунун катарында туруп, Дубосеково разъездинин жанында душмандын 50 танкасынын кысымынын мизин кайтарууда өлбөс-өчпөс эрдик көрсөткөн. Теңдешсиз салгылашта 1941-жылы 16-ноябрда баатырларча курман болгон.

Көрсөткөн каармандыгы, эрдиги жана баатырдыгы үчүн Григорий Алексеевич Петренкого СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1942-жылдын 21-июнундагы Указы менен Советтер Союзунун Баатыры деген наам өлгөндөн кийин берилген.



СУХОВ ВАСИЛИЙ ИВАНОВИЧ



Василий Иванович Сухов 1910-жылы Алтай крайынын Змеиногорский районунун Барановка айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. КПССтин мүчөсү. 1928-жылдан Кыргыз ССРинин Жети-Өгүз районунда жашаган. 1932-жылы Советтик Армия нын катарына чакырылган. Кызматты өтөөдөн кийин 1936-жылы үйүнө кайтып келген. 1939-жылы кайрадан Советтик Армиянын катарына кеткен. Батальондун командири, капитан.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Борбордук, Брянск, 1-Белорус фронтторунда салгылашууларга катышкан. Эки жолу жарадар болгон, бирок кайрадан катарга кошулган. Салгылашууларда көрсөткөн эрдиги жана каармандыгы үчүн II даражадагы Ата Мекендик согуш жана Кызыл Жылдыз ордендери менен сыйланган.

1945-жылы 23-февралда тайманбастыгына жана баатырдыгына жеңиш үчүн майтарылбас эркине өлгөндөн кийин Василий Иванович Сухово Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.



ТИТОВ АНДРЕЙ АЛЕКСЕЕВИЧ



Андрей Алексеевич Титов 1905-жылы Пржевальск уездиндеги Покровка селосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. КПССтин мүчөсү. Өзүнүн эмгек жолун 1918-жылы баштаган. Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы «Кызыл толкун» артелинде, Киров атындагы колхоздо, райондук өнөр жай комбинатында сугатчылык, малчылык жана балыкчылык иштерде иштеген.

1942-жылдын октябрынан тартып Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Гвардия ефрейтору. Танкка каршы мылтыктын мээлөөчүсү. Сталинград фронтунда согушка биринчи жолу катышкан. Каарман жоокер Волга боюндагы баатыр шаардын түбүндө үч ай бою салгылашкан. Гитлерчилерди Волгада талкалагандан кийин Орел-Курск багытында согушкан.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында көрсөткөн эрдиги жана каармандыгы үчүн А. А. Титов II даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери жана медалдар менен сыйланган. 1944-жылы 15-январда ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.



ҮСӨНБЕКОВ КАЛЫЙНУР



Калыйнур Үсөнбеков 1921-жылы Кыргыз ССРинин Түп районундагы Ой-Булак айылында туулган. Улуту кыргыз. КПССтин мүчөсү. Пржевальскидеги педагогикалык техникумду бүтүргөндөн кийин мектепте иштеген.

1942-жылы мартта Советтик Армиянын катарына чакырылган.

Улуу лейтенант. Аткычтар батальонунун парторгу болгон.

Улуу Ата Мекендик согушта 1942-жылдан 1945-жылга чейин 1-Белорус жана 3-Украин фронтторунда салгылашууларга катышкан. Анын күжүрмөн жолу Волгадан башталып, Берлинде бүткөн. Салгылашууларда өзгөчөлөнгөндүгү үчүн эки Кызыл Жылдыз жана Кызыл Туу ордендери менен сыйланган.

1945-жылы 31-майда Одер дарыясынан сүзүп өтүүдө көрсөткөн баатырдыгы жана каармандыгы үчүн Калыйнур Үсөнбековго Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.



ШЕМЯКИН ГРИГОРИЙ МЕЛЕНТЬЕВИЧ



Григорий Мелентьевич Шемякин 1906-жылы Кыргыз ССРинин Богатыровка айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. Согушка чейин колхоздо талаачылыкта, андан кийин мал чарба бригадасынын бригадири болуп иштеген. 1941-жылы июль айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, 316-аткычтар дивизиясына катталган. Катардагы жоокер. Аткыч.

Волоколамск шоссесинин районундагы душмандын борборго өтүүчү жолдорун тороп, Москванын алдында 28 панфиловчулардын катарында салгылашкан.

1941-жылы 16-ноябрда Дубосеково разъездинде душмандын 50 танкасына каршы салгылашууда өлбөс-өчпөс эрдик көргөзгөн.

Дубосеково разъездиндеги көрсөткөн эрдиги, каармандыгы жана баатырдыгы үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1942-жылдын 21-июлундагы Указы менен Григорий Мелентьевич Шемякин Советтер Союзунун Баатырынын наамына татыктуу болгон.



Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Ысык-Көл облусунун экономикасы тынчтык мезгил үчүн продукция чыгарууга өтүп, өнөр жай ишканаларында 8 сааттык жумуш күнү, дем алыш күндөр белгиленген. Колхоз жана совхоздордо айдоо аянттары кеңейтилип, малдын саны көбөйтүлгөн. 1946-50-ж. иштеп жаткан ишканаларда жаңы цехтер жана участкалар курулган.

1948-жылы бул жерге Бишкек-Балыкчы темир жол линиясы жеткирилген.



Бишкек-Балыкчы темир жол линиясы

1954-жылы шаар укугуна ээ болгон Балыкчы шаары батыш Ысык-Көлдүн ири экономикалык борбору болуп калган.

1959-жылдары теплоходдорду, кемелерди, баржалардыжасап чыгарууга жана кеме курууучу ремонттоо заводу курулган.

1970-жылдары шаарда ири эт комбинаты, тегирмен, нан , май заводдору, балык ыштоочу жер, кийим тигүү, мебель жасап чыгаруучу өнөр жай комбинаты ж.б. заводдор иштей баштаган. 70-жылдардын 2-жарымында 2 темир-бетон жасалгалары заводу, Балыкчы дан заводу курулган. Покровка жергесинде кыш завод, Караколдо үй куруу комбинаты жана Балыкчыда ун тартуу

комбинаттары курулган. 70-жылдары суу чарба курулушуна чоң көңүл бурулуп, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү арткан. 70-жылдары курорттук ден-соолукту чыңдоочу мекемелерди өнүктүрүү үчүн көп эмгектер жасалган.

1970-ж. 28-августта Бүткүл союздук маанидеги курорттук район катары Ысык-Көл курорттук зонасы негизделген. Ысык-Көлдүн жээгинде ондогон эс алуу мекемелери: пансионаттар, санаторийлер, эс алуу үйлөрү, туристтик базалар иштеген. 80-жылдары облустун аймагында Сары-Жаз калай кен ишканасынын курулушу жүргүзүлгөн, минералдык-сырье, жер, суу жана энергетикалык ресурстарды комплекстүү пайдалануу боюнча илимий изилдөө, долборлоо иштери жүргүзүлгөн. 80-жылдары Ысык-Көл өрөөнүндө машина куруу, кеме куруу жана кеме ремонттоо өнөр жайы, отун карагай даярдоо жана жыгач иштетүү, жеңил, тамак-аш, электр-энергетика өнөр жайлары өнүккөн.

Кажы-Сайда күч берүүчү жарым өткөргүчтүү даярдоонун жаңы технологиясын ойлоп табышып, аны өлкөнүн мыкты адистери жогору баалашкан.



Ысык-Көл форумунун катышуучулары

Мына ошондой эле облустун турмушундагы маанилүү окуя дүйнөлүк маданият ишмерлеринин эл аралык жолугушуусу – «Ысык-Көл форуму» болгон. Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болушу менен (1991-жылдын 31-августу) Ысык-Көл өрөөнүнүн тарыхый топонимдери кайрадан мурункуча атала баштаган. 1992-жылдын 6-мартында Пржевальск-Каракол, Ысык-Көл (1989-жылга чейин Рыбачье деп аталган) – Балыкчы болуп кайрадан аталды. Кайра кайтарылган топонимдердин ичинде Ак-Чий (мурдагы Соколовка), Боз-Учук (Вознесеновка), Жергез (Ново-Константиновка), Кара-Ой (Долинка), Кара-Кыз (Пионер), Качыбек (Раздольное), Кызыл-Жар (Советское), Кытай (Комсомол), Сары-Көл (Михайловка), Сары-Ой (Курское), Таштак (Каменка) ж.б. айылдардын аттары өзгөрүлдү.

1991-жылдын август окуяларына жана СССРдин ыдырагандыгына байланыштуу өндүрүш каражаттарына болгон мамлекеттик, социалисттик менчик монополиясынан жеке менчикке өтүү башталды. Өндүрүш көлөмүнүн кыскарганына байланыштуу 1993-жылдын августуна карата облуста 39 акционердик коом жана 908 фермер чарбасы түзүлгөн.

Ысык-Көл облусунун экономикалык жагдайын карасак, орто деңгээлде өнүккөн. Биринчиден табигый шарты жана байлыктары менен өзгөчөлөнүп турган аймак. Бул өрөөндүн башкы байлыгы – тоңбогон Ысык-Көл, анын деңиз суусуна каныккан жагымдуу абасы, көл жээгиндеги куму, көптөгөн жылуу жана минералдуу суулары, ошондой эле көл жээгинде курулган санаторийлер, келечектүү курорттук жана рекреациялык ресурсттар. Азыр облуста санаторий-курорттор менен катар көптөгөн эс алуу үйлөрү, пансионаттар, балдардын эс алуу лагерлери, туристтик жана альпинисттик базалар иштеп, аларда миңдеген кишилер эс алып дарыланышат.

Ысык-Көл облусунда рекреация чарбасы (эс алуу жана дарылануну уюштуруу) анын ичинен туризм келечекте экономикасынын негизги адистешкен тармагына айланып,

көл кылаасы дүйнөлүк деңгээлдеги курорттук аймак болууга мүмкүнчүлүгү бар. Ал үчүн бул жерде жаратылыштын кооздугу жана байлыгы жетиштүү. Чет өлкөлүк инвестицияларды таап, өндүрүшкө жаңы технологияны киргизип, региондун экономикалык жана социалдык деңгээлин жогорулатуу үчүн облуста 1994-жылы «Каракол» эркин экономикалык аймагы уюшулган. Ысык -Көл облусунда тоо-кен өнөр жайынын келечеги кең, Сары-Жаз дарыясынын алабында алтын, калай жез, коргошун, полиметалл, фольфрам, ниобит ж.б. металдардын кендери табылган. Алтын кенин казып алуучу Кум-Төр комбинаты 1996-жылдын аягында ишке киришкен. Кум-Төр алтын кени облустун Жети-Өгүз районунун сыртында деңиз деңгээлинен 3500-4150 м. бийиктикте жайгашкан. Кенди «Камеко» корпорациясынын (Канада) «Кумтор Оперейтинг компани» компаниясы казат жана ылгайт. Облустун айыл чарба тармагында 2000-жылдын башында 56 дыйкан чарба коллективи, 16 айыл чарба кооперативи, 1 акционердик коом 4907 жеке дыйкан (фермер) чарба иштеген. Айыл чарба өндүрүшү дыйканчылыкта дан, картөшкө, мөмө - жемиш өстүрүүгө, мал чарбасында кой, уй жана жылкы багуу адистешкен. 2000-жылдары жалпы айыл чарба тармагында 71,6 миңдей адам эмгектенип, 5673,1 млн. сомдук айыл чарба азык-түлүгү өндүрүлгөн.



Ысык-Көл облустук В.И.Ленин атындагы китепкана

Облуста автомобиль, темир, аба жана суу жолдору бар. 2000-жылдардагы автомобиль жолунун жалпы узундугу 6796 км, анын 1645 км эл аралык, 2514 км. республикалык мааниде, облустук жана жергиликтүү маанидеги жолунун узундугу 2637 км. Негизги автомобиль жолу Ысык-Көлдүн жээгин айланта курулган Балыкчы-Чолпон- Ата-Түп-Каракол-Кызыл-Суу-Бөкөнбаев-Балыкчы (жалпы узундугу 450 км) автомагистралы түзөт. Жолдун 80 % нан көбү асфальт төшөлгөн. Мына ушул жол аркылуу облустун дээрлик бардык калктуу пункттары байланышып, негизги жүктөрү жана жүргүнчүлөрү ташылат. Облустун батышында Балыкчы шаары аркылуу Бишкек-Токмок-Балыкчы-Нарын-Торугарт жолу, чыгышында Түп-Талды-Суу-Кеген (Казакстан) жолу кетет. Көлдүн жээгин сырт менен байланыштырып турган Барскон-Кара-Сай-Ак-Шыйрак жана Эңилчек. Каракол автомобиль жолунун алтын, түстүү металл курулуш материалдар жана башка кен байлыктарын өздөштүрүүдө о.э. жайкы жайыттарды пайдалануда мааниси чоң. Облуста жүк жана жүргүнчүлөрдү ташууда автомобиль транспортунун мааниси зор. Балыкчы шаарына чейин темир жол жетет. Темир жолдун башка аймактар жана мамлекеттер менен экономикалык байланыш түзүүдө орчундуу мааниси бар. Республиканын башка региондорунан айырмаланып, Ысык-Көл облусунда суу жол транспорту өздөштүрүлгөн. Негизинен эл чарба жүктөрү ташылып, бул суу жол транспортунун келечеги кең. Ошондой эле аба жол транспорту жүргүнчүлөрдү жана почта жүктөрүн ташууда маанилүү орунга ээ. Каракол, Чолпон- Ата, Тамчы аймактарында аэропорттор бар. Аба жолу Бишкек, Жалал-Абад, Ош, Баткен жана коңшу мамлекеттер менен байланыштырып турат.

Ысык-Көл өрөөнүндө 155 китепкана, К.Жантөшев атындагы музыкалык драма театры бар. Райондук айылдык маданият үйлөрү, мамлекеттик музейлер Каракол тарыхый жерге таануу музейи, Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый

маданият корук музейи, Пристандагы Пржевальск атындагы музейи, Чолпон-ата шаарында үй музейи ж.б. бар. Облустук, райондук жана шаардык бир нече гезиттер чыгып турат.

2005-2007-жылдары облустук дүң продукт 2005-жылдагы 13096,7 млн. сомдон 2007-жылдагы 19709,6 млн. сомго чейин көбөйдү, 2005-2007-жылдары орточо көрсөткүч 16285,4 млн. сомду түздү. Ал эми ички региондук продуктунун өсүшү 2005-жылы өнөр жай тарабынан 10198,2 млн. сом, 2006-2007- жылдары тиешелүү айыл чарбасы тарабынан - 10573,9 млн. сом 13007,8 млн. сом көлөмүндө камсыз кылынган.

2005-2007-жылдардын ичинде чекене товар жүгүртүүнүн жана акыга кызмат көрсөтүүнүн көлөмү өсүш тенденциясына ээ болду: чекене товар жүгүртүүдө өсүштүн орточо темпи - 113,1%ды, акыга кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө 115,4%ды түзгөн. Капиталдык салымдар иш жүзүндө 3,9 эсе 1,4 млрд. сомдон 5,3 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Тышкы соода жүгүртүүдө 2005-жылы экспорт 7,2 млн. АКШ долларын, ал эми импорт 108,5 млн. АКШ долларын түзгөн болсо, 2007-жылдары экспорт 14,2 млн. АКШ долларын жана импорт 184,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Ысык-Көл облусунун кен казып алуу өнөр жайын Жети-Өгүз районундагы Кумтөр алтын кенин өздөштүрүү боюнча республикадагы ири ишканалардын бири катары саналат «Центерра Голд Компани» ЖАК «Күрмөнтү цемент» АК (акиташ берүү), «Каухар-Таш» АК (темир-бетон буюмдарын берүү), «Сүт-Булак» АК (ишканда иштегендер үчүн сүт продукциясын берүү) сыяктуу жергиликтүү субподрядчыларды заказдар менен камсыз кылат. Мында «Центерра Голд Компани» ЖАКнын кирешелеринин көп бөлүгү кантсе да региондук эмес, жалпы мамлекеттик экономикага арналган. Ысык-Көл облусунда башка кендер да табылып, булар Жангарт жана Тоголок рудалык алтын кендери, ошондой эле Көөлү жана Эчкилиташ алтын кендери. Ысык-Көл облусунун кыртыштарында калай, вольфрам, уран,

молибден сыяктуу жана башка пайдалуу кендер бар. Облуста таш жана күрөң көмүрлөрдүн запастары бар.

Ысык-Көл облусунда 100дөн ашык жылытуу системасы иштеп, эң ириси-кубаттуулугу 60 МВт болгон Каракол ТЭЦи, ал 1956-жылы курулган. Облуста электр энергиясын өндүрүүсү жылына 200,000 кВт. саатты түзөт.

Айыл чарба сектору Ысык-Көл облусунун экономикасынын маанилүү тармагы болуп саналат. Облус негизинен дан эгиндерин, картошканы, жашылчаны, мөмө-жемиштерди өндүрүүгө адистешкен, алар республиканын башка региондоруна жана өлкөдөн тышкары экспорттолот. Көл өрөөнүндө туризмди, негизинен, отелдерде, менчик мейманканаларда жана конок үйлөрүндө эс алгандардын келиши билдирет. Региондо ар кандай химиялык курамдагы 53 минералдык – термалдык суу булактары жана дарылык ылай чыккан жерлер бар, алардын ар биринин өзүнүн өзгөчөлүктөрү өкүм сүрөт. Иштеп жаткан курорттук ден – соолук чыңдоо мекемелери баардыгы болуп ушундай 9 булакты пайдаланышат.

Ысык-Көл облусунда байланыш кызматын монополиялык берүүчү болуп «Кыргызтелеком» ААКнын Ысык-Көл филиалы эсептелет. Ишкана жергиликтүү, шаар аралык жана эл аралык байланыштарды камсыз кылып, факсимилдик байланыштын, телеграфтын кызмат көрсөтүүлөрүн, коммутатордук жана бөлүнгөн линиялар аркылуу интернетке чыгууну камсыз кылат. Каракол, Балыкчы жана Чолпон-Ата шаарларында ADSL технологиясынын жабдуулары орнотулган. Облус боюнча 88 автоматтык, анын ичинде 12 шаардык жана 76 айылдык телефон станциялары орнотулган.

Ысык-Көл облусунда 91874 окуучуга 194 мектеп, анын ичинде – 180 орто, 11 толук эмес орто, 3-башталгыч мектеп иштеп келет. Мектептик билим берүү багытында – 7488 мугалим эмгектенип жана 3801 балага 38 мектепке чейинки мекемелер ошондой эле 11000 окуучуга 17 мектептен тышкаркы мекеме,

7 балдар билим берүү борборлору иштешет. Облуста 1500дөн ашуун бала спорттун 15 түрү менен машыгып 8 спорттук балдар-өспүрүмдөр мектептерине барышат. Мына ушуну менен катар облуста орто кесиптик билим берүүнү 6 техникум жана окуу жайы, ошондой эле 9 кесиптик лицей билдирет, алар 19 кесип боюнча жумушчу кадрларды даярдашат. Облустун лицейлеринде 2580 окуучу билим алышып, инженердик-педагогикалык курам – 295 адамды түзөт. Ысык-Көл облусунда жогорку билим берүү чөйрөсүн 6 жогорку окуу жайы камсыздап турат. Каракол шаарында облустагы ири ЖОЖ – К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети болуп эсептелет. Бул окуу жайда 37 адистик боюнча студенттер билим алышып, окутуучулардын курамы – 396 адамды түзүп, алардын ичинен 8 окутуучу илимдин доктору, 70 илимдин кандидаттары эмгектенишет.

Ысык-Көл облусунун саламаттыкты сактоо системасында азыркы күндө 7 үй - бүлөлүк медицина борбору, 54 үй-бүлөлүк врачтар тобу, 118 фельдшердик-акушердик пункт, 5 райондук аймактык оорукана, Балыкчы шаарында шаардык аймактык оорукана жана облустук бириккен оорукана иштейт.



ОБЛУСТУН КУРАМЫНДАГЫ РАЙОНДОР ЖАНА ШААРЛАР

ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

Ысык-Көл району 1930-жылдарда уюшулган. Батышынан Тоң, чыгышынан Түп райондору, түндүгүнөн Кемин району жана Казак Республикасы менен чектешип, түштүгүнөн Ысык-Көл чулгайт. Борбору Чолпон-Ата шаары. Райондун аймагында 31 айыл бар. Көл өрөөнүнүн түндүк бөлүгүн, Күнгөй Ала-Тоонун түштүк капталын ээлейт. Жеринин бети тоолу, тоо этеги адырлуу болуп, көл жээгиндеги түздүктөргө туура келет. Эң бийик жери 4770 м. Чок-Тал чокусу болуп саналат. Кен байлыктары: молибден, вольфрам, жез, курулуш материалдары, минералдуу суулар, дары баткактар ошондой эле Кичи-Ак-Суу, Долоноту, Карагай -Булак, Чок-Тал, Чолпон -Ата, Чоң -Өрүктү, Тору-Айгыр ж.б. суулар агат. Жаныбарлар дүйнөсү ар түрдүү: кыргоол, коён, саздак жерлерди ак кытан жана токой чулдугу мекендейт. Токойлорунда түлкү, элик, сүлөсүн, аюу, карышкыр, кашкулак, тоолорунда тоо эчки, илбирс, аркар, улар ж.б. учурайт. Күз мезгилинде Казакстандан, Сибирден көп суучул куштар (ак куу, каз, өрдөк) келип Ысык-Көлдө кышташат. Көлдүн жээк бөлүктөрүн Ысык-Көл мамлекеттик коругу ээлейт.

Ысык-Көл районунун экономикалык негизин курорт чарбасы жана айыл чарбасы түзөт. Райондо механикалаштырылган токой чарбасы жана калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөчү кичи ишканалар жана кооперативдер бар. Балыкчылык өнүккөн. Уяң жана чала уяң жүндүү кой, уй, жылкы багылат. Дан эгиндери, тоют өсүмдүктөрү, картөшкө, жашылча айдалат. Ошондой эле асыл тукум таза кандуу жылкы багылат. Ысык-Көл облусу боюнча бардык курорт-дарылоо мекемелеринин 80 % ушул райондун аймагында жайгашкан.



Ысык-Көл районунун Кашат айылындагы К.Кудайбердиева атындагы жаңы мектептин ачылыш аземи



Ысык-Көл районундагы А.Мыктыбеков атындагы Чоң-Өрүктү орто мектебинин ачылышы





«Көгүлтүр Ысык-Көл» санаториясынын көрүнүшү



Жети-Өгүз курорту

ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

Жети-Өгүз району 1930-жылдары уюшулуп, 1963-жылдары Тоң районуна кошулуп, 1965-жылы кайра бөлүнгөн. Чыгышынан Ак-Суу, батышынан Тоң, түштүк батышынан Нарын облусу, түштүк чыгышынан Кытай Элдик Республикасы менен чектешип турат. Райондо 13 айыл кеңеши, 47 айыл бар. Райондун борбору – Кызыл-Суу айылы. Райондун аймагы тоолуу келип, негизги тоо тармактары: Тескей Ала-Тоо (Ит-Тиш чокусу, 4808м), Ак-Шыйрак тоо тоолу тизмеги (5200 м). Негизги өрөөндөрү: Ысык-Көл өрөөнү, Жогорку Нарын өрөөнү (Кара-Сай, Тарагай), Үч-Көл-Сары-Чат өрөөнү, Ак-Шыйрак өрөөнү, Үзөнгү-Кууш өрөөнү ж.б. Тескей Ала-Тоо менен Какшаал тоо тизмегинин аралыгында Сырт жатат. Кен байлыктар: калай, алтын, вольфрам, коргошун, графит, минералдуу жылуу булактар, курулуш материалдары ж.б. Райондун чарбасынын негизги тармагы айыл чарбасы. 30-жылдары Жети-Өгүз районундагы алгачкы колхоздордо жерди иштетүүнүн эң биринчи агротехникалык жолу негиз



Оргочор айылындагы Сарт аке менен Тилекмат акенин эстелиги



Кыргыз Республикасынын Президенти жаны мектептин ачылыш аземинде

делип, ага удаа мал чарбачылыгы өнүгүү жолуна түшкөн. Оргочор асыл тукум мамлекеттик заводу, Жети-Өгүз мал бордоо чарбасы, мөмө-жемиш питомниктери үзүрлүү эмгектенишип келишкен. Айыл чарбасынын дүң продуктусунун 64,2 % ын мал чарбасы берет. Райондун экономикалык негизги бөлүгүн айыл чарбасы түзгөндүктөн 1000ге жакын дыйкан чарбалары, биргелешкен кооперативдер, фермердик чарбалар түзүлүп иштеп жатат.



Даркан айылындагы А. Сатылганов атындагы 2008 -жылы курулган жаңы мектеп



Жети-Өгүз «Жарылган жүрөк»

Өнөр жайында биргелешкен акционердик коомдор уюшулуп, жеке менчик ишканалар пайда болгон. Кызыл -Суу айылында сүттү кайра иштетүүчү «Акжалга» акционердик коому, автоунаа Кызыл суу акционердик коому ж.б. бир катар өндүрүштөр рыноктук шартта иштеп жатат.



«Көк-Жайык»



Кумтөр Алтын комбинаты



Барскоон суусу

ТҮП РАЙОНУ

Түп району 1934-жылы уюшулуп, түндүгүнөн жана түндүк-чыгышынан Казакстан менен батышынан Ысык-Көл району, түштүк-чыгышынан Ак-Суу району менен чектешип турат. Батышынан Ысык-Көл чулгайт. Борбору – Түп айылы. Бул райондун карамагында 40 ка жакын айыл бар. Райондун аймагында Ак-Булак шаарчасы да жайгашкан. Район негизинен Түп өрөөнүн жана Күнгөй Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүнүн түштүк капталын ээлейт. Түштүгүндө Тасма дөңсөөсү жайгашкан. Негизги суулары: Түп жана анын куймалары Шаты, Талды-Суу, Чоң-Бет Табылгыты, Капа-Булак ж.б. Суучул куштардан ак кытан, токой чулдугу, куу, каз, өрдөк ж.б. кыштайт. Токойлорунда элик, арыс, аюу, карышкыр,



КРнын Президенти К. Бакиев Түп - Кеген авто жолундагы курулушу менен таанышууда

кашкулак жана дагы тоолорунда тоо эчки, илбирс, аркар, андан башка улар, таз кара, бүркүт кездешет.



Райондо айыл чарбасы өнүккөн. Күрмөнтү цемент кыш заводдору, Түп нан заводу, турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаттары иштеп келген. Райондо фермердик чарба жана акционердик коомдор бар. Райондун чарбаларында буудай, картөшкө, мөмө-жемиш жашылчалар айдалат. Түп өрөөнүндө 30 га жакын жалпы билим берүүчү мектептер, мектепке чейинки балдар мекемелери, айыл чарба техникуму, борбордук китепкана жана



Каркыра жайлоосу

анын бөлүмдөрү, райондук жана айылдык маданият үйлөрү бар. Ошондой эле Түп районунун медициналык-санитариялык мекемелери бар.





Сары-Тологой айылындагы көпүрөнүн курулушу

ТОҢ РАЙОНУ

Тоң району — облустун батыш бөлүгүндөгү административдик район болуп, 1936-жылы уюшулган. (1963-ж. Жети-Өгүз районуна кошулуп, 1965-ж. кайра бөлүнгөн). Түндүк-батышынан Кемин, батышынан Кочкор, түштүк батышынан Тянь-Шань чыгышынан, түштүк-чыгышынан Жети-Өгүз райондору менен чектешет. Тоң районунун борбору - Бөкөнбаев айылы. Бул районго тиешелүү 30 га жакын айыл бар. Райондун аймагын Тескей Ала- Тоо экиге бөлөт. Түндүгү өрөндүү келип, бардык айдоо аянты жайгашкан. Түштүк жагы – Сырт, малга жайыт катары пайдаланылат. Жеринин бети жээк, мында Кызыл- Тоо, Кара-Сай, Боз-Чап, Чуңкурчак, Тастар-Ата, Тегерек, Дувана тоолору жана Коңур-Өлөң-Ала-Баш, Жер-Үй, Бар-Булак, Кажы-Саз өрөөндөрү жатат. Кен байлыктарынан көмүр (Сөгөттү көмүр кени), курулуш материалдары, арашан булактар (Тоң минералдуу суусу). Райондун суулары: Тоң, Ак-Сай, Ак-Терек, Туура-Суу, Сыртта-Балгарт (куймалары –Жылуу-Суу, Буркан, Кызыл-Суу, Айкөл, Арчалы ж.б.). Аймактын көп жеринде карышкыр, түлкү,



Тоң районундагы жайлоо



Кыргыз Республикасынын Президенти Бакиев К.С.
Аалам-Ордо тарыхый - этнографиялык комплексинин ачылыш аземинде

суур кездешет. Ысык-Көлдө суучул куштардан куу, ак кытан, жапайы өрдөк ж.б. кыштайт. Райондун аймагында Ысык-Көл мамлекеттик коругунун чоң бөлүгү жайгашкан.

Райондун эл чарбасынын негизин айыл чарбасы, көмүр өнөр жайы жана электр-техникалык машина куруу түзөт. Негизги тармагы – уяң, чала уяң жүндүү кой чарбасы жана дыйканчылык. Өнөр жай ишканаларынан Борбордук шахтасы, Кажы-Сай нан заводу, Кажы-Сай электр-техникасы, Ак-Сай тоң май чыгаруучу, Ак-Сай бетон, Тоң балык өстүрүү заводдору, райондук автотранспорт ишканалары иштеп келген. Райондо 30дан ашык жалпы билим берүүчү мектептер, мектептен тышкары мекемелер, кесиптик техникалык окуу жайлары ошондой эле борбордук китепкана анын бөлүмдөрү, райондук жана айылдык маданият үйлөрүндө канча деген кызматкерлер үзүрлүү эмгектенишип келе жатышат.





Аалам - Ордо комплекси

АК-СУУ РАЙОНУ

Ак-Суу району 1973-жылы уюшулуп, түндүгүнөн Түп району, батышы менен түштүк-батышынан жана түштүгүнөн Жети-Өгүз району, түндүк-чыгышынан Казакстан ал эми түштүк чыгышынан Кытай республикасы менен чектешип турат. Районго караштуу 40 айыл бар. Аймагында Каракол шаары. Жыргалаң жана Пристань-Пржевальск шаарчалары жайгашкан. Жеринин бети тоолуу келет. Кен байлыктардан көмүр, коргошун, калай, кайнатма туз, курулуш материалдары бар. Минералдуу ысык-сууларга бай. Алар Алтын – Арашан, Ак-Суу, Каракол. Тоолору жайыт, өрөөнү кыштоо катары пайдаланылат. Жаныбарлары: тоо эчки, бугу, аюу, илбирс, карышкыр, суур, түлкү, кашкулак, коён; куштардан: кыргоол, маңка каз, кекилик, бүркүт ж.б. кездешет.



Теплоключенка айылындагы «Кыдыр акенин» эстелиги



Маданий-спорт ордосунун ачылышы

Эл чарбасынын негизин айыл чарбасы түзөт. Өнөр жай анча өнүккөн эмес. Райондун аймагында жергиликтүү маанидеги



Ичке-Жергез айылындагы жаңы курулган мектептин имараты



«Алтын- Арашан» капчыгайы

«Жыргалаң» шахтасы, Каракол механикалаштырылган токой чарбасы жана турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаттары иштеп келген. Калай, коргошун жана башка түстүү металл кендери чыгат. Райондун табигый-климаттык шарттары уяң жана чала уяң жүндүү кой, эт -сүт багытындагы уй, жылкы , өнүктүрүүгө; картөшкө, эгин жана тоют өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алууга ыңгайлуу.

Райондо 40 ка жакын жалпы билим берүүчү мектептер, бала бакчалар, Ак-Суу борборлоштурулган китепканасы, райондук маданият үйү, клубдар, райондук ооруканa, балдардын неврологиялык санаторийи, медициналык-санаториялык мекемелер, Ак-Суу курорту жайгашкан.



Ак-Суу токой чарбасында көчөт отургузуу



Кыргыз Республикасынын Президенти Ак-Суу районундагы Теплоключенка айылындагы майыптар үйүндө

КАРАКОЛ ШААРЫ

Каракол шаары. (1889-1920, 1939-91-ж. Пржевальск ш.) - Ысык-Көл облусунун борбору болуп саналат. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, тескей Ала-Тоонун этегиндеги Каракол суусунун боюнда жайгашкан.

Каракол шаары 1869-жылы 1-июлда падышалык бийлик тарабынан эски кербен жолунун боюна (Каракол шаары аркылуу Улуу Жибек жолунун бир багыты өткөн) негизделген. 1869-ж. 2-июлда шаардын негизги көчөлөрү, аянттары, соода жайлары пландаштырылып, казарма жайгаштырылган. 1869-жылы Ак-Суу чебинен гарнизон көчүп келип, жаңы аскер чеби Каракол (Каракол суусунун атынан) деп аталган. Мына ушундан тартып уезддин борборуна айланган. 1869-жылдын аягы – 1870-жылдын башында Караколдо 12 менчик үй, 50 майда дүкөн болгон. 1872-ж. Ташкенден жана Түркстандын башка шаарларынан келишкен татар менен өзбектер жашаган. 1887-ж. жер титирөөдөн көп майда имараттар кыйрап, шаар Каракол суусун бойлой жогору



К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин имараты



К.Тыныстанов менен К.Карасаевдин эстелиги

курулган. 1888-жылы Борбордук Азияга жасаган бешинчи саякатында орус географы, саякатчы Н.М.Пржевальский Караколдо дүйнөдөн кайткан. Сөөгү шаарга жакын, Ысык-Көлдүн жээгине коюлган. 1889-ж. 11-мартта падышанын Указы менен Каракол шаары Пржевальск шаары деп аталган. Кыргызстандагы алгачкы метеостанция (Я.И. Каральков 1881-ж. негизделген) жана китепкана иштеп, алгачкы журнал жарыкка чыккан. Каракол орус жана чет өлкөлүк саякатчылардын Азияны изилдөөчү базасы болгон.



К.Жантөшев атындагы музыкалык драма театры



Кыргыз Республикасынын Президенти Каракол шаарынын спортсмендери менен

Каракол маданий жана өнөр жайлуу борбор. Шаарда 20 га жакын чакан өнөр жай ишканалары иштеп, негизинен тамак-аш, жеңил өнөр жайы жана энергетикалык машина куруу өнүккөн. Караколдо балык өстүрүү заводу, Каракол бут кийим фабрикасы, Каракол кыш заводу, Каракол машина куруу заводу, Каракол электр-техникалык заводу, Каракол темир-бетон заводу, жеңил жана тамак-аш өнөр жайлары иштеп келген. 1992-1993-жылдардан тартып Караколдогу көптөгөн ишканалар, комбинаттар мамлекеттен ажыратылып, акционердик коомдорго, коллективдүү менчикке айландырылган. Каракол шаары Бишкек, Алматы, Ош, Нарын, Талас шаарлары менен аба катнашы бар. Шаарда алты транспорттук уюм, аэропорт жана Пристань-Пржевальск порту бар. Шаарда ишкер адамдардын чөйрөсү кеңири кулач жайып, кооператив, кичи ишкана жана акционердик коомдор түзүлгөн.



Каракол тоосундагы лыжа базасы



Облустун улуттук ордо оюну боюнча Ысык-Көл курама командасы Республиканын чемпионатында. Машыктыруучусу: КРнын дене тарбиясынын отличниги Мамбетов Замир Жумабекович

Караколдо Касым Тыныстанов атындагы ЫМУти, Эл аралык башкаруу институтунун филиалы, Алышбаев атындагы институту, педагогика, медицина, кооперация, музыка окуу жайлары жана кесиптик-техникалык окуу жайлары бар. Ошондой эле шаарда жалпы билим берүүчү 14 мектеп, анын ичинен лицей жана гимназия, мектепке чейинки балдар мекемелери, драм театр, жерге таануу музейи, балдардын музыкалык мектеби, областтык жана шаардык китепканалар, стадион, зоопарк, балдардын спорт мектеби орун алган.






Абдымомунов Айбек

- Эл аралык классындагы спорт чеберинин Азия чемпионатындагы жаштар арасында өткөрүлгөн турнирдин дүйнөлүк чемпиону.

Машыктыруучусу: Эл агартуунун отличниги, КР бокс боюнча эмгек сиңирген машыктыруучу, спорт жана дене тарбиянын отличниги – Сабатаров Бейшенбек Абакирович

ЧОЛПОН-АТА ШААРЫ



Чолпон-Атанын урматына тургузулган эстелик

Чолпон-Ата шаары 1930-жылдары негизделип, 1975-жылдан тартып шаар статусун алган. Ысык -Көл районунун борбору болуп саналат. Жеринин бети дөбө-дөңсөөлүү, Ысык-Көлдү көздөй жантайыңкы жайланышкан. Ошондой эле ачык суулар жана майда кокту-колоттор менен курчалган. Батыш бөлүгү салыштырмалуу тегиз келет. Бул өрөөн деңиздик мелүүн климаты, дары баткак кендери, минералдуу суулары менен белгилүү. Чолпон-ата шаарында 2 санаторий («Чолпон-Ата», «Көгүлтүр Ысык-Көл») 2 эс алуу үйү («Чолпон-Ата», «Ала-Тоо»), учукка каршы балдар санаторийи, көптөгөн пансионаттар бар. Дарылоо – ден соолук чыңдоо мекемелеринен жылына миңдеген адамдар дарыланып эс алып, ден соолугун чыңдашат. Эмгекке жарамдуу калктын бардыгы курорт, санаторий, эс





«Рух-Ордо» комплекси



«Рух-Ордо» комплексинде Ч.Айтматовдун айкелин ачуу салтанаты



алуу жайларында, курулуш, транспорт менен байланыш, соода жана коомдук тамактануу жайларда эмгектенишет.

Шаардын экономикасынын негизин курорттук зона түзөт. Шаарда 3 жалпы орто билим берүү мектептер, мектепке чейинки балдар мекемелери, маданият үйү, китепканалар, тарых музейи, оорукана, санэпидстанция жана бейтапканалар жайгашкан. Ошондой эле Чолпон- Ата аэровокзалы Кыргызстандын «Кыргыз аба жолдору» улуттук авиакомпаниясына карайт.



Шаардын көрүнүшү

БАЛЫКЧЫ ШААРЫ

Балыкчы шаары 1954-жылдарда уюшулуп , 1989-жылга чейин Рыбачье деп аталган. Ал эми 1989-92 жылдарда шаар Ысык-Көл болуп, 1992-жылдан тартып Балыкчы деген адепки аты кайтарылган. Ысык-Көлдүн батыш жээгинен орун алган шаар. Бул шаар Кыргызстандагы ири транспорт тоому. Ысык-Көл параходчулугунун пристаны бар; Луговой-Бишкек-Балыкчы темир жолунун аяккы пункту, Балыкчы аркылуу Бишкек, Каракол Нарынга автожолдору өтөт.

Ысык-Көл өрөөнүнүн батыш бөлүгүндөгү бирден бир өнөр жай борбору болуп саналат. Негизги тармактары болуп, машина куруу, тамак-аш, ун-акшак, аралаш тоют даярдоо жана кеме куруу, ремонттоо заводдору (Кыргызстандагы суу транспорту боюнча бирден-бир ишкана) иштеп келген. Тамак-аш өнөр жайынан эт комбинаты, нан заводу жана жемиш-шарап- совхоз комбинаттары бар болгон. Ун-акшак жана аралаш тоют комбинаттары жеке эле шаарды эмес, Ысык -Көл, Нарын облусунун райондорун дагы тейлеген. Балыкчы шаарынын



«Балыкчы» экопосту



курулуш материал продукциясы жалаң эле Ысык-Көл облусунун эмес, Кыргызстандын башка райондоруна да жиберилген. Шаар автомобиль, темир жол жана суу жолдорунун тоому. Балыкчы шаары аркылуу Бишкек-Нарын-Атбашы-Торугарт, Бишкек-Каракол (Күнгөй жана Тескей аркылуу) жалпы мамлекеттик мааниси бар жолдор өтөт. Ысык-Көлдө суу транспорту өнүккөн.




Балыкчы параходчулугу



Орто-Токой суу сактагычы

Кеме жылдын бардык мезгилинде жүк ташыйт.

Балыкчы шаарында 10 дон ашык жалпы орто билим берүүчү мектептер, кесиптик-техникалык окуу жайы, мектепке чейинки балдар мекемелери, шаардык китепканалары, балдар музыкалык мектеби жана дарылоочу мекемелер менен бейтапканалар орун алган.



Семенов Тянь-Шаньскийдин эстелиги



Манас атындагы орто мектеп



«Аккуу» мейманканасы



Маданий үйү



Дан азыктар комбинаты

СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЛАРЫ



АБДУЛАЕВ КУРМАНКУЛ

1918-жылы Ак-Суу районундагы Бөрү-Баш айылында туулган. Эмгек жолун 1931-жылы Маяк совхозунда жумушчу болуп баштаган. 1937-жылдан тартып комбайнчы. 1956-жылы Абдулаев 520га эгин чаап, 11564 центнер дан бастырган. СССР Жогорку Советинин Президиуму 1957-ж. 15-февралдагы Указы менен жолдош К.Абдулаевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

Ленин «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

АКМАТОВ ТАШТАНБЕК



1938-жылы Тоң районундагы Көк-Сай айылында туулган. Мал чарба өндүрүшүнүн новатору, мамл. ишмер. Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты. Эки жолку Соц. Эмг. Баатыры (1976,1986). 1987-90-ж. Кыргыз ССР Жог. Кеңешинин Президиумунун төрагасы. 1991-ж. Тоң районундагы «Ак-Булуң» дыйкан чарбасынын жетекчиси. 1974-ж. ССР Жог. Кеңешинин депутаты, 1989-91-ж. СССР эл депутаты. 1987-90-ж. Кыргыз ССР Жог. Кеңешинин

депутаты. СССР мамл. сыйлыктын лауреаты. Т. Акматов эмгек жолунда 3 Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.

БАЗАРОВ ЫЙМАШ



1918-жылы Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында туулган. 1934-жылдан тартып Ленин атындагы колхоздо ар кандай жумуштарда эмгектенип, андан кийин кой-товар фермасынын башчысы болуп иштеген. Базаровдун фермасы 1957-жылы 15774 ириктин ар биринен 3,19 кг жүн кыркып алган. Мамлекетке тапшырылган ириктин ар биринин тирүүлөй салмагы 67 кг болгон. 1958-жылы 17579 ириктин ар биринен 3,420 кг жүн кыркылган. СССР Жогорку Советинин Президиуму 1958-ж. Указы менен жолдош Ы.Базаровго Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген. Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.

ДОВГАЛЬ ТАТЬЯНА АНДРЕЕВНА



1937-жылы Ак-Суу районундагы Орлиный айылында туулган. 1956-жылдан эмгек жолун Ак-Суу районундагы 1-Май колхозунда саанчы болуп баштаган. 1980-жылы ар бир уйдан 5400 кг сүт саап алып, алардын музоосун аман

асыраган. 1985-жылы өзүнө бекитилген 23 уйдун ар биринен 5290 кгдан сүт саап алган. 1981-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген. 3 Ленин, Октябрь Революциясы ордендери жана медалдар менен сыйланган.

ДҮЙШЕЕВА ЖАМЫЙЛА



1919-жылы Кыргыз ССРинин Түп районундагы Токтоян айылында туулган. Эмгек жолун 1936-ж. Түп районундагы «Кең-Суу» айыл чарба артелинде катардагы колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1942-ж. тартып Талды-Суу МТСинде комбайнер жана тракторист болуп иштеген. 1957-ж. 19 жумуш күнүнүн ичинде 250 гектар аянттагы дан эгинин чаап жыйнаган. Дан өндүрүүнү көбөйтүү ишинде жетишкен ийгилиги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму өзүнүн 1957-ж. 15 – февралдагы Указы менен жолдош Ж. Дүйшеевага Ленин орденин «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

ЖУМАДЫЛОВА МАРИЯ

1927-ж. Кыргыз ССРинин Ысык-Көл районундагы Темировка айылында туулган. Ал өзүнүн турмуш жолун 1945-ж. Жети-Өгүз районундагы Куйбышев атындагы айыл чарба артелинде катардагы колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1956-ж. апийим чогултуунун планы звено боюнча



168 пайызга аткарылган. Апийим өндүрүүнү көбөйтүү, аны иштетүүдө илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны кеңири колдогондугу үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1957-ж. 15-февралдагы Указы менен жолдош М.Жумадыловага Ленин ордени «Орок жана Балка » алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

ИЛИПБАЕВ ИШЕМБИ



1928-ж. Кыргыз ССРинин Жети-Өгүз районундагы Тамга айылында туулган. Ал 1946-ж. «Оргочор» совхозуна ага чабан болуп эмгек жолун баштаган. 1955-ж. ар 100 тубар койдон 129 дан козу, 3,9 кг жүн, ал эми 1956-ж. 139 козу жана 4,03 кг жүн алган. Кой чарбасын өнүктүрүүдө жүн жана эт өндүрүүнү көбөйтүүдө жана мамлекетке тапшырууда жетишкен ийгилиги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1957-ж. 15-февралдагы Указы менен жолдош И.Илипбаевге Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

ИСМАИЛОВ ТӨЛӨСҮН



1926-ж. Кыргыз ССРинин Балыкчы шаарына жакын жердеги Кара-Талаа айылында туулган. Ал өзүнүн турмуштук жолун 1943-жылы «Улахол» совхозунда малчы болуп иштөөдөн баштаган 1957-ж. ар бир койдон кыркылып алынган жүн 6,8 кг га жетип, ар 100 тубар койдон 125 тен козу алган. Мал чарбасын өнүктүрүүдө жана анын продуктуулугун жогорулатууда сиңирген эмгеги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1958-ж. 16-октябрдагы Указы менен жолдош Т.Исмаиловго Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

КАДЫРОВ КАСЫМ



1925-жылы Кыргыз ССРинин Түп районунда туулган. Ал өзүнүн эмгек жолун 1943-ж. катардагы колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1950-ж. Токмоктогу механизация мектебин бүтүрүп Пржевальскидеги автобазага айдоочу болуп кирген. Эл чарба жүктөрүн ташуу боюнча 7 жылдык

пландын тапшырмаларын орундатууда жетишкен көрүнүктүү ийгиликтери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1966-ж. 5-октябрдагы Указы менен жолдош К.Кадыровго Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

КОЖОБЕКОВА СҮЙҮМКАН



1913-жылы Кыргыз ССРинин Жети-Өгүз район-онундагы Саруу айылында туулган. Эмгек жолун 1931-жылдан тартып Тоң районунун Ленин атындагы айыл чарба артелинде катардагы колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1940-жылдан тартып колхоздун ага чабаны болуп эмгектенген.

1956-жылы мамлекетке ириктердин ар бирин 70 кг салмакта жогорку семиздикте тапшырган, ар бир койдон 3,5 кг жүн кыркып алган. Мал чарбасын өнүктүрүү ишиндеги зор жетишкендиги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1957-жылы 15-февралдагы Указы менен жолдош С. Кожобековага Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

КЛИМЕНКО МИХАИЛ ДМИТРИЕВИЧ



1911-жылы Түп районундагы Михайловка айылында туулган. 1929-жылы Искра колхозуна мүчө болуп, 1934-жылдан тартып Теплоключенко андан кийин Түп МТСтеринде тракторист жана комбайнер болуп эмгектенген. 1950-жылы «С-6» комбайны менен 25 жумушчу күндүн ичинде 8310 центнерден дан, ал эми 1951-ж. сезондун ичинде 10 миң центнерден дан бастырган.

Дан эгиндерин чаап-жыюуда көрсөткөн жетишкендиктери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1951-жылдын 13-августтагы Указы менен жолдош М.Д.Клименкого Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

ЛИХОЛЕТОВ ГЕОРГИЙ АНТОНОВИЧ



1915-жылы Оренбург облусундагы Элек районунун Кардайыл айылында туулган. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Согуштан кийин 1958-жылдан тартып Ысык-Көл районундагы «Новая Жизнь» колхозунда комбайн айдоочу болуп эмгек жолун баштаган. 1960-жылдан трактор-талаачылык бригадасынын бригадири болуп иштеген. Лихолетов башкарган бригада өндүрүштүк

чоң жетишкендиктерге жетишкен. 1970-жылы Лихолетовго Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген. Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.

МАМБЕТАЛИЕВ АСАН



Мамбеталиев Асан 1924-жылы Ысык-Көл районуна караштуу Чолпон-Ата жергесинде туулган. Эмгек жолун 1940-жылдан тартып 54-жылкы заводунда жумушчу болуп баштаган. 1942-49-жылдары Советтик Армия катарында кызмат өтүп, армиядан келгенден кийин «Автовнештранстын» Балыкчы бөлүмүндө машина айдоочу болуп иштеген. Сегизинчи беш жылдыктын план тапшырмаларын 120 % га аткарган. А.Мамбеталиевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, 3-даражадагы Эмгек Даңкы ордендери жана медалдар менен сыйланган

МОХ ГРИГОРИЙ ИВАНОВИЧ



Мох Григорий Иванович 1909-ж. Кыргыз ССРинин Түп районундагы Түп айылында туулган. Өз милдетине ак ниет мамиле жасоонун, агрономиялык илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны колдонуу менен ал, буудайдын жогорку жана туруктуу

түшүмүн өстүрүп алууга жетишет. 1949-ж. анын бригадасы 130,80 гектар аянттагы буудайдын ар гектарынан 29,9 центнерден түшүм алынган. Буудайдан жогорку түшүм өстүрүп алгандыгы үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1951-ж. 6 –апрелдеги Указы менен жолдош Г.И. Мохко Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

МУКАШЕВА КАЙЫР



1938-ж. Кыргыз ССРинин Тоң районундагы Улахол айылында туулган. Эмгек жолун «Улахол» асыл-тукум мал өстүрүү чарбасында баштаган. 1965-ж. ага бекитилип берилген койлордун ар жүзүнөн 128 ден козу жана ар бир койдон 4,7 кг жүн алган. Кой чарбасын өнүктүрүүдө жана анын продуктуулугун жогорулатууда жетишкен зор ийгиликтери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1966-ж. 22-марттагы Указы менен жолдош К. Мукашевага Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

НАМАЗБЕКОВ КАЛЫС

1933-жылы Жети-Өгүз районундагы Жеңиш айылында туулган. Кыргыз Республикасынын мал чарбасына эмгек сиңирген устаты. Эмгек жолун 1945-жылы жумушчу болуп иштөөдөн



баштап, 1956-жылы Каракол айыл чарба техникумунда, 1962-жылдан Жети-Өгүз районундагы «Коммунизм» колхозунда баш чабан болуп эмгектенген. 1970-жылы ар 100 тубар койдон 140 козу, ар койдон 3,5 кгдан жүн алган. Ленин, Октябрь Революциясы ордендери жана медалдар менен сыйланган. К.Намазбековго 1971-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

ПРИСТАВКИН НИКОЛАЙ ЯКОВЛЕВИЧ



1922-ж. Смоленск областынын Глинковский районунда туулган. Эмгек жолун 1942-ж. Жети-Өгүз районундагы «1-май» колхозунда зоотехник болуп иштөөдөн баштап, 1953-жылы Түп районундагы «Заря» колхозунун башкармасынын председателдигине шайланган. Мал чарбасын өнүктүрүүдө эт, сүт, жүн, жумуртка о.э . дан жана техникалык өсүмдүктөрдү өндүрүүнү жана мамлекетке сатууну көбөйтүүдөгү жетишкен ийгиликтери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1966-ж. 22- марттагы Указы менен жолдош Н.Я. Приставкинге Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты.

РЫСМАМБЕТОВА ҮМҮТКӨР



1932-жылы Тоң районундагы Ак-Сай айылында туулган. 1958-жылы КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1958-жылдан тартып эмгек жолун Тоң районундагы ооруканада төрөт бөлүмүнүн башчысы болуп баштаган. 1967-жылдан тартып СССР саламаттык сактоонун отличниги. 1967-84-жылдары башкы врачтын дарылоо боюнча орун басары болуп эмгектенген. 1984-92-жылдарга чейин Тоң райондук бейтапкананын башчысы.

Ү. Рысмамбетовага 1969-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

САЯКБАЕВ МАКИШ

1938-жылы Тоң районундагы Оттук айылында туулган. Эмгек жолун Тоң районуна караштуу «Улахол» совхозунда чабан болуп баштаган. Сегизинчи беш жылдыктын планын аткарууда чоң ийгиликке жетишип, Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган. М.Саякбаевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.



СЫДЫКОВА МУКЕН



1933-жылы Жети-Өгүз районундагы Саруу айылында туулган. Эмгек жолун 1960-жылдан тартып Бишкектеги «1-Май» кийим тигүү өндүрүш бирикмесинде баштаган. 1961-жылдан бирикмеде тигүүчү болуп эмгектенип, 10-беш жылдыкта 12 жылдын план тапшырмасын аткарган. Эки Ленин, Октябрь Революциясы ордендери жана медалдары менен сыйланган. М.Сыдыковага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

СМИРНОВ МИХАИЛ ЯКОВЛЕВИЧ



1917-ж. Ысык-Көл районундагы Долинка айылында туулган. Эмгек жолун 1933-ж. колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1938-жылдан 1949-жылга чейин «Новый путь» колхозунун председательдигине шайланган. Жолдош М. Я. Смирновдун жетекчилиги астында чарба экономикалык жактан чыңдалып, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулаган, малдын саны жана анын продуктуулугу арткан. 1956-ж. мамлекеттик план апийим боюнча 183,4, эт боюнча 171,4, сүт боюнча 180,4 жана жумуртка боюнча 323 % аткарылган. Уйлардын саны 138,6 % орундатылган.

Социалисттик айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү, айыл чарба өсүмдүктөрүнөн жогорку түшүм алуудагы, малдын санын жана анын продуктуулугун жогорулатуудагы ийгиликтери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1957-жыл 15-февралдагы Указы менен жолдош М.Я.Смирновго Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

ТЫНАЕВ ЖАМАКЕ



1933-жылы Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылында туулган. Эмгек жолун 1948-жылы чабандын жардамчысы болуп баштаган. 1949-жылдан Оргочор кой тажрыйба станциясында баш чабан болуп 1980-жылы ар 100 тубар койдон 172 козу, 6,1 кгдан жүн алган. 1985-жылы ар 100 тубар койдон 100 козу 5,2 кгдан жүн алган. Тынаев Ж . 2 Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар менен сыйланган. Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты, Кыргыз ССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. Ж.Тынаевге 1981-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.

ТҮЛӨБЕРДИЕВ ОКЕШ

1904-ж. Кыргыз ССРинин Балыкчы шаарына жакын Ак-Өлөң айылында туулган. Эмгек жолу 1920-жылдарда башталган. 1932-жылы кооперативдик жана советтик



кызматтардагы жетекчи пост-тордо үзүрлүү эмгектенип келген. 1944-жылы «Жаңы жылдыз» колхозунун башкармасынын председателдигине шайланган. Анын жетекчилиги менен чарбанын экономикасы чыңдалып, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулаган, малдынсаны менен продуктуулугу өскөн. 2 Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган. СССР Жогорку Советинин Президиуму 1957-жылдагы Указы менен Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берилген.

ЭШЕНОВА САЛЫЙ




1921-жылы Жети-Өгүз рай-онундагы Кавак айылында туулган. Эмгек жолун 1940-ж. мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1951-53ж. Пржевальск шаарындагы «Пищевкус» артелинде мастер, ал эми 1953-жылы Пржевальскидеги тигүү фабрикасында мастер тигүүчү болуп эмгектенген. Эмгектеги эң мыкты жетишкендиги үчүн эл аралык аялдар күнүнүн

50 жылдыгын салтанаттуу белгилөөдө СССР Жогорку Советинин Президиуму 1960-ж. 7-марттагы Указы менен жолдош С.Эшеновага Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.



ЮМАТОВА АННА ТИХОНОВНА

1924-жылы Түп районундагы Николаевка айылында туулган. Эмгек жолун 1942-ж. совхоздо, МТСте агроном, райондук айыл чарба бөлүмүнүн башкы агроному МТСтин директору. 1960-ж. тартып Жети-Өгүз районундагы «Коммунизм» колхозунун башкармасынын председатели болуп эмгектенген. Мал чарба продуктуларын өндүрүүнү жана мамлекетке сатууну көбөйтүү, талаачылык ишиндеги жетишкен ийгиликтери үчүн СССР Жогорку советинин Президиуму 1966-ж. 22-марттагы Указы менен жолдош А.Т.Юматовага Ленин ордени «Орок жана Балка» алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.



ӨРӨӨНДӨН ЧЫККАН АТАКТУУ АТУУЛДАР



МАХМУД КАШГАРИ



Махмуд Кашгари (Барскани), Махмуд ибн Хусейин ибн Мухаммед XI — кылымдагы энциклопедиячы – аалым. 1029-1038-жылы аралыгында көл кылаасында Барскан (азыркы Барскоон) шаарында туулган. Анын атасы Хусейин ибн Мухаммед ибн Юсуф Кадыр хан Ысык-Көлдүн тескейиндеги Барскан шаарын жана Узбанды бийлеген бек болгон. Махмуд Кашгари Кашкар, Бухара, Багдад шаарларынан билим алган. XI-кылымдын 50-ж. экинчи жарымынан түрк элдери мекендеген жерлерди кыдырып (печенег, кыпчак, огуз, тухси, ягма , кыргыз, аргу, ябаку ж.б .), алардын тилинин диалектикалык өзгөчөлүктөрүн жана жалпылыктарын иликтеген. Анын «Китаб жавахир ан нахв фи лугат ат-түрк» («Түркий тилдер тууралуу синтаксистин маңыздары») аттуу эмгектери белгилүү. Экинчи китеби («Диван лугат ат түрк») бизге жеткен. Бул сөздүктө кыргыз жана башка түрк элдеринин тарыхы, этнографиясы, тили, фольклору, геогр. ж.б. боюнча өтө баалуу маалыматтар арбын. М. Кашгаринин качан жана кайсы жерде өлгөндүгү белгисиз.

МУХАММЕД КЫРГЫЗ



Мухаммед Кыргыз (санжырада Тагай бий деп айтылат) азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыз урууларынын «оң» жана «сол» канаттарын биринчи болуп бириктирип, бекемдеген. Ал 1508-ж. ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Ушундан кийин ага Мухаммед кыргыз деген ысым ыйгарылган. Анын максаты кыргыздарды бириктирүү жана ошол заман шартында өз алдынча кыргыз мамлекеттигин түзүү болгон. 1517-ж. күзүндө Саид хан баштаган могол аскерлери Мухаммед Кыргыздын Ысыккөлдүн тескей жээгиндеги Барскоон деген жерде жайгашкан ордосуна кол салган. Кыргыз башчысы туткунга алынып, беш жыл Кашгарда туткунда жатып, кайрадан Мекенине бошонуп келген. 1524-ж. Мухаммед кыргызды кайрадан колго түшүрүп, Алатоодон алыс Кашгарга жөнөткөн да, ал жерде кыргыз башчысы абакта он жыл жаткандан кийин, 1533-ж. каза тапкан.

Мухаммед Кыргыз өз элим эриктүү болсо деп тилеп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө өмүрүн арнаган биздин улуу бабаларыбыздын катарына кирет. Азыркы мезгилде Каракол шаарында Тагай бийге арналган эстелик тургузулган.

КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ



Калыгул Бай уулу 1785-жылдары азыркы Ысыккөл районунун Кара-Ой айылында жарык дүйнөгө келген. Калыгул олуя улуу акылман, философ , ири ойчул, нускоочу акын жана «Замана» агымынын өкүлү болуп саналат. Бүт өмүрүн көл кылаасында өткөргөн Сарыбагыш уруусунун манап тукумунан. Өз доорунун көрөгөч, акылга дыйкан, ак караны айра билген, келечекти нак сезген жана алаканга салгандай так айтып берген олуя болгон.

Калыгул Бай уулу өзү жашаган тарыхый шарт учурундагы кыргыз жергесинде болуп өткөн орчундуу окуялардын, маанилүү иштердин дээрлик бардыгында катышкан. Эл арасын ынтымакка үндөп, кагылышпай, чабышпай биримдикке чакырган. Калыгулдун тубаса адамгерчилиги, айкөл даанышмандыгы, калың журтка, жалпы элге жаккан. Калыгулдун санат-насыят ырлары бүгүнкү күндө да өз ордунда, өз маанисинде, касиетин жоготпогон. Анын «Ысыккөл» жөнүндө айткандарын угуп олтурсак эч калетсиз таасын айткандыгына ынанса болот. Көлдүн ыйыктыгын, кол тийгис асылдыгын, кереметин ачык сүрөттөгөн:

Ысыккөл – бейиштин бир эшиги. Суу сайын нарын табак эти бар. Жайы болуп, катыра ысыгы жок, ат жеткен жерде мындан артык кызыгы жок, кыш болуп кашкая суугу жок, мактанып жер жетеби, адам мындан кетерби? Ысыккөлдөн чыкпагыла балдар! Мына ушундай таамай жана нукура өзүндөй сүрөттөп берип, ыйыктын ыйыгы экенин Калыгул олуя айткан.

КАРГА БИЙ



Карга бий (1718-1828) «Калыстыгы жок бийдин калкка кереги жок», «Калыстыкты Каргадан үйрөн».

Карга бий – бугунун желдең уруусунан чыккан улуу инсан. Карга бий оозунда сөзү бар, калкка калыстыгы бар адам катары жашап, калмак жунгарлардын калабасынын да капшабына кабылган: «Жонгорлуу жоодон сактасын, жоболоңдуу доодон сактасын», «Калмак каймагыңа көз артпайт, аймагыңа көз артат» - деп, калк тагдырына кабыргасы кайышкан, жоого кыраакы болууга чакырган.

Карга бий – калыс, акылман алдыны көрө билген көсөмдүгү менен калкына кадыры өткөн адам. Ой чабыты кенен, чечен, эл тагдырын ойлогон, элге жакшылык тилеген, элге жакшылык жасай билген инсан болгон. Ал калк ынтымагын жогору баалап: «Эккенден дан чыгат, эрегиштен жан чыгат», «Ынтымак оңдуу болбой, ырыскы жөндүү болбойт», «Калыстыгы жок бийдин, калкка кереги жок», өндүү акылман сөздөрү бүгүнкү күн үчүн да, келечек муундар үчүн да айтылган керээз, насааттай туюлат. Бийликти да, байлыкты да, душман запкысын да башынан өткөргөн улуу инсандын турмуштук көз караштары өзгөчө баалуу. Элде: «Калыстыкты Каргадан үйрөн», «Карга бийдин касиети, оозунда осуяты бар», - деген кептер бекеринен сакталып калган эмес.

БОРОМБАЙ БЕКМУРАТ УУЛУ



Боромбай Бекмурат уулу (1779-1858) «Журттун ээси Боромбай».

Боромбай Бекмурат уулу XIX-кылымдын экинчи чейрегинде аркалык кыргыздардын эң ири Бугу уруу бирикмесинин чоң манабы болгон. Боромбайды калк арасында көбүнчө бий деп атап келишкен. Анткени ал, Ормон Ниязбек уулу 1842-жылы азыркы Балыкчы шаарынын башындагы Кара-Сазда же Орто-Токойдо хан көтөрүлгөнгө чейин жана андан кийин да хандыкка караштуу өзүнчө административдик-аймактык бирдиктин жеке башкаруучусу катарында көзү өткөнгө чейин бийлик жүргүзгөн. 1855-жылы Бугу уруу бирикмеси Россиянын карамагына өткөндө орус бийлиги анын мурдатан бери алып жүргөн «чоң манап» деген мансап-мартабасын тааныган. Ал атакка кошумча Россия армиясынын полковниги аскер даражанаамы ыйгарылган. Анын элчилери 1854-жылы сентябрда Омскиге келип, 1855-ж. 17-январда бул шаардан Россиянын букаралыгына өтүү жөнүндө ант беришкен. Боромбай Бекмурат уулу кыргыз элинин саясий ишмери, өз заманынын залкар адамдары катары калкы үчүн каны-жанын аябаган, акылы тунук, нарк-насили бийик журт аталарыбыздын жашаган доорундагы инсандарыбыздын бири болуп саналат.

АЛДАЯР УУЛУ МОЙТ АКЕ



Алдаяр уулу Мойт аке (1750-1843) «Бата сурасаң Мойт акеге бар»

Көл кылаасындагы акелердин эң улугу жана эң сакалдуусу болуп Мойт аке аталат. Мойт аке алдаяр тукумунан 1745-1750-жылдарда туулган. Мойт аке чечен, мүнүшкөр, саяпкер, акылман ойчул, сынчы, даанышман касиеттерге ээ болгон. Өзү арабча жаза да, окуй да билген. Мойт акенин айткандары, артына калтырган мурастары эч чирибейт да, эч эскирбейт. Мойт акенин нуска сөздөрү кылымдардан кылымга элдин оозунда айтылып келе жатат. Ырыс алды- ынтымак, Ынтымагы бар элдин, Айсыз кара түндө да, Асманында күн турат. Ынтымагы жок элдин, балдары иттей ыркырап, Ачык-жарык күндө да, Асманында түн турат, - деп Мойт аке элдин ынтымагын жогору койгон.



Мойт акеге Алла-таалам ашкере тартуулаган касиет – артыкчылыгы ар кандай дарттын дарегин, дабасын таамай билген табыпчы-дарыгерлиги болгон. Мойт аке телегейди тегиз санаган, кайрымдуу, боорукер жана өтө көрөгөч касиеттүү инсан болгон.

ДОСКУЛУ УУЛУ САРТ АКЕ



Доскулу уулу Сарт аке (1775-1865) «Акыл сурасаң Сарт акеге бар».

Сарт аке 1775-жылдардын аралыгында азыркы Нарын шаарынын күн чыгыш тарабындагы беттен жарык дүйнөгө келген. Сарт аке ар кандай сырды ичине сактап, Боромбайдын эли менен эл болгон, Бугулардын намысын талашкан, кыраакы адам болгон. Сарт аке оозунуп сөз сүйлөбөгөн, адамдын шагын сындырып, илебин кайтарбаган, атайы өтүнүч, суроо-талап болгондо гана кепке аралашкан, эгер сүйлөсө, сөздүн көзүн таап, адамдын жумурундагыны билип, уютуп, жибитип, ары курч, ары таамай айтчу экен.

Сарт аке жаш кезинен Ысыккөлдүн чыгышында өмүрүн өткөргөн. Ал эл аралагандан баштап, көзү өткөнгө чейин жайкысын атактуу Каркырада, кышкысын жер соорусу, ажайып көркөм Түргөндө жашаган. Алла-таала Сарт акеге көптөгөн, эң сонун сапаттарды – акылды, жан эриткен ширин сөздү, анын ичинде чечендик өнөрдү, жаркын жайдары мүнөздү, токтоолукту, адамгерчиликти, алдын ала туя билген олуялыкты, сынчылыкты, кайрымдуулукту мол берген.

ЖЫЛКЫАЙДАР УУЛУ ТИЛЕКМАТ ЭЛЧИ



Жылкыайдар уулу Тилекмат элчи (1800-1963) «Сөз атасы – Тилекмат»

Тилекмат Жылкыайдар уулу 1800-жылы туулган. Тилекмат акенин түп тек-дареги жөнүндө эл оозунда кеңири айтылып келген санжыралар, тарых-та жазылган окуялар, уламыштар ар кандай багытта айтылып жүрөт.

Тилекмат аке жашаган заманда из калтырган ойлогон ою, жасаган кыймылы, аткарган иши Түндүк Кыргызстанда, эл арасында топтордун, уруктардын, уруулардын, улуттардын жеке адамга чексиз татаал, кандуу кагылыштарынан пайда болгон карым-катнаштарынын учунда, так борборунда өткөн. Жашаган жерине, журтуна, элине эгеменүү коопсуздук, салтанаттуу багыт, дөөлөттүү жол, кансыз жеңиш алып келип турган.

Тилекмат акеге кудай-таала анын өзүнө гана тартуулаган касиеттери бар асыл адам болгон. Ал тубаса элчи болуп жаралган адам; ал чукугандай сөз тапкан, сүйлөгөндө куюлуштуруп, сөздүн майын чыгарып кеп курган адам болгон. Тилекмат менен бет маңдай тике багышып сүйлөшкөндө эч ким туруштук бере албаган, эч ким даай албаган, арыстандай сүрү бар адам болгон.

ЖОЛБОЛДУ УУЛУ САДЫР АКЕ



Жолболду уулу Садыр аке (1821-1905) «Калыстык сурасаң Садыр акеге бар».

Садыр аке түз сүйлөп, бетке айтканы менен айырмаланган инсан болгон. Анын ишмердүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, көрөгөчтүгү, калыстыгы, чечендиги эч кимден тартынбаган тикелиги, акылмандыгы, казак менен кыргыздын ортосундагы калыстыгы эл арасында Садырдын аброюн көтөргөн. Бардык маселелерде чындыктан тайбастыгы өмүрүнүн акырына чейин бий үстүнөн бийлик айтып, кан ишине калыстык кылгандыгы үчүн саяк Садыр – Садыр аке деген урматтуу атка татыктуу болгон.

Кытай менен Орусиянын чек араларын так белгилерин көрсөтүүдө Садыр аке, Кыдыр акелер тунук акылдары менен зор салым кошушкан. Садыр аке Түндүк Кыргызстанды жакшы билгендиктен, 1872-жылдагы картографиялык чиймеге мындай талабын киргизген. Каркыра, Жылдыз, Шөкүлө, Макмал, Кундуз деген жерлерди кыргызча мыктылап, чечмелеп түшүндүргөн. Мына ошентип картага киргизип,



кыргыздын жери экенин далилдеген. Ак паашанын жарлыгына ылайык Садырга Ысык-Көлдүн күңгөйүнөн 400 теше жер бөлүнүп берилген. Эки Ак-Суунун ортосундагы он жети зым карагайдын арасындагы Көлгө чейинки узун тилке аймак, Садырга таандык болуп, ошондон бери бул жер Он-Жети-Карагай деп аталып калган.

КАРАЧ АКЕ



Карач аке (1837-1914) «Калыстык сурасаң – Карач акеге бар»

Тарых баракгарында XIX–кылымда Ысык-Көлдө Арык-Белек уруусунда Чоң Карач, Бала Карач, Карач аке айтылат. Карач аке жөнүндө Казакстан Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Ч. Валиханов атындагы тарых жана этнология институтунун борбордук мамлекеттик архивдик материалында 1897-жылдын 8-апрелиндеги Пржевальск уездинин Кең-Суу болуштугуна жети адам шайлоого катышып анын эң көп добушун Карач Эсенбаев Мендегул алган. Карач аке көп учурларда калктын ынтымагы бузулбасын, бечара-карыптарга оордук келбесин деп журт камын көргөн, тигил бул урууларда ынтымак бузулса, аларга кеп-кеңеш айтып ынтымакка чакырган. Карач аке 1914-жылы кайтыш болуп сөөгү Ак-Суу өрөөнүндөгү Чолок айылына коюлган.



БАЙСАРЫ УУЛУ КЫДЫР АКЕ

Байсары уулу Кыдыр аке (1843-1926). «Урушпай ажырашсаң, уялбай учурашасың».

Ар бир элдин ичинен, жаратылышынан кудай берген эчен таланттардын, баатырлардын, эл бийлеген жакшылардын аттарын угуп да, окуп да жүрөбүз. Эл болгон соң анын өз алдынча каада-салты, улуттук өзгөчөлүгү болот. Мына ошолорду сактап кийинки урпактарга берүүдө эл ичинен чыккан кеменгер



Кыдыр акенин конушу жана үй-бүлөсү. Азыркы Ысык-Көл областынын Ак-Суу районундагы Кереге-Таш айылы

адамдарга таазим кылбай коюга болбойт. Мына ошондой адамдардын бири биздин элден чыккан Кыдыр аке.

Жаш кезинен тартып, ар нерсеге эрте түшүнүп, жакшы жаманды ажыратып, эл аралап, ат жалын тартып көзү тирүү, боюна тыкан, тирикарак бала болгон.

Кыдыр акенин ысымы жеке эле кыргызга гана эмес, канатташ казак элинин Албан уруусуна белгилүү болуп «Кыдыр алей салам даарыган адам» деп алардын карылары да айтып калган. Кыдыр аке 1913-жылы Романовдордун тукумунун бийликке келишинин 300 жылдыгына карата Каракол уездинен Санкт-Петербургка делегат болуп барып, ошондо офицердик чин алган. Үркүн мезгилинде орус менен кыргызды ынтымакка чакырып, көп элди өлүмдөн сактап да, коргоп да калган. Кыдыр аке калк кадырманы, элдин куту, акылманы, букаралардын жөлөгү болгон. Ата-Журттун абийири, башына сыймык өзүнүн акылмандыгы, калыскөйлүгү менен көнгөн эл атасы, элдин жүзү болгон.

ЭШКОЖО УУЛУ БАЛБАЙ БААТЫР



Эшкожо уулу Балбай баатыр (1792-1867).

Балбай баатыр XVIII-кылымдын акыркы жылдарында касиеттүү Ысык-Көлдүн Түп аймагында жайгашкан Сары-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. Ал Боромбай менен бирдикте 1854-жылы жиберген элчилер 1855-жылы январда Омскиде Россиянын букаралыгына өтүү жөнүндө бугу уруусунун

атынан ант кармашкан. Бугу менен сарыбагыш уруу төбөлдөрүнүн ортосундагы феодалдык мүнөздөгү жаңжал учурунда бугу тараптын кол башчылардын бири катары таанымал. Андагы чабыштардын биринде туткунга түшкөн Ормон ханды Балбай катуу жарадар кылып, ал ошондон каза болгон. 1867-жылы жазында полковник В.А.Полтарацкийдин отряды Текеске келип, Балбайды туткунга түшүргөн. Верныйдагы түрмөгө камалган. Балбай күзгө таяп ошол жерден каза тапкан.



ОРОЗОВ КАРАМОЛДО



Орозов Карамолдо 1882-жылы Ысык-Көл районуна караштуу Корумду айылында туулган. Залкар комузчу жана күүчү. Кыргыз Республикасынын эл артисти (1935). Муратаалы Күрөнкеевден таалим алган. 1928-жылдары Бишкекке чакырылып 30 дай күүсүн А.В.Затаевич нотага түшүргөн. 1931-36-жылдары Кыргыз музыкалуу драма театрынын, 1936-54-ж. Кыргыз филармониясынын артисти. 1958-60-жылдары М. Күрөнкеев атындагы музыкалык окуу жайынын кыргыз эл аспаптар бөлүмүндө сабак берген. Кыргыз искусствосунун (1939) жана адабияты менен искусствосунун (1958) Москвада өткөн эки он күндүгүндө, 1942-44-жылы Орто Азия жана Казакстан республикаларынын Бишкекте, Ташкенде өткөн музыкалык декадасына катышкан. Элдин өткөн турмушун баяндаган «Сынган бугу», «Көкөй кести», «Такмаза», «Жөө калды», «Кара өзгөй», «Чоң кербез» ошондой эле акыл насыят жана философиялык маанидеги «Насыйкат», «Ибарат», «Дүнүйө» жана башка күүлөрү бар. К. Орозов Эмгек Кызыл Туу, эки «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

ТУМАНОВ ЫБЫРАЙ



Туманов Ыбырай 1888-жылы Каракол уездиндеги, Ак-Булуң айылында туулган. Комузчу жана элдик композитор. 1936-57-жылдары Т.Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын эл аспаптык оркестринде иштеген. Кыргыз ССР эл артисти (1951), СССР композиторлор союзуна мүчө болгон. Ы.Туманов эмгек, тынчтыкка арналган «Кеңеш», «Октябрь өзгөрүшү», «Колхоз куралышы», «Толкун», «Жүрөгүм», «Улуу той», «Москва», «Ала-Тоо» ж.б. күүлөрдү чыгарган. Ал элдик күүлөрдү жана Токтогул, Айдараалы, Асанаалы, Муратаалы, Карамолдо, Абак жана башкалардын күүлөрүн чебер аткарган. Ы.Туманов күү чыгаруу жагынан башка комузчулардан айырмаланып ырлардын ыргактарынын обондуулугун улуттук обон чыгаруу менен куюлуштурган. Москвада өткөн кыргыз искусствосунун (1939), кыргыз адабияты менен искусствосунун (1958) он күндүктөрүнө катышкан . 1990-ж. «Күүлөр» деген жыйнагы чыккан. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган.

ЖУСУП АБДРАХМАНОВ



Жусуп Абдрахманов 1901-жылы Ысык-Көл районундагы Жаркымбаев айылында туулган. Саясий жана мамлекеттик ишмер, эл тарыхын объективдүү изилдөөчү. 1911-16-ж. Сазановка айылындагы 3 жылдык орус жергиликтүү мектебинде, Каракол шаарындагы жогорку башталгыч окуу жайында окуган. 1916-ж. үркүндө эл менен кошо Кытайга качып, 1917-ж. кайтып келген. Жети-Сууда совет бийлигин чыңдоого катышып, 1920-ж. Москвада өткөн РКСМдин 3-съездинин делегаты болгон. 1924-ж. Түркстан АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин президиумунун мүчөсү жана жооптуу катчысы болуп шайланган. 1924-ж. Кара Кыргыз автономиялуу облусунун облустук партбюросунун жооптуу катчысы. 1926-ж. облустук аткомдун төрагасынын биринчи орун басары. 1933-ж. сентябрда компартияга каршы аракеттенген деген жалаа менен ишинен бошотулуп партиянын катарынан чыгарылган. 1935-ж. Оренбург облустук аткомунун жер бөлүмүнүн башчысынын мал чарбачылык боюнча орун басары болуп эмгектенген. 1937-ж. Ж.Абдрахманов контреволюциячыл Алашордо уюмунун катышуучусу деген жалаа менен камакка алынган. 1938-ж. 5-ноябрда атылган. 1958-ж. акталган.

КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ



Касым Тыныстанов 1901-ж. Ысык-Көл районунун Чырпыкты айылында туулган. 1913-16-ж. Ысык-Көлдүн Караколунда жана Сазановка кыштагында адегенде өзбек мектебинде, андан кийин орус мектебинде окуган. 1916-ж. кандуу үркүндө кытайга ата-энеси менен кошо качкан. 1917-ж. октябрь революциясы жеңгенде, кайра туулуп өскөн жерине кайтып келген. 1919-ж. К.Тыныстанов Алматыдан атайын жолдомо алып, Ташкент шаарына келип, казак-кыргыз агартуу мектебине кирген. 1924-25-ж. Түркстан республикасынын Академиялык борборунда Кыргыз облустук бөлүмүнүн катчысы, анын төрагасы. 1-кыргыз гезити «Эркин Тоонун» редактору, «Алаш» партиясынын Пишпектеги филиалын түзгөн. Кыргыз БАКтын мүчөсү. 1926-30-ж. Кыргыз АССР Эл агартуу комиссары. 1930-37-ж. Кыргыз маданият курулуш институтунда ил. кызматкер, анын директору, КМПИнин доценти (1932) жана проф. (1936). Кыргыз орфографисынын негизги принциптерин иштеп чыгып, кыргыз тилинин тунгуч окуу куралдарын («Окуу китеби»), 1924; «Чоңдор үчүн алиппе», 1926; «Биздин тил», 1927; «Кыргыз тилинин морфологиясы», 1934; «Кыргыз тилинин синтаксиси», 1936; «Кыргыз тилинин терминологиялык сөздүгүн» (1933) түзгөн.

К.Тыныстанов 1937-ж. «Социал-Туран» партиясынын мүчөсү деген күнөө менен камакка алынып кийинки жылы атылган. 1958-ж. акталып, кайра 1960-ж. жокко чыгарылган. 1988-ж. коомчулуктун талабы менен К. Тыныстанов чыгармачыл инсан катары бааланган.

ЖЭЭНБАЕВ ХАСАН



Жээнбаев Хасан 1902-жылы Ысык-Көл районундагы Бостери айылында туулган. Кыргызстандагы советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер. 1927-жылдан КПССтин мүчөсү. Айыл чарба мектебинде окуп, 1919-жылы аны бүтүргөндөн кийин Кызыл Армиянын катарында 1921-жылга чейин кызмат өтөгөн. 1921-жылдан 1926-жылга чейин Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетин бүткөн. Андан кийин Кыргыз ЛКЖС обкомунун үгүт-насыят бөлүмүнүн башчысы.

1928-37-жылдарга чейин советтик партиялык кызматтарда, ал эми 1937-жылы июнда Кыргызстан ВКП(б) нин биринчи съездинде Жээнбаев БКнын 2-секретарлыгына шайланган. Кыргызстандын партиялык уюмун уюштуруу жана чыңдоодо белгилүү салым кошкон. 1937-жылы атылып сөөгү 1992-жылы Чоң-Таштагы Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлган. 1957-жылы толук акталган.

МАМБЕТОВ БОЛОТ



Мамбетов Болот 1907-жылы Тоң районундагы Жер-Үй айылында туулган. Мамлекеттик жана партиялык ишмер. 1929-жылдан тартып КПССтин мүчөсү болгон. 1930-жылы Оренбург шаарындагы рабфакты бүтүп, 1935-жылы Москвадагы гидротехникалык институтун аяктаган.

1935-40-жылдары Кыргызстандагы суу чарба жана ирригация курулуш мекемелеринде эмгектенген. 1940-ж. Кыргызстан КП (б) БКнын 3-катчысы, 1941-45-ж. Кыргызстан КП (б) БКнын транспорт жана байланыш боюнча катчысы жана орун басары болуп иштеген. 1945-53-ж. Компартиянын Фрунзе облустук комитетинин 1-катчысы, 1953-жылдан Кыргызстан Илимдер Академиясынын Суу чарба жана энергетика институтунун директору болуп кызмат өтөгөн. 1954-61-жылга чейин Кыргыз Республикасынын суу чарба министри, 1961-68-ж. Кыргыз Республикасынын Министрлер советинин төрагасы болуп эмгектенген. Болот Мамбетов СССР Жогорку Советинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, үч Ленин, үч Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендер жана медалдар менен сыйланган.

ИСА АХУНБАЕВ



Иса Ахунбаев 1908-жылы Ысык-Көл районуна караштуу Торуайгыр айылында туулган. Хирург, мед. илимдеринин доктору (1948), проф. (1948), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1954) жана биринчи президенти (1954-61). СССР МИАнын корр. мүчөсү (1948). Ташкенттеги Орто Азия медициналык институтун бүтүргөн.

1935-37-жылдары Фрунзе шаардык оорукананын хирургия бөлүмүнүн ординатор-врачы, Кыргыз ССР саламаттыкты сактоо эл комиссарынын орун басары . 1937-ж. репрессияланып 1939-ж. акталган. 1952-54-ж. СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын президиумунун төрагасынын орун басары жана төрагасы болуп эмгектенген. Ахунбаев 1959-ж. Орто Азия жана Казакстанда биринчи болуп жүрөккө операция жасаган. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы (1945), Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Илимге эмгек сиңирген ишмер жана хирургдардын бүткүл дүйнөлүк ассоциациясынын мүчөсү (1957). Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин депутаты, Иса Ахунбаев Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы, Эл достугу, 3 «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

КУСЕИН КАРАСАЕВ



Кусеин Карасаев 1901-жылы Түп районунун Кең-Суу айылында туулган. 1914-1916-жылдары Караколдогу орус-тузем мектебинен окуп билим алган. 1916-ж. улуу үркүндө Кытайга барган. 1921-ж. ноябрда кайрадан мекенине кайтып келген. 1921-22-ж. айыл кеңешине катчы, Кең-Суу айылынын ревкому болуп эмгектенген. 1923-24-ж. Ташкенттеги Кыргыз агартуу институтунан окуган. К.Карасаев кыргыз алфавитинин бардык түрүн түзүүгө катышкан. Чоңдор үчүн «Сабат ачкыч» (1927) аттуу алиппе жазган. Э.Арабаев менен бирдикте «Жаңылык» (1928) деген алиппе түзүшкөн. Кыргызстанда сөздүк түзүү ишине негиз салгандардын бири. 1938-ж. «Орусча-кыргызча сөздүктү» түзгөн. Кыргыз фольклористикасы менен адабият таануусунун, котормо теориясынын телчигишине да сиңирген эмгеги зор. К.Карасаевга 1992-ж. К.Тыныстанов атындагы мамлекеттик сыйлык ыйгарылган. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар менен сыйланган. Филология илимдеринин кандидаты, проф . (1966), Кыргызстан УИАнын ардактуу акад. (1992). Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери. Анын ысмы менен Каракол шаарындагы кыргыз-түрк уландар лицейи аталган.

СЫДЫКБЕКОВ ТҮГӨЛБАЙ



Сыдыкбеков Түгөлбай 1912-жылы Түп районуна караштуу Кең-Суу айылында туулган. Кыргызстан эл жазуучусу, кыргыз совет адабиятына негиз салуучулардын бири. 1928-31-жылдары Фрунзедеги айыл чарба техникумун бүтүрүп, Ашхабаддагы Орто Азия зооветеринария институтунан окуган. Тунгуч чыгармасы «Капкакбай» аттуу поэма (кийин кайра жазылып, «Көкөй кести» деген ат менен 1961-жылы жарыкка чыккан). 1930-жылдан тартып кыргыз адабиятында биринчилерден болуп роман жанрын өздөштүрүүгө киришкен. 1937-38-ж. «Кең-Суу», 1948-ж. «Биздин замандын кишилери, 1953-ж. «Тоо балдары », 1955-58-ж. «Тоо арасында », 1966-ж. «Зайыптар», 1989-ж. «Көк асаба» ж.б. романдары бар. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы каарман совет элинин турмушун чагылдырган «Биздин замандын кишилери» аттуу романы 1949-жылы СССРдин мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. Ыр жыйнактары, драмалык чыгармалары, кыргыз элинин тарыхы, каада-салты, адабий мурасы, тили жөнүндөгү публистикалык ой толгоолору бар. Кыргыз Республикасынын баатыры, Кыргыз Илимдер Академиясынын анык мүчөсү (1954).

ЭЛЕБАЕВ МУКАЙ



Элебаев Мукай 1902-жылы Түп районуна караштуу Чоң-Таш айылында туулган. Жазуучу, акын, драматург, котормочу, кыргыз адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири. 1916-жылдагы үркүндө Кытайга барып, 1917-жылы кайра кайтып келген. 1921-жылы Караколдогу жетим балдар үйүндө тарбияланган. Түптөгү зооветтехникумунда билим алып, кийинчерээк Фрунзедеги педтехникумга которулуп аны 1930-жылы аяктаган. 1925-жылы «Эркин-Тоого» «Зарыгам» аттуу ыры жарыкка чыккан . 1931-жылы акындын биринчи ырлар жыйнагы, 1933-жылы «Майдан» аттуу экинчи ырлар жыйнагы жарыкка чыккан . 1941-жылы «Салам кат», 1943-жылы «Улуу марш» ыр жыйнактары жарык көргөн. 1934-35-жылдары «Узак жол» романынын биринчи китебин; 1938-39-ж. «Кыйын кезең» очеркин, «Зарлык», «Бороонду күнү» аңгемелерин жазган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында «Алыскы тоодон » (1942), « Соңку бир күн» (1942) аңгемелери жазылган. Мукай Элебаев драматург, адабий сынчы катары да белгилүү. Анын көркөм котормо жана элдик адабий мурастарды жыйноо ишине кошкон салымы да бар. 1943-жылы согушка кетип, 1944-жылы курман болгон.

БАЯЛИНОВ КАСЫМАЛЫ



Баялинов Касымалы 1902-жылы Тоң районундагы Көк-Мойнок айылында туулган. Кыргыз адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири. 1928-33-жылдарга чейин Москвада Бүткүл союздук журналисттер институтунда билим алган. Анын чыгармачылыгы 1923-ж. башталып, алгачкы ырлары («Биз ким элек, ким болдук», «Ала-Тоо өткөн күндү ойло ») «Эркин Тоо» газетасына басылган . 1926-жылы «Жетимдин өлүмү» аңгемеси, ал эми 1927-жылы «Ажар» повести жарыкка чыккан. К.Баялиновдун «Жетилген жетим», «Турмуш түрткүсүндө », «Кош жүрөк », «Бактылуу жылкычы» жана башка очерктери жарыяланган . 1947-жылы «Бакыт» («Көл боюнда») повести , 1950-жылдары «Курман жылга» повести, үч китептен турган «Боордоштор» романын жараткан. Ал А.С.Пушкин, М.Ю.Лермонтов, М.Горький жана башка жазуучулардын чыгармаларын кыргыз тилине которгон. К.Баялинов 1951-58-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты жана Октябрь революциясы , 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

ЖАНТӨШЕВ КАСЫМАЛЫ



Жантөшев Касымалы 1904-жылы Ак-Суу районуна караштуу Тепке айылында туулган. Жазуучу, драматург, кыргыз профессионал адабиятын негиздегендердин бири. К. Жантөшев 1930-жылдары Кыргыз педтехникумун бүтүрүп, техникумда мугалим болуп эмгектенген. 1931-33-жылдары Кыргыз ССРинин Эл агартуу комиссариатында методист, Өзгөн районунда эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1934- 1948-жылдары Кыргыз драма театрында актер, режиссёр, 1948-49-ж. Кыргызмамбаста редактор, 1949-51-жылдары Кыргыз ССР Эл агартуу комиссариатында искусство боюнча башкарма начальниги болуп эмгектенген. Анын туңгуч пъесалары: «Койчулар», «Биз – комсомол», «Айылда», «Кара чач», «Алым менен Мария», «Ким кантти». Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана андан кийин жазган драмалык чыгармалары – «Өч», «Эл ырчысы», «Каныбек», «Курманбек» ж.б.

К.Жантөшев Кыргыз Республикасынын искусствого эмгек сиңирген ишмери (1946) жана Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу (1968). Анын «Каныбек» романы жана башка чыгармалары орус жана башка тилдерге которулган.

ТУРУСБЕКОВ ЖУСУП



Турусбеков Жусуп 1910-жылы Тоң районунун Көк-Сай айылында туулган. Кыргыз акыны жана драматургу. 1916-жылдагы көтөрүлүштө падышалык аскердин жазалоосунан качкан эл менен Кытай жерине барып, революциядан кийин кайтып келген. 1921-жылдары Каракол шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынып интернатта тарбия алган. 1928-жылы «Эркин-Тоо» гезитине ишке орношуп алгачкы ыры 1929-жылы жарыяланган. Жусуп Турусбеков Тверь шаарындагы советтик партиялык мектепте билим алган. Окуусун бүткөндөн кийин «Кызыл Кыргызстан» гезитинде жооптуу редактор, Кыргызмамбастын редактору, кыргыз мамлекеттик театрдын директору, Кыргызстан жазуучулар союзунун кеңешчиси болуп иштеген. Ж.Турусбековдун «Өткөн күндө», «Кыргыздар», «Эне», «Ук, жер жүзү» деген поэмалары коомдук саясий темада жазылган. Анын чыгармачылыгында өзгөчө орунду ээлеген «Ажал ордуна» (1934-35) драмасы ошондой эле коллективдештирүү жөнүндө «Беш –Мойноктогу окуя» (1937) драмасы, «Бир болгон иш » (1940), «Айласыз кезигишүү» (1941) деген чакан аңгемелер жана бир нече адабий сын макалалар да жаралган . «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон.

АЛДАШЕВ АБДУЛКАЙ



Алдашев Абдулкай 1919-жылы Жети-Өгүз районуна караштуу Ак-Кочкор айылында туулган. Фармаколог, ветеринария илиминин доктору, профессор, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын ардактуу академиги. Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери, коомдук ишмер, адабий котормочу. 1939-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүргөн. 1940-жылдары Караколдогу зооветтехникумунда окутуучу, директордун орун басары болуп эмгектенген. 1941-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1948-74-ж. Кыргыз айыл чарба институтунда илимий кызматкер, доцент, кафедра башчысы жана проректор болуп иштеген. 1974-79-ж. Кыргыз ССР ИАнын Биология институтунда директор болуп эмгектенген. 1990-жылдан Кыргыз айыл чарба институтунда лаборатория башчысы болуп, ал жетектеген лабораторияда медицинада жана ветеринарияда колдонулуучу эки дары препарат жасалган. Малдын жайыттарда уугуу ыландарынын негизги себептерин далилдеп, аларды болтурбоо жана алдын алуу теориясын иштеп чыккан. 350дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинен 30 монографиянын, 50гө жакын адабий чыгармалардын, илимий табылгалардын жана ойлоп чыгаруунун автору.

А.Алдашев Кыргызстандын эмгек сиңирген ветврачы, Эл агартуунун отличниги . 1991-ж. Кыргыз Республикасынын аксакалдар коомунун президенти жана эки 2-даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз, Эл достугу, эки «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

ЖЭЭНБАЕВ ЖАНЫБЕК



Жээнбаев Жаныбек1931-жылы Түп районуна караштуу Күрмөнтү айылында туулган. Физик, физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстан Илимдер Академиясынын академиги. Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.

Жаныбек Жээнбаев 1956-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүргөн. 1960-69-жылдары Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын физика – математика институтунда газ разряддар физикасы лабораториясынын башчысы, 1969-70-жылдары директордун илим боюнча орун басары, 1976-жылдан институттун директору жана атомдук спектроскопия лабораториясынын башчысы. 1993-жылы Кыргыз Республикасынын УИАсынын вице президенти жана президенти болуп эмгектенген. Жээнбаевдин негизги илимий изилдөөлөрү атом спектроскопиясы менен плазма физикасына арналган. Анын жетекчилиги менен Кыргызстанда биринчи жолу төмөнкү температуралуу плазма генератору түзүлүп, бир жана эки агымдуу плазматрондор, плазма диагнозун коюу методдору, спектроскопия жолу менен анализдөө иш жүзүндө колдонулууда. Жээнбаев 200дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинен 20 ойлоп чыгаруунун, 6 монографиянын автору. Кыргызстан Улуттук Илимдер Академиясынын Физика-математика институтунда газ разряддар физикасы лабораториясын уюштурган.

КАНИМЕТОВ АБДЫЛДА



Каниметов Абдылда 1928-жылы Жети-Өгүз районундагы Шалбаа айылында туулган.

Тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор. 1950-жылы МГУну бүткөн. Эмгек жолун 1950-1955-жылдары Кыргызстандын Илимдер Академиясында илимий кызматкер болуп баштаган. А. Каниметов 1955-59- жылдары Кыргызстан КП БКга караштуу Республикалык партиялык мектепте окутуучу, кафедра башчысы, директордун орун басары кызматында иштеген. 1958-61-жылдары Кыргызстандын КП БКнын илим, мектеп жана жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн башчысы. 1961-62-ж. Кыргыз ССР Министерлер Советине караштуу жогорку жана атайын орто билим берүү боюнча комитеттин төрагасы болуп, 1962-жылдан 1977-жылга чейин Кыргыз ССР элге билим берүү министринин кызматында турган. 1977-88-ж. Кыргызстандын Илимдер Академиясынын Тарых институтунун директору, 1989-жылдан ошол эле институтта жетектөөчү илимий кызматкер. 40 ка жакын монографиянын, окуу китептеринин, 200дөй макаланын автору. Ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 6-9 шайланышынын (1962-79-ж.) депутаты. 3 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

ЖУМАДЫЛОВ СОВЕТБЕК



Жумадылов Советбек 1932-жылы Ак-Суу районуна караштуу Тепке айылында туулган. Актёр, Кыргыз Республикасынын эл артисти. 1953-жылы Ташкенттеги А.Н.Островский атындагы сүрөт жана театр институтунун актёрдук факультетин бүтүргөн. 1953-жылдан Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында эмгектенип, каармандардын ички сырын, социалдык маңызын ачып жекече мүнөз таба билген актёр. Аткарган негизги ролдору: Ашырбай, Солтобай, Мухтар, Омор (Т.Абдымомунов, «Ашырбай», «Тар капчыгай», «Абийир кечирбейт»), Мырзакул, Мамбет, Эдигей, Танабай (Ч.Айтматов, «Бетме-бет», «Фудзиямадагы кадыр түн», «Кылым карытаар бир күн», «Танабай Бакасов»), Семетей, Коңурбай (Ж.Садыковдун «Сейтек», «Айкөл Манас»); орус жана дүйнөлүк классиктерден: Лопахин, Войнцкий (А.Чехов, «Алчалуу бак», «Ваня таяке»), Куудул, Ричард, Отелло (У.Шекспир, «Король Лир», «Ричард III», «Отелло») ж.б. кинодо да көптөгөн ролдорду аткарган. М.Рыскулов атындагы республикалык сыйлыктын лауреаты. Медалдар менен сыйланган.

МИҢЖЫЛКЫЕВ БОЛОТ АБДУЛЛАЕВИЧ



Миңжылкыев Болот Абдуллаевич 1940-жылы Фрунзе шаарында туулган. Опера ырчысы, Кыргыз Республикасынын жана СССРдин эл артисти. 1961-жылы Кыргыз мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера жана балет театрынын студиясында окуган. КРнын Эл артисти, С. Юсуповдон, С. К. Шеховдон сабак алган. 1962-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият министрлигинин жолдомосу менен Өзбек Республикасынын Ташкент мамлекеттик консерваториясынын вокалдык бөлүмүнө кабыл алынган. Навои атындагы опера жана балет театрында коюлган П.Чайковскийдин «Евгений Онегининен» Греминдин, С.Рахманиновдун «Алекосунан» Алеконун, Н.Римский – Корсаковдун «Падыша колуктусунан» Собакиндин, С.Прокофьевдин «Монастырдагы нике кыюудан» Мендозанын партияларын аткарган. 1966-жылы Ташкент консерваториясын бүтүргөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера жана балет театрынын солисти. Башкы партиялары: Коңурбай (В.Власов, А.Малдыбаев, В. Фере «Манас»), Пётр (А.Петров «Пётр I») ж.б.

1971-жылы искусство институтунда окутуучу, профессор , кафедра башчысы болуп эмгектенген. Тубаса кооз, коңур тембрлүү, диапазону кенен үндүү Миңжылкыев 1968-жылы Италиянын Милан театры «Ла Скалада» чеберчилигин өркүндөтүү үчүн стажировкада болгон. Дүйнөлүк операнын жылдыздары,

Италиялык ырчылар Капучилли, Джани Раймонди, болгариялык Николай Гяуров менен бирге «Ла Скаланын» сахнасында Дж. Вердинин «Дон Карлос» аттуу операсынан италия тилинде Король Филипптин партиясын аткарган.

1973-жылы Софияда өткөн вокалисттердин эл аралык конкурсунда алтын медалга жана лауреат деген наамга, Тулузада (Франция) Гран -при сыйлыгына татыктуу болгон. 1992-жылдан өмүрүнүн акырына (1997-ж. 16-августуна чейин) Санкт-Петербургдагы Марин опера жана балет театрында иштеген. Марин жана улуттук опера жана балет театрында музейи ачылган. Кыргыз ССР Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, СССР Жогорку Советине жана Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Казакстандын эл аралык «Алтын көпүрө» сыйлыгынын лауреаты.




ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУН ЖЕТЕКТЕП КЕЛГЕН АТУУЛДАР





Охлупин Владимир Иванович (1940-1941)



Родионов Алексей Васильевич (1941-1943)



Джергалбаев Узак
(1944-1945)



Джаркимбаев Абдыш
(1945-1947)



Айтбаев Сыдыкалы
(1952-1955)




Аламанов Баян
(1955-1959)




Луйшеев Арстанбек
(1970-1979)



Масалиев Абсамат
(1979-1985)



Джумагулов Апас
(1985-1986)



Хрестенко
Анатолий Павлович
(1986-1988)



Аманбаев Джумгалбек Бексултанович (1988-1991)



Орозбаев Темпи Дюйшеевич (1991-1992)



Саданбеков Жумагул (1992-1996)



Касымов Тойчубек (1996-2000)



Шарипов Жусупбек
(2001-2002)



Анапияев
Эмилбек Абылович
(2002-2003)



Шайлиева
Токон Асановна
(2003-2005)



Молдаташев
Ишенбай Курманович
(2005)



Омуралиев Эсенгул Касымович (2005-2006)



Исаев Кыдыкбек Шайдинович (2006)



ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯНЫН ЖЕТЕКЧЕЛЕРИ:

Мадиев Эшимкан Мамытбекович	1992-1993жж.
Муктаров Эркин Муктарович	1993-1996жж.
Жаманбаев Марат Акматбекович	1996-1997жж.
Мамыркулов Кубул Мамыркулович	1998-1999жж.
Бараканов Искендер Жапарович	1999-2001жж.
Акматов Жангазы Урсаевич	2001-2005жж.
Мансуров Турусбек Искендерович	2005

ТҮП РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯНЫН ЖЕТЕКЧЕЛЕРИ:

Кыдыкбаев Бекбосун Кыдырович	1992-1995жж.
Шарапов Жакшылык	1995-1997жж.
Мырзабаев Орозаалы Өмүралиевич	1997-1999жж.
Чымырбаев Марат Асанакунович	1999-2001жж.
Сулайманов Таалай Кадыракунович	2001-2002жж.
Асанов Элмир Асанович	2002-2004жж.
Намазалиев Курманбек Сабырович	2004-2005жж.
Эгембердиев Абдумалик Абдыкарович	2005-2006жж.
Муканбетов Мурат Картайбекович	2006-2007жж.
Шаршеналиев Өмүрбек Асангазиевич	2007-2008жж.
Керимкулов Саматбек Казбекович	2009

ТОҢ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯНЫН ЖЕТЕКЧЕЛЕРИ:

Матанов Сагын Апендиевич	1992-1996жж.
Бозгорпоев Баттал Үсөнакунович	1996-1998жж.
Эшперов Жумаш Эшперович	1998-2000жж.
Мамбетов Мукаш Самалыкович	2000-2002жж.
Кенжебаев Дыйканбай Бакашович	2002-2004жж.
Аалиев Нурбек Тукешович	2004-2005жж.
Уржанов Курманбек Апышевич	2005-2009жж.
Султаналиев Туруспек Оморович	2009

ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯНЫН ЖЕТЕКЧЕЛЕРИ:

Сооронбаев Кайрылда Акматович	1992-1998жж.
Курманбеков Болот Кайбылдаевич	1998-1999жж.

Бектуров Орозбек Акматович 1999-2002жж.
Каптагаев Эмилбек Саламатович 2002-2004жж.
Кенжебаев Дыйканбай Бакашович 2004-2005жж.
Турдукеев Замирбек Турдукеевич 2005-2008жж.
Чекиев Тынчтыкбек Бешкемпирович 2008

АК-СУУ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯНЫН ЖЕТЕКЧЕЛЕРИ:

Кыдыргычев Асан 1992-1995жж.; 1997-2000
Сыдыков Майрамбек Түлөбердиевич 1995-1996жж.
Чаначев Марат Сыдыкович 1996-1997жж.
Алышбаев Калыбек Кенешович 2000-2001жж.
Шаршеналиев Өмүрбек Асангазиевич 2001-2003жж.
Мамбетов Мукаш С. 2003-2004жж.
Баратбаев Эмил О. 2004-2005жж.
Чекиев Тынчтыкбек Бешкемпирович 2005-2008жж.
Купешов Болот Дүйшөкович 2008

БАЛЫКЧИ ШААРЫНЫН ЖЕТЕКЧЕЛЕРИ:

Токтосунов Камчыбек Усенович 1992-1996жж.
Бараканов Искендер Жапарович 1996-1999жж.
Тагаев Абдыжапар Абдыкарович 1999-2000жж.
Шаршеналиев Өмүрбек Асангазиевич 2000-2001жж.
Бейшенкулов Болот Таштанович 2001-2002жж.
Шаболотов Тажымамат Тайгараевич 2002-2004жж.
Үсөнов Талант Үсөнович 2004- 2005жж.
Алдаяров Нуркул Бердигулович 2005-2006жж.
Бекжанов Талант Бекжанович 2006-2007жж.
Омуркулов Талант Советович 2007

КАРАКОЛ ШААРЫНЫН жетекчелери:

Кучуков Мэлс Исаевич 1990-1991жж.;1999-2001жж.
Абдурехменова Асылгуль Барыктабасовна 1991-1996жж., 2005ж
Исманов Касым Мадаминович 1996-1998жж.
Абдыкадыров Автандил Мукашевич 2001-2003жж.
Кыдыров Доктурбек Кыдырович 2003-2005жж.
Бектуров Орозбек Акматович 2005-2007жж.
Аалиев Нурбек Тукешович 2007

СОҢКУ СӨЗ

Кереметтүү Ысык-Көл жергеси жөнүндө өз убагында Калыгул олуя: «Жай болуп какшыткан ысыгы жок, кыш болуп какшаткан суугу жок, ат жеткен жерде мындан өткөн кызыгы жок, мактанып буга жер жетеби?» деп айтса, кадимки Санчы сынчы : «Жарыктык түбүндө жок тешиги, ташып турат ырыс-кешиги» деген экен.

Айтылуу айкөл Манас атабыз Алтайдан ат арыта аттанып, атайын Ата-Журт чалып келатып:

Береке экен, бел экен,
Бенде көрчү жер экен.
Жердеген адам бай болчу,
Көлүмдө ырыс бар экен,

- деп тан берген. Ысык-Көл жергеси улуулук менен жөнөкөйлүктүн, кеменгерлик менен акылмандыктын, кара кылды как жарган калыстыктын үлгүсү болуп, калкына эбегейсиз кызмат өтөшкөн акелерди, Акылбек, Назар, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Саякбай сыяктуу улуу манасчыларды, Ж.Абдрахманов, К.Тыныстанов, Б.Мамбетовдой мамлекеттик ишмерлерди, Т.Сыдыкбеков, Ж.Турусбеков, М.Элебаев, К.Баялинов, К.Жантөшевдей залкар калемгерлерди, И.Ахунбаев, К.Карасаев, А.Мамытовдой академиктерди, Карамолдо, Ыбрай, Чалакыздай комузчуларды, Б.Миңжылкиевдей чоң таланттарды берген.

70 жылдык тарыхыбыздын баракгарында көөнөргүс болуп жазылып калган асыл иштердин башатында турушкан атуулдарыбыздын ысымдарын атап кетсек, алар партиянын Ысык-Көл обкомунун биринчи катчылары В.И. Охлупин, А.В. Родионов, У. Ж. Жыргалбаев, А. Ж. Жаркымбаев, Ш. И Иманалиев., С.А. Айтбаев, Б.А. Аламанов, А.Д. Дүйшеев, А.М. Масалиев, А.Ж. Жумагулов, А.П. Хрестенков, Ж. Б. Аманбаев, Т.Д. Орозбаев, облустун губернаторуболуп Ж. С. Сааданбеков, Т. К. Касымов, Ж. Шарипов, Э.А. Анапияев, Т.А.Шайлиева., И.К.Молдоташев, Э.К.Омуралиев эмгектенишкен. Азыр областты К.Ш. Исаев жетектөөдө.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында он миңдеген жердештеribиз кан күйгөн майданга аттанып, ысык-көлдүк канча деген эр азаматтар Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наамга, миңдеген мекендештеribиз күжүрмөн орден-медалдарга татыктуу болушкан. Афган

согушуна, Баткен окуяларына катышып, каармандык көрсөтүп кайтып келишкен жигиттеribиз да аз эмес.

Көл кылаасынын эмгекчилери дайыма мээнеткечтиктин, эли жери үчүн кажыбас кызмат кылуунун үлгүсү болуп келишкен. Айтсак, өндүрүштөгү эң жогорку көрсөткүчтөрү үчүн жердештеribиз Т. Акматов эмгектин эки жолку Баатыры, А.Юматова, Н.Приставкин, Ж.Тынаев, К.Мукашева, Ж. Дүйшеева, С.Кожобекова, Т.Довгаль, Г. Мох, К. Намазбеков ж.б . эже-агаларыбыз Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга татыктуу болушкан.

Ысык-Көл облусунун элинин илимге, билимге болгон умтулуусу өзгөчө болуп, республикада агартуу иштерине, илимий изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө кошкон салымы чоң экендиги талашсыз. Ысык-Көлдөн Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын 12 академиги, 15 мүчө - корреспонденти, 2 ардактуу академиги, ар кандай тармактар боюнча илимдердин 100гө жакын доктору, 300гө жакын кандидаттары чыкканын, академиктер К. Каракеевдин, Б. Орозбаеванын, Ж. Жээнбаевдин, М. Мамакеевдин, А. Алдашевдин, Ж. Алышбаевдин эмгектери өлкөбүздүн илимине кошулган чоң салым катары маанисин жоготпой келатканын белгилөөгө тийишпиз.

Облуста билим берүү системасынын флагманы болуп К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети эсептелет. Бул республикабыздагы бай тарыхы бар эң эски окуу жайларынын бири. Азыркы учурда окуу жайдын алдында 2 институт, окуу борборлору жана 38 кафедра иштеп , 400дөн ашык окутуучу эмгектенүүдө. Алардын катарында илимдин 8 доктору, 70 кандидаты бар.

Жер берметі кереметтүү Ысык-Көлүбүз, айлана курчаган ажайып тоолорубуз, 1500дөн ашык тарыхый, маданий эстеликтер туризмди өнүктүрүүнүн эң ишеничтүү базасы катары кызмат кылары талашсыз . Учурда облустун өнүгүшүнө түздөн-түз салым кошушкан , биз ысымдарын сыймык менен атап өткөн жана аталбай калган көптөгөн асыл адамдарыбыздын даregине, азыркы мезгилде эл астында адал эмгек өтөп жатышкан атуулдарга, Ысык-Көлдүн социалдык-экономикалык абалына, анын перспективалык маселелерине жан тартуу менен мамиле кылып, көптөгөн маселелердин чечилишине тикеден жардам көрсөтүп жаткан көл элине терең ыраазычылык билдиребиз.

Элибиздин ынтымак-ырашкерлиги артып, Ата-Журтубуздун асманы дайыма ачык болсун!

Пайдаланылган адабияттар

Иссык-Кульский областной государственный архив. Дело № 02-29.

Абрамзон С.М. Киргизы. – Фр.: 1990.

Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину. – Фр.: 1991.

Алагушов Б. Кылымдардын кылдары. – Бишкек «Шам» - 2005.

Алагушов Б. Кыргыз музыкасы Энциклопедия. –Бишкек – 2007.

Археологические памятники Прииссыккулья /Под ред. П.Н.Кожемяко и Д.Ф.Винника. – Фр.: 1975.

Байтур А. Кыргыз тарыхынын лекциялары. – 1986.

Биздин Кыргызстан: Популярдуу тарыхый энциклопедия (байыркы мезгилден XIX –кылымдын аягына чейин) /Автору акад. В.М Плоских.–Бишкек, Илим, 2004.

Бартольд В.В. Очерк истории Семиречья. Памятная книжка Семиреченск. обл. статист. комитета на 1898г. –Верный: 1898, т.2.

Валиханов Ч. Дневник поездки на Иссык- Куль 1856г. //Собр. соч.: в 5т. –Алма-Ата: 1961. – т.1.

В.Плоских, Д.Мамбетова – Н.М.Пржевальский Иссык-Кульский мемориальный комплекс. Бишкек – КРСУ. -2005.

Город Рыбачье: Краткий краеведческий очерк. – Фрунзе.: 1972.

Гужин Г.С., Чормонов Б.Ш. Город Пржевальск: Краткий краеведческий очерк. –Фр.: 1971.

Джамгерчинов Б. Очерк политической истории Киргизии XIX века (1-я половина). –Фр.: 1966.

Забиров Р.Д. Иссык-Куль Физ.-геогр. очерк. – Фр.: 1963.

Исаев А., Алиев Э., Токомбаев Ш. Тоо койнундагы көүлтүр бермет (илимий- популярдык очерк). Фр.:1982.

Исаев А., Токомбаев Ш. Ысык-Көл жер сорусу, эл сыймыгы. –Б.:1998.

Историко-культурный атлас Кыргызстана. -Бишкек -2001.

Конурбаев А., Макрынин В., Плоских В. Город великого путешественника. -Бишкек «Илим» - 1994.

Караев О. История караханидского каганата (X-начало XIII вв.)- Фр.: 1983.

Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. –М.: 1964.

Койчиев А. Осмоналы Сыдык уулу жана анын «Тарыхтары». –Б. 1992.

Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт /Түзгөн Кеңеш Жусупов. 1-2-китеп – Б.: 1993.

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы: Энциклопедия. – Фр.: 1983.

Кыргыз совет Энциклопедиясы. т.1-6. –Фр.: 1976-80.

Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. –Б.:1994.

Кыргызская наука в лицах (У.А.Асанов, А.З.Джуманазаров, Т.К.Чоротегиндин редакциясында). Бишкек, 2002.

Кыргыз тарыхы (кыскача энциклопедиялык сөздүк). Б.У.Урустанбековдун , Т.К.Чороевдин ред. Фрунзе, 1990.

Кыргызстан энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек – 2001.

Кыргыз жергеси энциклопедия. –Фр.:1990

Кыргыз тарыхы энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек – 2003.

На берегах Иссык-Куля /Бишкек: МП «Табылга», 1992.

Хасанов А.Х. Взаимоотношение киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70 годах XIX века. – Фр.: 1961.

Хасанов А.Х. Народное движение в Киргизии в период Кокандского ханства. –М.: 1977.

Шакитов Ш., Токомбаев Ш. Келечектүү Балыкчы. –Бишкек – 2005.

Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин аль-Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы» - Фр.: 1990.

Ысык-Көл облусу. Энциклопедия. –Бишкек - 1995.

Ысык-Көл. Нарын. Энциклопедия. – Бишкек - 1991.

Ысык-Көл ден соолуктун көлүү. –Фр.: 1973.


Ысык-Көл форуму. –Фр.:1987.

Ысык-Көл экологиялык-экономикалык системасын 2020-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү концепциясы. –Бишкек – 2009.

Ө.Ж.Осмонов, А.А.Асанканов. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). –Бишкек, 2003.

Ө.Ж.Осмонов. Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. Бишкек - 2003.

Ө.Ж.Осмонов. Тагай бий (Тарыхый очерк). Бишкек – 2004



МАЗМУНУ

Баш сөз 3
Указ Президиума Верховного Совета СССР
«Об образовании Фрунзенской, Иссык-Кульской,
Тянь-Шаньской, Джалал-абадской и Ошской области»
в составе Киргизской ССР. 6
Ысык-Көл областынын тарыхы 13
Облустун курамындагы райондор жана шаарлар
Ысык-Көл району 79
Жети-Өгүз району 82
Түп району 86
Тоң району 89
Ак-Суу району 92
Каракол шаары. 96
Чолпон-Ата шаары 101
Балыкчы шаары 104
Социалисттик эмгектин баатырлары 108
Өрөөндөн чыккан атактуу атуулдар 123
Ысык-Көл облусун жетектеп келген атуулдар 156
Соңку сөз 164

Каниметов Адылбек Гулжигитович – китептин автору.



Тарых илимдеринин кандидаты, доцент. КРнын Билим берүүсүнүн отличниги (1995). 1992-жылы КМУнун тарых факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1992-жылдан Т. Сатылганов атындагы областтык мектеп-лицейинде тарых мугалими, окуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 1995-жылдан Каракол шаарындагы №8 Кашка-Суу орто мектебинин директору.

2000-жылдан тартып К. Тыныстанов атындагы ЫМУда окутуучу, ага окутуучу, декандын окуу тарбия иштери боюнча орун басары, декан, кафедра жетекчиси. Илимий ишмердүүлүгүндө 20 дан ашык илимий макалалардын окуу методикалык колдонмолордун жана авторлор менен бирдикте "Дүйнө тарыхы 10-класс окуу куралынын автору болуп саналат. 2007-жылдан тарых жана аймак таануу факультетинин деканы. Азыркы учурда тарых кафедрасынын кафедра башчысы




Каниметов А.Г.

ЫСЫК-КӨЛ КЫРГЫЗ БЕРМЕТИ

Компьютерде калыпка салган:
Кайырбеков Шаймерген
Бөлтүрүков Нурлан

Басууга 18.09.2009-ж. кол коюлду. Офсеттик ыкма менен басылды.
Кагаздын форматы 60x84 1/16. 21,5 шарттуу б.т. Көлөмү 21,5 б.т.
Нускасы 1000. Заказ № 371.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек шаары, Жибек жолу пр., 466.



Ысык-Көл кээде жылмжырт, кээде толкун
Толкуса толкунуна тең ортокмун
Турмушта канча жолдош кутсам дагы
Бир сырдуу мындай жолдош кутпкон жокмун.

А. Осмонов